63.3Ки кырг
К21

# Кара-Суунун 100 атуулу









2

Ош-2007

63.3 (Ки) Кырг
К 21



**Райондун 70 жылдыгына арналат**

# КАРА-СУУНУН ЖҮЗ АТУУЛУ

*(2-китеп)*

**100 атуул**

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ №...470271.........

ИНФОРМАЦИОННО-КРАЕВЕДЧЕСКИЙ ОТДЕЛ

Ош-2007

УДК 82/821
ББК 84 Ки 7-4
И 52

Түзүүчү - редактор
Мамыр Иминжанов

И 52 "Кара-Суунун жүз атуулу".
Библиографиялык көркөм маалымат жыйнагы

"Кара-Суунун жүз атуулу" жыйнагынын чыгышына: КРнын Жогорку Кеңешинин депутаты Арап Төлөнов, Сарай айыл өкмөтүнүн төрагасы Аким Баатыр, Ош айыл чарба институтунун ректору Аматов Сайитбек Юсупович менен кызым Тазагүл демөөрчүлүк кылышты. Мындай колдоо көрсөткөндөргө терең ыраазычылык билдиремин!

*Түзүүчү редактор*

ISBN 9967-23-903-4

Кыргыз адабиятына, маданиятына жана өндүрүшүнө бараандуу салым кошкон инсандар башка райондорго салыштырмалуу Кара-Суу бир кыйла өзгөчөлүгү менен ооматтуу көрүнөт. Ошол өзгөчөлүктөрдүн каармандары да кайсы өңүттөн караба чыгаандыгы, зиректиги, эмгекчилдиги жана ибарат болгон адамкөйлүгү жагынан баарынан озуп тургандай. Ага ынаныш үчүн Жүз атуулдун ошончо өмүр-тагдырына сарасеп сала билиш керек. Окурмандын жооптуулугу ушунда.

Жыйнак "Кара-Суунун карлыгачтары" (I-китеп) сыяктуу бардык курактагы окурмандарга арналат.

И 4702300100-06
ISBN 9967-23-903-4

УДК 82/821
ББК 84 Ки 7-4

*© М. Иминжанов - Кыргызстан улуттук жазуучулар Союзунун Ош облустук бөлүмү*



## *ТҮЗҮҮЧҮ РЕДАКТОРДОН*

Атак айтууга жеңил, жетүүгө кыйын нерсе. Ошондон улам Кара-Суунун атактуу атуулдары жөнүндө сөз кыларда албетте айбыгат экенсиң. Анан, алптан жыгылганда арман болбойт дегендей, арзуумдан кайра тартпадым. Аз өмүрдүн баркын билиш үчүн көптү билиш керек экен. Жүз атуулдун өмүрү - жүз кыл ой-пикирге, ошончо кулк-мүнөзгө кабылтат бейм.

Жакшы инсан өз эрдигин жар салбайт. Бирок, жакшы киши боюн жашырса да, оюн жашырбайт тура. Жүз атуулдун өмүр баянын жыйнап-иргеп китеп кылып коюш текей тергендей эле иш дегендер деле жок эмес. Чынында "Паланчаев мынчанчы жылы төрөлүп, ушунча жыл эмгек этиптир" деп окшошкон өмүр-таржымалын жазып коюу жеңил көрүнөт. Тузу жок козукарындай кылып жөргөктөп койгон өмүр-таржымалдын кимге зарылчылыгы бар.

Адамды өткөн иши менен баалаба, өскөн иши менен баала дейт. Өмүр жолу өнөгөлөргө өрнөк болгон атуулдардын өзгөчөлөнгөн ички дүйнөсүн, көз карашын, башкалардын туюмдарын ойготкон жарандык жакшы кулк-мүнөзүн көркөм чагылтууга далалат кылдым. Албетте, менин бул аракетимди анчейин баалап, сүрөтү менен өмүр баянын жөндөп бере албай убара чектиргендерди - кыргызчылык деп койдум.

Улуу болуш үчүн, сулуу болуштун кереги жок. Анткени, көмүскөдөгү алтындан көрүнөөдөгү жез жакшы. Көрүнө турган алтындай инсандар кыргызчылыктын айынан китептен түшүп калбасын дедик. "Кара-Суунун сыймыктуу атуулдары" жөнүндөгү асыл кебибиз али алдыда деп, аны: "Тарыхтын жазыла элек барактарына" калтыра турууну эп көрдүк.

## КЫЛЫМГА ТЕТЕ ӨСҮШТӨН УЧКАЙ КЕП

"Адам болуш үчүн улуулардын жолун жолдоп, келечекке жол сала билиш керек"

***Г Лехтенберг-немец ойчулу***

Маданият! Бул сөздүн тармагы кең. Элдин, жердин, коомдун маданиятын түшүнүүгө болот. Кайсы өңүрүнөн алып караганда деле бүгүнкү күндөгү көп кырдуу маданиятты акыл таразасы менен өлчөөгө мүмкүн болсо таш жетпес эле. Мындай өнүккөн маданияттын башаты тээ кайсы жылдардан түптөлдү экен? Ал үчүн тарых барактарына үңүлүүгө туура келет.

"Жатканда жазалбай канатты,
Жаркырап Октябрь таңы атты.
Жүз жылдап туюкта түнөткөн,
Жабырлуу туманды таратты..."

Бул поэтикалык ыр саптарында ак сөз, нукура чындык катылган. Биз ага чындыкты өз жерибизден, өз шаарыбыздан издейличи.

Долон-Чек. Кара-Суунун түпкү аты. Улуу Октябрь Социалисттик революциясына чейин Кара-Суу шаарынын нугу да болбогон. Анын ордунда тикен баскан талаа жаткан. Ал талааны камгак, тикендүү долоно, чычырканак басып, жапайы ит-куш мекендеген. Ошол тикендүү долононун ичинде беш-алты жер там турган жерди Долон-Чек деп аташкан. 1898-жылы Долон-Чекке чейин темир жол келсе, 1909-жылдан Жалал-Абадды карай темир жол салына баштаган. Темир жол 1919-жылдарда араң бүткөн. Темир жолдун пайдаланууга берилиши Долон-Чектин өсүшүнө чоң таасир эткен. Өзгөчө Долон-Чек, башкача айтканда, азыркы Кара-Суу Совет өкмөтү орногондон кийин дүркүрөп өсө баштаган.

1926-жылы Долон-Чекте биринчи ишкана, пахта тазалоочу завод ишке түшкөн. 1925-жылы болсо машина трактор станциясы (МТС) курулат. Кийин Долон-Чекти жергиликтүү калк Кара-Суу деп атай баштайт. Акырындап ошол Кара-Суу жумушчу поселогуна айланат. 1961-жылы Кара-Суу Кыргыз ССР Жогорку Советинин жарлыгы менен райönго баш ийген шаар аталат. Азыр мында 50дөн ашык ар түрдүү өнөр





жай ишканалары, курулуш, транспорт уюмдары бар. Ал эми шаарда көп улуттуу 24 миңдей калк жашайт.

❖❖❖

1927-жылы жаңы замандын жарыя болгондугунун он жылдыгы болот. Убакыт өткөн сайын китеп окуучу, китепкана, кино деген сөздөр да элдин катмарына кеңири сиңе баштайт. Ушул жылдары Долон-Чекте бар болгону бир гана китепкана болгон. Болгондо да анын китеби 600гө араң жеткен. Бул көрсөткүч 1967-жылы район боюнча 21 айылдык, бир райондук жана бир балдар китепканасы болгон. Китеп фондусу 184332 даанага жеткен. Ал көрсөткүч бүгүнкү күндө мектеп китепканаларын кошпогондо бир кыйла ашкан. Китеп фондусу 336360тан ашып кеткен. Анда иштеген кадрлардын саны, адистик жагы теңдешсиз өскөн. Атүгүл өздүк китепканалары бар маданияттуу үй-бүлөлөрдүн саны да эсепсиз.

❖❖❖

Күн өткөн сайын элибиздин экономикасы чыңдалып, кылымдар бою эңсегендерибиз турмушка ашып жатат. Төгүнбү? Улуу эрдиксиз-улуу бакыт жок дегендей, кылымга тете басып өткөн жолубуз жергебиздин гана түрүн өзгөртпөстөн, элибиздин да кулк-мүнөздөрүн кайра төрөдү.

"Элүү жылда эл жаңы, жүз жылда жер жаңы" деген учкул ойлордун маанисин Совет адамынын кубаты өзгөртүп жиберди. Анткени, азыр жер да, эл да жүз жылга жетпей түп тамырынан башка болуп өсүп чыга келди. Айыл кыштактарыбыздын көркүнө көз таштап көрүңүздөрчү! Эгерде Савай, Сарай, Кашкар-Кыштак, Мады, Нариман, Отуз-Адыр, Жоош айыл өкмөттөрүнүн борборлорун аралап өтүп калсаңыз, айыл-кыштактардын шаар тибине кирип калганын өз көзүңүз менен көрүп кубанбай койбойсуз.

Биз эске салган эски Долон-Чекке акыл пештеп, көңүл таштаңызчы. Ошо биз сөз кылган жылдарга томуктай окшоштугун таппайсыз. Эгерде 1917-жылдагы Долон-Чектин ордуна азыркы Кара-Сууну көрүү мындан 90 жыл мурда жашаган кишини аң-таң калтырары турган кеп. Райондун панорамасына, бүгүнкү күндөгү ажарына назар таштасаң акылың айран калат.

"Жылдардын салган изин сүртүнөбүз,
Билинбей мезгилдерге бүркүлөбүз.
Өмүргө тойбой такыр кумарчыдай,
Сыры көп кызыктарга түртүлөбүз..."

***(К.Ташбаев)***

❖❖❖

Ырас, канаттуу күндөрүбүздүн ар бир сааты, ар бир күнү жана жылдары өзгөчөлөнгөн унутулгус окуялары, өсүштөрү, толгон албан ийгиликтери менен мезгилдерге сүртүлө берет тура.

Кара-Суунун медицинасын, киноустановкаларын, кадрдык өсүштөрдү, материалдык базаларынын чыңалышынын, элди тейлөөнүн ар тараптуу тамыр жайышы... Койчу кайсы бирин айтасың.

❖❖❖

Кара-Суу районунда 1-мектеп кайсы жерде болгон? Педагогикалык атайын билими бар, жергиликтүү алгачкы мугалим ким болгон? Биздин ал суроолорубузга жоопту көп жылдар мурда Култай Муратовдон алгандай болгонбуз. Ал киши Жоош айылынан Кашкар-Кыштакка эшек минип барып окуп жүргөндөрдүн бири болгон. Жамшит Карыбеков деген байдын үйүнө ачылган алгачкы мектепте (Муратов айткандай) алиппе менен бирден дептер, карандаш көтөрүп барып, скамейкада олтуруп окуп, жети жылдык билимге ээ болгондордун бири Култай аке эле. Ал киши Оштогу (1929-жылы Жалал-Абадка көчкөн) педтехникумга кирип окуган. 1930-жылы педтехникумдун экинчи бүтүрүүчүлөрүнүн катарында уядан учкандар Кара-Суудан Култай Муратов жана (кийин Ата Мекендик согушка кетип кайтпай калган) Таабалды Ахмедовдор болгон. Алар 1935-жылга чейин азыркы профессионалдык-техникалык окуу жайынын имаратында ачылган жумушчу жаштардын мектебинде (ШКМда) иштешкен.

Ошондой абалдагы Кара-Суу районунда азыр таптакыр башка көрүнүш. 2006-2007-окуу жылында райондогу 129 мектепте 76000ден ашык окуучулар билим алышат. Аларга билим берген мугалимдердин саны 4693. Анын 70-80 пайызы жогорку билимдүү. Элге билим берүү тармагындагы мындай зор отрядынын арасында бүгүнкү күндө жүздөгөн өз кесиптеринин алдыңкылары, эл агартуунун мыктылары, эмгек сиңирген инсандар иштеп жатышат.

Камкордук, илим-билим, маданият бардыгы элге. Туура. Бүгүнкү күндүн талабы-девизи да так ушундай. Анткени бардыгы эл үчүн жаратылып, эл үчүн кызмат кылууга тийиш. Элибиздин гумандуулугу, маданий руханий жагы канчалык бай, терең болсо - ошончолук ыймандуу, мекенибиздин кубаты ошончолук бекем болот. Аны Кара-Суунун көп улуттуу, биримдикти данакер тутушкан эли терең баалайт.





# КАРА-СУУНУН СЫЙМЫГЫН АШЫРГАНДАР:

### *Советтер Союзунун Баатырлары:*

Тешебаев Мамасали - Отуз-Адыр айыл өкмөтүнөн.
Жумабаев Ташмамат - Шарк айыл өкмөтүнөн.
"Даңк" орденинин (I, II, III даражадагы) толук кавалери
Парпиев Абдирашит - Шарк айыл өкмөтүнөн.

### *Социалисттик эмгектин эки жолку Баатыры*

Таширов Хайтахун - Савай айыл өкмөтүнөн.

### *Социалисттик эмгектин Баатырлары:*

Абдураимов Апсамат - Сарай айыл өкмөтүнөн.
Ажикулов Рыскул - Кашкар-Кыштак айыл өкмөтүнөн.
Алахунов Абдукадыр - Савай айыл өкмөтүнөн.
Гавсидинов Гиясидин - Савай айыл өкмөтүнөн.
Жумабаев Алахун - Савай айыл өкмөтүнөн.
Исаков Сра - Катта-Талдык айыл өкмөтүнөн.
Исмаилова Инахан - Савай айыл өкмөтүнөн.
Исмаилов Татен - Катта-Талдык айыл өкмөтүнөн.
Каримов Иманжан - Нариман айыл өкмөтүнөн.
Кочкорова Сарахан - Шарк айыл өкмөтүнөн.
Машрапова Тургун - Жоош айыл өкмөтүнөн.
Маматурдиев Ашурали - Савай айыл өкмөтүнөн.
Мисаитов Атажан - Нариман айыл өкмөтүнөн.
Мусаев Тешебай - Савай айыл өкмөтүнөн.
Нышанов Сабыржан - Савай айыл өкмөтүнүн.
Полотов Тойчу - Катта-Талдык айыл өкмөтүнөн.
Сулайманов Турсунали - Нариман айыл өкмөтүнөн.
Садыков Убайдулла - Шарк айыл өкмөтүнөн
Тургунов Жолдошбай - Савай айыл өкмөтүнөн.
Юнусов Топчубай - Кашкар-Кыштак айыл өкмөтүнөн.

### *Кыргыз Республикасынын Эл артисттери:*

Бекмуратова Салима, Жунусов Ибрагим,
Кудайбердиев Ташбек, Мойдунов Эрмек, Турапов Керим.

**Кыргыз Республикасынын Эл сүрөтчүлөрү:**

Айтиев Гапар, Жалиев Баатыр.

**Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаттары:**

Айтиев Гапар, Бекмуратова Салима, Мамытов Жолон, Мадазимов Болуш, Раев Султан Акимович, Турапов Керим.

**Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалимдери:**

Абдукеримова Калча, Абдукаримова Махира Умаровна, Бекенбаева Тажи, Каримова Тургунай, Мурзараимов Капар, Назарова Шырман, Полотова Паизкан, Пакалбаев Мамасали, Саттаров Хамид, Субач Диля Михайловна, Сулайманов Мырза, Суворова Тамара Ивановна, Шериев Жээналы.

**Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачтары:**

Кадырбеков Кушбак Кадырбекович, Кудаяров Дүйшөн Кудаярович, Жапиев Хамид, Исмаилова Салима.

**Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмерлери:**

Абдуллаев Адылжан, Жумаев Шабы, Касымов Мыйманбек, Мамазаирова Менди, Маматов Садык, Мияшев Таш, Турапов Сатыбалды.

**Кыргыз Республикасынын Айыл чарбасы менен өнөр жайына эмгек сиңирген кызматкерлери:**

Бахапова Санабар, Тажибаев Абиджан, Чыкыев Эргеш.

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары:**

Абдурасулов Инамжан, Абжалиев Алияр, Малабаев Муратбек, Төлөнов Арап.

**Кыргыз Республикасынын атайын жана ыйгарымдуу элчиси болгондор:**

Бакир уулу Турсунбай, Сыдыков Батырали.





**Кыргыз Республикасынын илимдер академиясынын академиги:**

Кудаяров Дүйшөн Кудаярович.

**Мүчө-корреспонденттери:**

Зурдинов Ашырали Зурдинович, Орозбеков Муктар.

**Ар кайсы илимдердин доктурлары:**

Кадырбеков Кушбак Кадырбекович, Алтыбаева Дилбар, Жолдубаев Ырысбай, Жаныбеков Жээнбек, Каримов Бакытбек, Кудаяров Дүйшөн Кудаярович, Орозбеков Муктар, Сулайманов Мырза, Сулайманов Шайырбек.

**Райондон чыккан биринчи министр:**

Раев Султан Акимович.

**Эмгек жана социалдык жактан коргоо министри:**

Абдуллаева Өктемкан Авазовна

**Райондон эң алгач Кыргызстан Борбордук комитетинин секретары болгон инсан:**

Жунусов Аман

**Министрлердин орун басарлары:**

Закиров Адам, Жолдубаев Ырысбай.

**Кыргыз Республикасынын башкы прокурорунун орун басары болгон:**

Абдугапаров Абибилла.

**Облуска губернатор болгондор:**

Жунусов Аман, Закиров Адам, Сыдыков Батырали.

**Түштүктө аялдардан обком партиянын секретары**
Бахапова Санавар

***Түштүктө аялдардан чыккан райкомдун биринчи секретары:***
Мырзакаримова Айкөкүл.

***Жогорку окуу жайлардын ректорлору:***

Аматов Сейитбек, Орозбеков Муктар, Сыдыков Батырали, Султанбеков Адылбек.

***Кыргыз Республикасынын улуттук жазуучулар союзунун мүчөлөрү:***
Абдукеримов Мамасали, Апышов Мамасали, Бостонкулов Турсунали, Жээнбеков Абдыжапар, Жусубалиев Элмурат, Иминжанов Мамыр, Куттубаев Темирбек, Кулуев Сабырали, Мамытов Жолон, Мамазаиров Меңди, Мияшев Таш, Раев Султан, Сулайманов Исраил, Сыдыков Акбар, Султанбаев Камалдин, Тиллебаев Садык, Тиллебаев Өмүрбек, Шериев Жээналы.

Карасуулук эл агартуунун отличниктери - 391
Саламаттык сактоонун отличниктери - 21







## Социалисттик эмгектин баатыры АБДУРАИМОВ Апсамат

Эмгектин, пахтачылыктын чыныгы Баатыры Апсамат Абдураимов 1931-жылы Киров атындагы колхоздун Тельман айылында төрөлгөн. Эң алгач эмгек жолун табилчиликтен баштап, 1947-жылы пахтачылык боюнча звеного башчылык кылат. Ал башкарган звено колхоздо жогорку көрсөткүчтөрдү жаратып өрнөк боло баштайт.

1961-жылы пахта өстүрүүчү комплекстүү механизациялаштырылган бригаданы башкаруу жоопкерчилиги жүктөлөт. Ал жетекчилик кылган бригаданын эмгек азаматтары 110 гектар аянттын ар гектарынан 33,1-34,5 центнерден "ак алтын" жыйнап алууга жетишип, түшүмдүүлүктү жылдан-жылга жогорулата беришет.

Эмгектеги мыкты көрсөткүчтөрдү жаратып, өңгөлөргө өрнөк болгон Апсамат Абдураимов 1966-жылы Социалисттик эмгектин Баатыры деген жогорку наамга татыктуу болот.

Ийгиликтерин иш менен бекемдей берген талаа командири андан кийинки эмгектери үчүн Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, "Ардак белгиси" ордендери жана бир канча медалдар менен сыйланган.

Эмгек менен эр жеткен чыныгы дыйкан, жер сырдашы Апсамат Абдураимов сексен жаштын секисине чукулдап калганына карабай, ата кесибин улаган уулдары Муса менен Кушбактын пахта талааларынан кабар албай, аларга кеп-кеңешин бербей жашай албоочудай. Дагы эле көкүрөгү талааны эңсеп, кайраттуу.



## Бүткүл союздук Турсунай Ахунова, Валентина Терешкова атындагы сыйлыктардын лауреаты АБДУРАИМОВА Лайли

Бала чагынан чыйрак өскөн Лайли Абдураимова 1960-жылы Мады айыл өкмөтүнө караштуу Кахраман айылында төрөлгөн. Бакытты эмгектен издеп, алысты көрө билген дилгир кыз 1977-жылы Фрунзе атындагы орто мектепти жакшы бүтүргөнү менен алыска барбай "Кара-Суу" совхозундагы кесиптик-техникалык окуу жайынын 8 айлык трактористтик курсунда окуган.

Ошол эле жылы Фрунзе атындагы колхоздо уюштурулган Ажар Абылова жетекчилик кылган "Байчечекей" бригадасына механизатор болуп келген.

Ал эми 1979-жылы болсо жаңыдан дагы бир "Гүлкайыр" аттуу жаштар бригадасы уюштурулуп, аны жетектөө жоопкерчилиги Лайли Абдураимовага жүктөлөт. Бригаданын ариеттүү жаштары алгачкы эле жылы топ бузуп, 50 гектар аянттын ар гектарынан 27 центнерден ак була жыйнап берүүгө жетишишет.

Уламдан-улам пахтанын түшүмдүүлүгүн арттырып жатышкан бригаданын башчысы Лайли Абдураимова 1980-1985-жылдары Кыргыз республикасынын Жогорку Кеңешине удаасы менен эки жолу депутат болуп шайланат. Анткени, бул жылдардын аралыгында бригаданын пахта аянты 146 гектарга жетип, ар гектардан алынган түшүмдүүлүк 37,8 центнерге жогорулаган.

Талаада талбай иштеп, бригадага билгичтик менен жетекчилик кылып, Скрябин атындагы айыл чарба институтуна 1986-жылдан сырттан окуп, 1991-жылы ийгиликтүү бүтүрөт.

Облустагы жаштар бригадаларынын ортосунда жайылтылган социалисттик мелдеште жеңип чыгып, 1979-жылы Бүткүл союздук В. Терешкова, 1980-жылы Турсунай Ахунова атындагы сыйлыктардын лауреаты болгон. Партиянын акыркы XXVII съездинин делегаты Лайли Абдураимова эмгектик ийгиликтери жөнүндө мындай дейт: " - Кахраман участкасынын башчысы Мырза Маматазизов, колхоз башкармасы Бектемир Азизов акылдуулук менен кеп-кеңештерин беришпесе, өмүрлүк жолдошум Каныбек менин демилгемди колдоп, желек-өбөк болбосо жогоркудай эмгектик ийгиликтерге жетише албайт элем"...







## Жазуучу, журналист, көрүнүктүү котормочу АБДУКАРИМОВ Мамасали

Кыргыз адабиятынын белгилүү адабиятчыларынын бири, жазуучу, журналист, көрүнүктүү котормочу Мамасали Абдукаримов 1910-жылы Жапалак айылында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Ата-энесинен эрте ажырагандыктан 1921-1924-жылдары балдар үйүндө тарбияланган. 1925-1930-жылдары Ташкенттеги агартуу институтунда, анан кыргыз педтехникумунда окуган.

1930-1933-жылдары Кызыл-Кыядагы шахтерлордун көп тираждуу газетасынын секретары, 1933-1943-жылдарда республикалык газеталарда, Ош обкомунда секретар болуп иштеген.

1947-жылдан "Кызыл Кыргызстан" газетасынын редакторунун орун басары, 1950-жылдан "Кыргызстан" басмасынын көркөм адабият бөлүмүнүн башчысы, кийин кайра "Кызыл Кыргызстан" газетасында үзүрлүү эмгектенген.

Согуштан кийин котормочулукка баш-оту менен кирип, И.С. Тургеновдун, А.П. Чеховдун, А.М. Горькийдин, М. Шолоховдун, М. Бубенновдун жана башка классиктердин чыгармаларын кыргыз окурмандарына жеткирген.

Өмүрүнүн акыркы жылдарында жазган эки китептен турган "Жашагым келет" деген романы кыргыз адабиятындагы зор бараандуу чыгармалардан болуп калды. Ошондой эле Мамасали Абдукаримов 4-10-класстардагы мектеп окуучулары үчүн окуу китептерин да жазып берген.

1950-жылдан СССР жазуучулар жана журналисттер союзунун мүчөсү.

Көп жылдык коомдук жана чыгармачылык иштери үчүн I даражадагы "Ата Мекендик согуш", "Ардак белгиси" ордендери, "Эмгектеги артыкчылыгы үчүн" медалы жана Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланган.



## ОшМУнун доценти, химия илимдеринин кандидаты, эл агартуунун мыктысы (отличниги) АБДУЛЛАЕВА Майрам ДУКУЕВНА

Илимий иштердеги идиректүү кыз-келиндердин бири Майрам Абдуллаева 1959-жылы Кызыл-Ордо айылында кызматчынын үй бүлөсүндө төрөлгөн. Айылынан орто билим алган соң 1980-жылы Фрунзе шаарындагы Педагогикалык институтун артыкчылык диплом менен аяктап, алгачкы эмгек жолун Ош пединститутунан баштаган.

1983-1985-жылдары Москва шаарындагы М.В. Ломоносов атындагы Мамлекеттик Университетинде илимий стажировкадан өткөн. Андан соң Аспирантурага тапшырып, 1988-жылы В.И. Ленин атындагы Москва Мамлекеттик педуниверситетинде кандидаттык диссертациясын жактаган.

Азыркы учурда Майрам Абдуллаева ОшМУнун "Биотехнология жана тоо проблемалары" илимий изилдөөлөр институтунун алдында ачылган "Төмөнкү температуралык жылуулук ташыгычтар" илимий лабораториясынын башчысы жана илимий теманын жетекчиси катары Экологиялык жактан коркунучсуз төмөнкү температуралык жылуулук ташыгычтарды иштеп чыгуунун үстүндө илим изилдөө иштерин жүргүзүүдө.

Бул илимий лабораторияда иштелип чыккан уулуу эмес, коррозиялык жактан активсиз, эң жакшы теплофизикалык касиеттерге ээ болгон жылуулук ташыгычтар азыркы убакта "Асол-К", "Экофрост" деген сатык аттар менен Россия федерациясынын, Швецариянын өндүрүшүндө чыгарылып, күн энергиясын пайда-лануучу системаларда, үйлөрдүн, пассажирдик вагондордун жылы-туучу системаларында, нефти бургулоочу жабдууларда, тамак-аш өнөр жайынын муздатуучу системаларында колдонулуп жатат.

Кыргыз Республикасынын илим жана билим берүү Министерствосунун приоритеттүү багыттагы илим изилдөөлөр боюнча конкурстарынын Майрам Абдуллаева бир нече мертебе жеңүүчүсү. 50 илимий эмгектин, 5 ойлоп табуунун автору. Илимий докладдар менен Москва, Санкт-Петербург, Иркутск, Омск, Липецк, Ташкент, Бишкек, Душанбе ж.б. шаарларда өткөн эл аралык жана регионалдык конференцияларга үзгүлтүксүз катышып келет.







## Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими АБДУКАРИМОВА Махира Умаровна

Оо, анда секелек кыз эле. Окуткан эжеке агайларын карап туруп: "Мен да ушундай мугалим болсом" деп эңсей берчү Махира Абдукаримова 1951-жылы 17-сентябрда Нариман айылында төрөлгөн. Ошо айылындагы XXII партсьезд атындагы мектебин ийгиликтүү аяктаган.

Секелек кезиндеги эңсеген мугалимдик кесибине ээ болуш үчүн Андижан шаарындагы Мамлекеттик педагогикалык институтунун физика-математика факультетине кирүү экзаменин артыкчылык балл менен тапшырып окуп калат. Албетте, орто мектепте эң мыкты окуган окуучу жогорку окуу жайында да алдыңкы студенттердин катарында болду.

1972-жылы пединститутту бүтүрүп, түз эле айылындагы өзү окуган XXII партсьезд мектебине физика-математика мугалими болуп келет. Ушул мектепте 1972-1981-жылга чейин катардагы мугалим болуп тогуз жыл чын дили менен кесибин жандай сүйүп иштеди. Иштегенде да физика-математика сабагын окутууда педагогикалык алдыңкы ыкмаларды колдонуп, чыгармачылык менен иштегендиктен, мугалимдер жамаатында алдыңкылардын катарында атала баштаган. А түгүл иш билги, уюштургуч, изденгич чыгармачылык кадр экендигин көрсөтө алган.

Иш билги, уюштургуч, мыкты кадр көзгө түшпөй коймок беле. 1981-жылы XXII партсьезд (азыркы Чолпон) атындагы орто мектепке директор болуп дайындалат. Нористе кезинен мугалимдикти сүйгөн Махира Умаровна ошол мектепте директор болуп 13 жыл эффективдүү иштеп райондогу алдыңкылардын сабына теңелген.

Кайсыл жерде болбосун иштин көзүн көрө билген жигердүү уюштургуч инсандын иши алга кетпей койбойт. 1994-жылы Ош облустук

элге билим берүү бөлүмүнүн башчысынын орун басары болуп келгенден бери деле мурдагыдай чыгармачылык, жаңы демилге-күч менен иштеп жаткан Махира Умаровнанын кадыр-баркы мурдагыдан да ашкан. Анткени, областа билим берүү деңгээлин көтөрүү үчүн, окутуу системасын реформалоодо талбастан, жаңычыл, изденгич кадрлардан экенин көрсөтүүдө.

Ошондуктан ушул кызматка келген 13 жылдан бери облустук билим берүү жана жаштар саясаты башкармалыгынын орун басары катары мектептерде, өзгөчө өзбек тилинде окутулган мугалимдер коллективдеринин ишине бир топ саамалыктарды киргизип, облустук мугалимдердин билимин өркүндөтүүчү институттун ролун арттырып, иштиктүү аракеттерди жасоодо.

Мындай демилгечи-уюштургуч Абдукаримова Махира Умаровнанын эмгеги учурунда бааланып, 1983-жылы "Эл агартуунун отличниги", 1993-жылы "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими" деген сыймыктуу наамдарга татыктуу болгон. Эл агартуу майданындагы иш тажрыйбалары жылдан-жылга артып жаткандыктан жүргүзгөн иштеринин эффективдүүлүгү да ошончолук артууда. Албетте, аракетчил-изденгич инсанды ийгилик өзү издеп келет деген чындыгы бар.







## И.В. Сталинден кат алган, кызыл армиядан бата алган АТАБАЕВ Жолдош

*"Күн чыгыштагы Алдиер тоосун көздөй стволун кезеп, бийик секиде айбаттуу турган танкабыз да биздин элдин өзгөчө сыймыгы. Кызыгып сурагандарга кары-жашы дебей "Бул Жолдоштун танкасы" деп жооп беришет.*

*Биздин ата-бабаларыбыз элден акча жыйнап, ушул танкты жасатып алып, согушка барышкан. Немецтерди талкалагандан кийин, талаага таштасак жок болуп кетпесин, кантсе да өз акчабызга жасаттык эле деп айдай келишиптир" деп шумдангандар да жок эмес…"*

***"Кыргыз Туусу" 9-май 2006-жыл"***

Бул газетанын Кызыл-Суулук кызматкери Аскар Насирдиновдун Жеңиш күнүнө арналган макаласынан бир үзүм эле. Ушул каарманыбыз Атабаев Жолдош азыркы Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн Долоно кыштагында 1898-жылы төрөлгөн.

Келечектин керегине жарайм десең, өз дооруңдун өртү бол деп ырас айткан экен. Атабаев Жолдош жашынан кыйындыкты көп көрүп, турмуштун таштак жолунда далай ташыркаган. Бирок кыйындык аны чүнчүтпөй, кайра курчуткан. Ташка жыртылган таман бычактан коркпойт тура. Совет бийлиги орноп, коллективдештирүү жылдарында жигит өзгөчө патриоттуулугун көрсөтүп, элдин уулу экендигин айгинелеп койгон. Жакшы инсан жылдыз сыяктуу болот экен. Бир кишинин демилгеси миң кишиге дем берип, Жаңы-Жол колхозу 1935-1940-жылдары райондогу алдыңкы чарбалардан болуп чыга келди. Колхоздун уюштургуч, иштерман башкармасы Атабаев Жолдош Улуу Ата Мекендик согуш башталган жылдары 42-43 жаштардагы, акыл-күчкө толгон убагы эле.

"Ой-санаасы чоң киши - ошол акыр чоң киши" деген накыл кеп чын белем, кандуу жылдарда элди патриоттуулукка үндөп: 350-танк колоннасынын курулушу үчүн элден 228000 сом акча топтоп, мамлекеттик банкка төккөндүгү жөнүндөгү документтин дүмүр-чөктөрү алигиче сакталуу.

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА ИНВ №...470271.....



ИНФОРМАЦИОННО-КРАЕВЕДЧЕСКИЙ ОТДЕЛ

"Колхозчу, жолдош Атабаев Жолдошко.

Жолдош Атабаев Кызыл Армиянын бронетанкалык күчтөрү жөнүндө камкордугуңуз үчүн менин саламымды жана Кызыл Армиянын алкышын кабыл алыңыз  И. Сталин".

И. Сталиндин ыраазылык каты Кызыл-Суу айылдык Кеңештин төрагасы болуп иштеп калган Атабаев Жолдошко зор дем-күч берип, шык жаратты. 1944-жылы 9-июнунда "Колхозчу Атабаев Жолдоштон самолет куруу үчүн 37500 сом кабыл алынсын" деп мамлекеттик банкка дагы акча төккөн. Демек, Кызыл-Суу айылынын кужүрмөн калкы танк эле эмес, самолуттун курулушуна да өз салымдарын кошушкан экен.

1990-жылы Улуу Ата Мекендик согуштун 45 жылдыгына карата Атабаевдин демилгеси менен Кызыл-Суулуктардын акчасына бүткөн танканы СССРдин коргоо Министри Язовдун буйругу менен алынып келинип, айылдын так ортосуна орнотулган.

Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасынан башка бир канча өкмөттүк сыйлыктарга арзыган Атабаев Жолдоштун сыймыктуу эмгек жолун уул-кыздары татыктуу улап жатканын баса айтууга арзыйт. Эң чоң уулу Жолдошов Кармышак милициянын полковниги, ИИМде бөлүмдүн начальниги, Жолдошов Абдисатары Эл агартуунун отличниги, белдүү ишкер.

Үмүт-үзүктү жырткан күн нурундай экен. Анткени, Атабаев балдарынан эмнелерди гана үмүт этпеген. Акылдуу-наркtуу сүйлөйт эмеспи. Балдарына: "Көлдөй толкуш үчүн - деңиздей терең болуш керек"- деп көп айтчу. Балдарынын адамгерчилиги, тереңдиги атасы үмүттөнгөндөй эле десек аша кетпейбиз. Адамдын жакшысы алкышты жалпыдан угат тура. Ошондуктан алар "бүтүп аткан ишинен, күтүп аткан иши көптөй" дагы эле белсенип турушкансыйт. Албетте, белсенген адам бел ашары бештен белгилүү эмеспи.







## Педагогикалык илимдердин кандидаты, эл агартуунун отличниги Ош айыл чарба институтунун ректору АМАТОВ Сейитбек Юсупович

Канчалык бийиктесең, ошончолук алысты көрөсүң дейт экен. Ал деген билим-илим бийиктиги. Ал эми андай бийиктикке чыгуу үчүн "билим - талыбагандыкы, илим наалыбагандыкы" экенине терең түшүнгөн Сейитбек Аматов 1955-жылы 2-ноябрда Сарай айылында төрөлгөн. Айылынан орто мектепти аяктаган соң Сейитбек айрым балдардай делгирип чоң шаарларды эңсеген жок. А дегенде Киров атындагы колхоздо калып өндүрүштө иштеди. Турмуштун агымына акыл калчады.

1973-жылы Ош педагогикалык институтунун химия-биология факультетине кирип окуй баштайт. Аталган жогорку окуу жайын 1978-жылы ийгиликтүү бүтүрүп, эмгек жолун Кара-Суу шаарындагы мектеп-интернатта, Киров атындагы орто мектептерде уланткан.

Билим бийиктигин эңсеген Сейитбек Юсупович Скрябин атындагы айыл чарба институтуна экзамен тапшырып кирип, агрономиялык адистикке сырттан окуй баштайт. Адамды алып учар канаты-анын далалаты эмеспи. Анын талбаган далалаты 1989-жылы жогорку билимдүү агрономдукка жеткирди. Oорду жеңбей, жеңиш кайдан болсун. Иштеп да, окуп да атты. 1980-1985-жылдары комсомолдук, партиялык кызматтардын таразасына түштү. 1985-жылдан райондук агроөнөр жай бирикмесинин төрагасынын биринчи орун басары, 1986-1991-жылдары Ош совхоз техникумунун директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары болуп иштеген.

Айткан сөздүн эки болушу, абийирдин чеки болушу деген кеп бар экен. Сейитбек Юсупович сөзүнө бек, ишине тың болгондуктан 1991-жылдан бер жакка айыл чарба техникумунун директору, 2004-жылдан айыл чарба институтунун ректору. Жайкалган дарактын өскөнү билинбейт тура. Бул жылдардын ичинде билим журтунун ишин илгери сүрөп, материалдык-техникалык базасын чыңдады. Айыл чарба кадрларын сапаттуу чыгарууга жасаган аракеттери да натыйжалуу боло берди.

1994-жылы Москвадагы В.И. Ленин атындагы педагогикалык Университеттин аспирантурасын аяктоо менен кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү жактоого жетишкен. Ушул тапта докторлук илимий ишинин үстүндө талбай аракеттенүүдө.

Айыл чарба институту жөнүндө сөз кылганда бул окуу жайдын базасында мындан 20 жыл мурда 1986-жылы уюштурулган футболдук команда жөнүндө өзүнчө токтолууга туура келет. Анткени, мындан 20 жыл мурда Аматов Сейитбектин демилгеси менен негизделген футболдук команда бүгүнкү күндө республикадагы бирден-бир күчтүү отряд болуп турган кези. Бул "Жаштык - Ак алтын" футболдук команда 20 жылдан бер жакка республикадагы жогорку лигадагы командалар менен ат салышып, бир топ ийгиликтерди жаратып келүүдө.

20 жыл. Ушунча жыл футболдук команданы финансы жагынан камсыз кылып, кармап турuунун өзүн эсеп-кысап кылып көрүңүздөрчү. Жакшы шарт жарым жеңиш дейт. Ошондуктан 1996-жылдан жогорку лигадагы командалар менен ойноого путевка алган "Жаштык-Ак алтын" командасы андан бери жыл сайын призовой орундарды ээлеп келишет. 1999-2000-жылкы сезондо коло медал, 2001-2002-жылы күмүш, 2003-жылы Кыргызстандагы футболдук командалар ичинде чемпиондукту жеңип алган. 2004-2005-жылдары коло медалды жеңип алган "Жаштык..." командасынын клубу республика үчүн мыкты футболисттерди даярдай турган мектеп да болуп баратат.

Жогорку окуу жайындагы ар тараптуу окутуу-тарбиялоо иштеринин жакшы болушу албетте ал жердеги педагогикалык жамааттын бирдиктүү аракетинин, мыкты жетекчиликтин жемиши деп түшүнгөнүбүз оң. Ошондуктан Аматов Сейитбек Юсупович Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен эки жолу, "Манас-1000", "Ош-3000" медалдары менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын "Эл агартуусунун отличниги" Сейитбек Юсупович эр ортонунан эми өттү. Али иштегенинен иштей тургандары алдыда. Анткени, ал алыс ойлогон жигит. Ал эми алыс ойлогон адам калыс ойлойт...







## Айтылуу жеңилбес Барпы Апыз менен айтышкан "Бала ырчы", эл агартуунун отличниги Сыдык АЛАЙЧИЕВ

Дээринен зирек, желкелеген жетим-диктин запкысына моюн бербеген жашынан эле "Бала ырчы" атанган Сыдык Алайчиев 1894-жылы Ош районунун Кыргыз-Чек айылында төрөлгөн.

Томолой жетим Сыдык жаш күнүнөн турмуштун кыйындыктарынан чыйралып, аны көкүрөктөн элге төгүп ырдап жетиле берет.

Курбанбайдын тоюнда тартынбай элди курсант кылган 15-16 жаштагы Сыдыкты көргөн ошол учурдун кыйын ырчыларынын бири Ботобай шакирттикке алып кетет. Ал кишиден таалим-тарбия алып жүрүп жетиле берет.

Ташмат ырчы, Ботобайдын өзү жана Барпы өңдүү далай айтылуу акындар менен беттешкен.

Ботобай ырчы менен 21 жыл ырдашып жүргөнүн эскерет.

"Бала ырчы" Сыдык айтыштан тышкары терме-насыят, ошол мезгилдин темасындагы терме ырларын да чыгарган.

1927-жылы Оштогу мугалимдик курсту бүтүп келип, мектепте иштей баштаган. Мугалимдик кесипте да 1953-жылга чейин астейдил изденип, талбай эмгектенген.

Түштүктө биринчилерден болуп "Ардак белгиси" ордени менен сыйланып, Эл агартуунун мыктысы (отличниги) болгон.

Мындай белгилүү инсандын чыгармаларын жыйнап 1981-жылы чакан бир китепчесин чыгарган. Экинчи китеби басмага тапшырылган боюнча бут тосуулар болуп чыкпай калган.



## Социалисттик эмгектин Баатыры АЛАХУНОВ Абдыкадыр

Абдыкадыр Алахунов 1902-жылы Дыйкан-Кыштак айылында төрөлгөн. Ошол эле кезде мектептен жакшы билим алгандыктан 1918-жылдан эле эмгек чыйырын ийгиликтүү баштаган.

1922-жылдан 1929-жылга чейин райком комсомолдун секретары, андан кийинки жылдарда райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, райондук финансы бөлүмүнүн башчысы ж.б. бир катар кызматтарда иштеген.

1949-жылы "Кызыл-Шарк" колхозуна мүчө болуп келет.

1950-жылдан пахтачылык звеносуна башчылык кылып, шымаланып кол эмгегине киришип кетет. Ошол жылы Алахуновдун звеносуна бекитилген 6 гектар аянттын гектарынан 72,85 центнерден ак була жыйноого жетишилген.

Мындай адал эмгек өкмөт тарабынан албетте өз баасын алып, 1951-жылы 20-мартта СССР Жогорку Советинин Указы менен Абдыкадыр Алахунов "Социалисттик эмгектин Баатыры" деген жогорку наамга татыктуу болуп, Ленин ордени, "Орок жана балка" алтын медалы менен сыйланган.

Ушундай өкмөттүк сыйлыктар ал кишини мурдагыдан да жигердүү иштөөгө шыктандырган.







## Химия илимдеринин доктору, профессор АЛТЫБАЕВА Дилбар Тойчиевна

Эл агартуунун көрүнүктүү инсандары-нын бири Дилбар Алтыбаева 1947-жылы Шарк айыл өкмөтүнө караштуу Маданият айылында кызматкерлердин үй-бүлөсүн-дө төрөлгөн.

Орто мектептен кийин 1970-жылы Ош Мамлекеттик педагогикалык институттун биология факультетин артыкчылык диплом менен бүтүргөн.

Эмгек жолун ошол эле 1970-жылы ОГПИнин зоология-биология факультетинде катардагы окутуучулуктан баштаган. География факультетинин деканынын орун басары, кийин деканы болуп иштейт.

ОшМУнун Европанын жогорку окуу жайлары менен байланыштарын түзүп, эл аралык кадыр-баркын жогорулатууда Дилбар Алтыбаева эң мыкты лектор экендиги бааланган. Кыргызстандын экономикасын көтөрүүдө химия илиминин ролу жөнүндө илимий изилдөө иштерин натыйжалуу жүргүзүп келаткан белдүү окумуштуулардан болуп эсептелет.

Алтыбаева Дилбар 2 монографиялык жыйнактын, 2 жаңы ачылыштын, 70тей илимий эмгектердин, эки методикалык окуу китебинин автору.

ОшМУда Органикалык химия жана химиянын технологиясы факультетинин башчысы Дилбар Алтыбаева - өзүн тажрыйбалуу педагог, мыкты уюштургуч жетекчи, ишин эң жакшы билген адис экендигин көрсөтө алган.

Ош облусундагы аялдар кыймылынын лидери, "Кыргызстан аялдары" аттуу саясий партиясынын төрайымы.

Дилбар Алтыбаева 2003-жылы "Органикалык эмес химия (неорганический химия) боюнча докторлук диссертациясын ийгиликтүү коргогон ОшМУнун көрүнүктүү профессору.



## Медицина илимдеринин кандидаты, эң жогорку категория-дагы врач-стомотолог, доцент АРСТАНБЕКОВ Маматжан Арстанбекович

Жашынан медицина илимине ынты-зар болгон Маматжан Арстанбеков 1947-жылы 25-майда Жаңы-Арык айылында төрөлгөн.

Орто мектептен кийин 1969-жылы Мединституттун тиш догдурлук факультетине кирип окуган. Бул кесипти өзгөчө сүйгөндүктөн 1974-жылы жогорку окуу жайын эң мыкты баалар менен аяктаган. Окуу жайынан кийин 1974- 1978-жылдары Фрунзе шаарындагы № 3-поликлиникада тиш догдурлук кесиби боюнча иштеген.

1978-1980-жылдары Кыргыз Мамлекеттик медициналык институтунун академиясында өзү сүйгөн адистиги боюнча билимин өркүндөтүп, 1980-жылы Москва шаарындагы Семашко атындагы Медициналык институтунун ортопедиялык тиш кафедрасынан илимий ишин ийгиликтүү изилдеп, өнүктүрүп, кандидаттык диссертациясын жактаган.

1980-2001-жылдары Ош Мамлекеттик Университетинин Медициналык институтунун "Стоматология кафедрасынын башчысы, 2005-жылдан Стоматологиялык факультетинин деканы болуп иштеген.

2006-жылдан ОшМУнун медициналык институтунун директору-нун милдетин аткарып келүүдө.







## Социалисттик эмгектин Баатыры АЖЫКУЛОВ Рыскул

Пахтачылыктын баба дыйканы Ажыкулов Рыскул 1898-жылы (мурдагы Мөнөк) XVIII партсоезд айылында төрөлгөн.

Жашынан талаага чыгып, дыйкан-чылык менен аралашып өнүп-өскөн инсан бригадирликке да эрте келген. Ал 1931-жылы Карл Маркс атындагы колхоздо бригадир болот.

Ал жетекчилик кылган бригаданын пахтакерлери 1964-жылы 130 гектар аянттын ар гектарынан 35,78 центрнерден "ак алтын" өстүрүп, коромжусуз жыйнап беришкен.

1965-жылы болсо 123 гектарга пахта эгишип, дагы эле мурдагыдай жогорку түшүм өстүрө алышкан.

1966-жылы пахтачылыкта жараткан эмгектик жогорку көрсөткүчтөрү үчүн СССР Жогорку Советинин буйругу менен "Социалисттик Эмгектин Баатыры" деген жогорку наам берилип, көкүрөккө "Орок жана Балка" алтын медалын тагынат.

Кийинки жылдардагы ак эмгектери үчүн Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордендери жана бир канча медалдар менен сыйланган.



## Физика-математика илимдеринин кандидаты, Эл агартуунун мыктысы (отличниги), доцент АСАНОВ Авазбек Раимжанович

Илимдеги дифференциалдык сыяктуу татаал тармагы боюнча келечектүү адис Авазбек Асанов 1953-жылы 13-августа Карасөгөт айылында төрөлгөн. Айылынан орто мектепти аяктап, Ош педагогикалык институтунун физика-математика факультетине экзамен тапшырып, окуп калат. Жогорку окуу жайын ийгиликтүү аяктаган Авазбек Раимжанович эмгек жолун 1973-жылы мектепте катардагы мугалимдиктен баштаган.

1978-жылы өзү бүтүргөн ОГПИге ишке чакырылып, эң алгач окутуучу, анан ага окутуучу, көп иштебей декандын орун басары болуп, улам-дан-улам өз кесиби боюнча өрлөй берет.

1988-1991-жылдары Кыргыз Республикасынын Илимдер Академиясынын Математика институтунун аспиранттык жылдарында физика-математика илимдери боюнча кандидаттык илимий даражасын мыкты жактаган Авазбек Асанов ОГПИге ага окутуучу болуп кайра келет.

1993-жылы өз ишин жеткилең өздөштүргөн, коомдук иштерде активдүү уюштургучтугу көрүнгөн адис Ош Мамлекеттик Университетинин теология факультетине декандыкка дайындалган.

Ал эми 1998 - 2001-жылдары ОшМунун илимий иштер жана сырткы байланыштар боюнча проректор болуп иштеген. 2003 - 2005- жылдары илимдин татаал бутагы болгон теология боюнча билим бере турган факультетке кайрадан декан болуп келген.

2005-жылдан ОшМУнун сырттан окуу боюнча проректорлук вазипасын (милдетти) зор жоопкерчилик менен аткарып келүүдө.

Кыргыз Республикасынын Эл агартуусунун мыктысы (2001-ж), Ош шаардык Кеңешинин депутаты (2003-ж) Авазбек Раимжанович 1993-жылдан бери Университеттеги 7 эл аралык билим берүүчү проектерди билгичтик менен жетектеп келүүдө.

Туркия, Германия, Пакистан, Россия, Казакстан мамлекеттеринде уюштурулган илимий, усулдук жана башка иш чараларга активдүү катышып, дифференциалдык теңдемелер, тескери маселелер, окутуунун усилияты багытындагы жана республикадагы диний проблемаларга арналган илимий жактан чыгармачылык менен изилденип жазылган методикалык бир топ эмгектердин автору.







## Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, Кыргыз Республикасынын Эл сүрөтчүсү АЙТИЕВ Гапар

Кыргыздын тунгуч сүрөтчүсү Гапар Айтиев 1912-жылы 15-сентябрда Төлөй-көл айылында төрөлгөн. Фрунзедеги педтехникумунун коомдук тарых бөлүмүн 1932-жылы бүтүргөн. Сүрөтчүлүк өнөрү боюнча атайын билимди Москвадагы "1905-жылдын эстелиги" сүрөт окуу жайында Н.П. Крымов менен П. Петровичевден сабак алган.

Ал 1934-жылы Фрунзеде ачылган 1-республикалык сүрөт көргөзмөсүнө "Атанын портрети", "Колхоз катчысы Имангазы", "Түштүк кызы" деген портреттери менен үйрөнчүк сүрөтчү катары катышкан.

1934-1940-жылдары "Колхозчулардын демалышы", "Физкуль-турниктер", "Байдагы батрак", "Көлдөгү кайык", "Боз үйлөр" өңдүү ондогон көркөм полотнолорду жаратууга жетишкен.

Ал эми Гапар Айтиев үчүн 1943-1960-жылдар өзгөчө бурулуш - жемиштүү жылдардан болду. "Фронттон кат", "Жумгал өрөөнү", "Жалтылдаган көл", "Жайлоодогу чак түш", "Тоодогу кеч", "Кыштак четинде" деген чыгармалары сүрөтчүнүн көркөм дүйнөсүнүн, чыгармачылыгынын өскөндүгүн айгинелеп койду.

Ар тараптан тематикасын кеңейтип, жанрдык жактан жөндөмүн ашыргандыктан Гапар Айтиев портрет тартабы, пейзажбы, чыгармаларында терең ой, күчтүү көркөмдүккө ширелген.

Айтиев монументтик искусстводо да айтарлык ийгиликтерди жарата алган. 1951 - 1954-жылдары кыргыз опера жана балет театрынын имаратын жасалгалоодо, Нарын шаарындагы революционер Жукеев-Пудовкинге, Фрунзедеги кыргыздын улуу демократ акыны Токтогул Сатылгановго коюлган эстеликтерде анын чеберчилиги дана көрүнүп турат.

Чебер кыл калемдин эмгектерин чагылткан көргөзмөлөрүн, союздук республикалардын шаарларындагы музейлерде илинген көркөм полотнолорун санап чыгуу кыйынга турат.

Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун мүчөсү, Жогорку Советтин 2-9 шайланыштарына такай депутат болгон. 1969-жылдан Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгы комиссиясынын төрагасы. Ленин, Октябрь революциясы, эки Эмгек Кызыл Туу, "Ардак белгиси" ордендери, бир нече медалдар менен сыйланган.



## Кыргыз Республикасынын биринчи акыйкатчысы, КРнын атайын жана ыйгарымдуу элчиси, экинчи класстагы мамлекеттик кеңешчи БАКИР уулу Турсунбай

1958-жылдын 17-мартында Кара Суу шаарында төрөлүп, шаардык адеп менен шатыра-шатман өскөн Турсунбай Бакир уулу үй-бүлөнүн таалим-тарбиясыбы, окумал жаштардан болуп өстү. Орто мектепти мыкты бүтүргөнү менен ошол кездеги учурдун талабына жараша эң оболу эмгек жолун өндүрүштө калып иштөөдөн баштады.

1975-жылы Ошстрой трестинин №3-СМУсунда жумушчу, кийин Фрунзе ДСК-2де формовщик, Ярославскийдеги НИТИ өндүрүштүк тажрыйба - эксперименталдык ишканасында мастер болуп иштеп, бир топ турмуштун элегинен өтөт.

Кыргыз Мамлекеттик Университетинин тарых жана коом таануу факльтетин аяктап, 1984-жылдан ОшМуда 3 жыл мугалим болуп иштеген соң, Т. Г. Шевченко атындагы Киев Мамлекеттик Университетинин аспирантурасынын философия факультетине кирип окуп, аны 1990-жылы кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргоо менен бүтүрүп чыгат.

1991-жылдан кайра ОшМУда ага окутуучу болуп эмгек жолун улайт.

1995-жылы Отуз-Адыр шайлоо округунан Турсунбай Бакир уулу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин мыйзам чыгаруу палатасына депутаттыкка шайланган. Шайлоочулардын муктаждык-наказдарын аткарып, зор эл ишенимине ээ болгон Турсунбай Бакир уулу 2000-жылы Кара-Суу шайлоо округунан Жогорку Кеңешке кайра депутаттыкка шайланган.

1996-1998-жылдарда СНГ Мамлекеттеринин парламенттер аралык сырткы саясаттар боюнча комитетинин төрагасынын орун басары, ошондой эле ошол жылдардан "Ата Түрк балдары" коомунун жетекчилеринен болуп коомдук иштерге активдүү катыша баштайт. Саясий





коомдук ишмердүүлүгү "Рух" деген демократиялык кыймылды жетектөөдөн башталган. Кийин "Эркин Кыргызстан" демократиялык партиясынын облустук бөлүмүнүн төрагасы болуп, өзүнүн мыкты саясатчы, чыныгы жигердүү патриот экендигин көрсөтө алган. Ошондуктан Турсунбай Бакир уулу 2005-жылы Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкерлигин тартынбай кое алган.

Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган Турсунбай Бакир уулу "Манас-1000", "Ош - 3000", "Кыргыз Республикасынын Конституциясын талкуулап, кабыл алынышына активдүү катышкандыгы үчүн", "Эгемендүү Украинанын 10 жылдыгы", "Советтик жоокерлерди Афганистандан алып чыккандыгынын 15 жылдыгы" деген бир катар сыймыктуу медалдардын ээси.

1998-жылдан Кыргыз Республикасынын Атайын жана ыйгарымдуу элчиси. 2001-жылдан 2-класстагы Мамлекеттик кеңешчи. Ал эми 2002-жылдан Кыргыз Республикасынын Биринчи Акыйкатчысы.

Үй-бүлөлүү, 5 баланын атасы, 1999-жылы мусулманчылыктын беш парзынын бири Меккеге барып Ажы болуп келген сыймыктуу инсандарыбыздын бири.



## "Жылдын мыкты адамы" аталган Сарай айыл өкмөтүнүн башчысы АКИМ Баатыр

Элинин ынтымагын, достугун жана тынчтыгын чоң байлык деп эсептеген Аким Баатыр - ушул Сарай айыл өкмөтүндө 1957-жылы 29-сентябрда төрөлгөн. Киров атындагы орто мектепти бүтөрү менен эмгек жолун Кара Суу керек-жарак коомунда сатуучу болуп иштөөдөн баштаган. Бирок бул кесибин тереңирээк билиш үчүн 1975 - 1976-жылдары Жалал-Абад шаарындагы соода техникумунда окуду.

Мезгилдин талабына жеткилең түшүнүп бараткан Аким Салиевич жогорку билим алыш үчүн 1988-жылы Кыргыз Мамлекеттик Университетин бүтөөр жылы июль айында Америка Кошмо штатында стажировкадан өтүп келет. Андыктан жаш экономист-товаровед өз ишинде камчы салдырбай, тыкан иштеп кете алган.

Ошондон улам Аким Баатыр 1995-жылдан 1999-жылга чейин райондук керек-жарак коомунда төраганын орун басары, 1999-2001-жылдары райондор аралык базанын директору болуп иштейт.

2001-жылдын октябрь айында Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын башчыларын шайлоодо, өзүнүн атаандаштарын жеңип чыгып, Сарай айыл өкмөтүнүн башчылыгына шайланган. Аз эле убакыттын ичинде ишинен эл оозуна алынып, айыл өкмөттүн аймагында жакшы саамалыктардын ээси боло алган Аким Салиевич 2005-жылдын декабрь айында экинчи жолу зор ишеним менен кайра шайланган.

Айыл өкмөттө дыйканчылык боюнча пахтанын, дан эгиндеринин түшүмдүүлүгү жылдан-жылга жогорулоодо. Үч миңден ашык кожолуктан турган 6 айылдын калкынын турмуш-жашоолору өткөн жылдарга салыштырмалуу бир кыйла өскөндүгү айкын көрүнүп турат.

Сарай айыл өкмөтүнүн аймагында бир канча чакан ишканалардын ишке киргизилиши, пахтаны кайра иштетүүчү заводдун курулушу аяктап иштей баштаары, айлана-чөйрөнү, айылдарды көрктөндүрүү, социалдык обьектилерди ремонттон чыгарууда бир топ демилгелүү иштер жүргүзүлдү. Бул иш чаралар Сарай айыл өкмөтүнүн райондогу





алдыңкы өкмөттөрдүн катарына кошуп, Ош облустук Мамлекеттик администрациясынын Ардак Грамотасы менен сыйланууга арзыйт. Айыл өкмөттө калкты таза суу менен камсыз кылуу боюнча, айыл-кыштактардын жолдоруна шагыл төгүп асфальттоодо, жаштардын спорт дене-тарбия иштеринде мактанарлык ийгиликтер камсыз болууда.

Бул айыл өкмөтүндөгү "Атай" футболдук командасы Кыргыз Республикасынын түштүк региону боюнча өткөрүлгөн мелдеште 2005-жылы экинчи орунду, өспүрүмдөрдүн айыл өкмөттөр арасында өткөрүлгөн футболук беттешүүдө 1-орунду жеңип алышкан.

Ал эми Эркин айылынын кулуну Кыргызстандын биринчилиги үчүн жаштар арасында болгон мелдеште бокс боюнча Анарбай уулу Адилет 1-орунга чыгып чемпион болсо, Маматов атындагы мектептин окуучусу А. Садиров бокс боюнча Түркиянын Анталия шаарында өспүрүмдөр арасында өткөн дүйнөлүк чемпионатта 4-байгелүү орунду жеңип келген.

Мугалимдер күнүндө мектептерге өзгөчө көңүл бургандыгы үчүн Билим берүү, илим жана жаштар саясаты министрлигинин Ардак грамотасына татыктуу болгон. Ошондон улам Аким Баатыр облустук Кеңештин акыркы шайланышына, райондук Кеңешке жөн жеринен депутат болуп шайланган эмес экен деп каласың. Облустук администрациясынын Ардак грамотасы менен өзүнүн сыйланышы, (2004-ж) "Жылдын мыкты адамы" болуп көрсөтүлүшүнүн өзү эле анын албан-албан эмгектик ийгиликтеринен дарек берип тургансыйт.

Жогоркудай өкмөттүк сый-урматтар, элдин чексиз ишенимдери Акимбек үчүн бараандуу жүк, атуулдук бийик карыз экенин туюп жатса керек.



## Эгемендүү мамлекетибиздин биринчи чакырылышында "Легендарлуу парламент" аталган жогорку Кеңештин экс. депутаты Оштогу "Катмар" кредиттик союзунун башкармалыгынын төрайымы БАХАПОВА Санавар

1945-жылдын 31-декабрь күнүндө Савай айылындагы колхозчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Жетинчи класска чейин айылындагы мектепте окуп, 1959-жылдан Ош шаарындагы кыздар орто мектебинен билим алган.

1963-жылы орто мектепти Алтын медаль менен бүтүргөн Санавар Бахапова Ташкент шаарындагы Текстил жана жеңил өнөр жай институтуна кирип окуп калат.

Институтту Лениндик стипендия менен окуган Санавар Бахапова 1967-жылы жогорку окуу жайын да артыкчылык диплом менен ийгиликтүү аяктап, инженер-технолог деген адистикке ээ болуп чыгат.

Оштогу жибек комбинатында сменалык мастерден эмгек жолун баштаган чыгаан-жаш адис ишинде камчы салдырбай кетет. Бат эле цехтин начальниги, өндүрүштүн башчысы болуп өрнөктүү иш алып бара жаткан мыкты адисти комбинаттын профкомунун төрайымдыгына бир добуштан шайлашкан.

1973-жылы эл ишенимине ээ болгон Санавар Ош шаар Кеңешине депутат болуп шайланган. Ошол эле жылы Ош обкомунун үгүт-насаат бөлүмүнө инструктор болуп бекилет.

1974-жылы партиянын Ноокат райондук комитетинин секретары, 1975-жылы Ош обкомунун тамак-аш жана жеңил өнөр жай бөлүмүнүн башчысы болуп келген.

1985-жылы Ош обкомунун секретары болуп 1990-жылга чейин жемиштүү иштеген. Ал эми 1991-1998-жылдары Мамлекеттик мүлк фондусунун төрайымы, 1998-жылдан областык коммуналдык чарба өндүрүштүк бирикмесинде башкы директор болуп эмгектенген. 20 жылдан ашык айылдардын облустук Кеңешинин төрайымынын милдетин аткарды.

"Эмгектеги каармандыгы үчүн" медалы менен сыйланып, "Кыргыз республикасынын өнөр жайынын эмгек сиңирген кызматкери" деген жогорку наамга татыктуу болгон Санавар Бахапова ушул күндөрдө: "Аялдык бактым үй-бүлөм, балдарым" деп жашоодо.







## Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти БЕКМУРАТОВ Саид

Айтылуу кыл кыякчы Саид Бекмуратов 1901-жылы Жылкелди (азыркы Эркин) айылында төрөлгөн.

1934-жылы Кыргыз драма театрына артист болуп келген.

1936-жылы Кыргыз мамлекеттик филармонияга которулуп, элдик ыр-күүлөрдү Калыбай, Нармат, Айдаралы, Мураталы өңдүү элдик таланттардан үйрөнгөн. Ошондуктан анын аткаруусунда "Кер өзөн", "Бекарстан Тайчи", "Ак токту", "Ат кетти", "Шырдакбек" сыяктуу классикалык күүлөрдү кыл кыякта өтө устаттык менен тарткан.

Өзү да "Сырдаш", "Тизгин күү", "Кул пенде", "Кедейдин арманы", "Чуу басар" жана башка бир топ күүлөрдү чыгарган.

Анын аткаруусунда кыргыз эли өзгөчө "Паризат", "Бери чык", "Эки жол", "Жол жүрүш" жана башка элдик күүлөрдү кумарланып угушчу.

1939-жылы Москвада өткөн кыргыз адабияты менен искусствосунун биринчи, (1958-ж) экинчи декадасында кыл кыякчынын таланты жогору бааланган.

1939-жылдан Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти, 1958-жылы "Ардак белгиси" ордени менен сыйланган.



## Кыргыз Республикасынын эл артисти, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Салима БЕКМУРАТОВА

Таланттуу опера ырчысы 1932-жылы 17-декабрда Жылкелди (азыркы Эркин) айылында төрөлгөн. Орто билимди Бишкек (мурдагы Фрунзе) шаарынан алып, Москвадагы Чайковский атындагы Мамлекеттик консерваторияга кирип музыкалык жогорку билим алып, 1952-жылдан таланттуу ырчылык жолго түшөт.

Эмгек жолун Кыргыз мамлекеттик опера жана балет театрынын солисттигинен баштаган. Таланттуу опера ырчысы 1953-жылы Орто Азия менен Казакстандын ырчыларынын ичинен биринчи болуп вокалисттердин Эл аралык конкурсунда I даражадагы диплом жана алтын медалга татыктуу болгон.

Советтик композиторлордун ырларын аткаруучулардын Бүткүл Союздук конкурсунун дипломаты.

Ал дүйнөлүк, Советтик жана кыргыз композиторлорунун опералarынан 30дан ашык арияларды аткарган. Мисалы: "Чио-Чио-Сан", "Риголетто", "Травиата", "Аршин малалан", "Айчүрөк", "Жаш жүрөктөр" жана башка классикаларда Салима Бекмуратованын опералык тунук үнү өзгөчө орунда турган. Бардык жанрда шаңшый алган, керемет үндүү таланттын аткаруусунда Бүткүл союздук жана кыргыз радиосунун алтын казнасына 600дөн ашык чыгармалар жазылып алынган.

1958-жылы Кыргыз адабияты менен искусствосунун Москвада өткөн декадасынын катышуучусу Салима Бекмуратова - Кыргыз республикасынын Эл артисти, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты. "Эмгек Кызыл Туу", "Ардак белгиси" ордендери жана медалдары менен сыйланган.







## Социалисттик эмгектин Баатыры ГАВСИДИНОВ Гиясидин

1927-жылы Өзбекстандын Андижан облусуна караштуу Дардак айылында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн.

Кийин туз-насип буйруп "Кызыл-Шарк" колхозуна көчүп келип калган. Гиясидин Гавсидинов 1942-жылы катар-дагы колхозчулуктан эмгек жолун улаган.

Анын өтүмдүү ишкерлиги эске алынып, 1945-жылдан пахтачылык бригадасынын жетекчилиги жүктөлгөн.

Жылдан-жылга пахтанын түшүмдүүлүгүн камсыз кылып келаткан бригаданын эмгек каармандары 1950-жылы 49 гектар аянттын ар гектарынан 47 центнерден түшүмдү камсыз кылып, мелдеште алдыңкы катарга чыгат.

Өтүмдүү, ишкер эмгек адамы Гиясидин Гавсидинов СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1951-жылдын 20-мартындагы Указы менен Ленин ордени, "Орок жана балка" алтын медалына татыктуу болуп Социалисттик эмгектин Баатыры деген жогорку наам берилген.

Жогорку сыйлыктарга жооп кылып кайратын ансайын бүлөп иштегендиктен андан кийин деле эки жолу Эмгек Кызыл Туу ордени, эки жолу "Эмгектеги каармандыгы үчүн" медалдарынын кавалери болгон.



## Философия илимдеринин доктору, эл агартуунун мыктысы, профессор ЖАНЫБЕКОВ Жээнбек

Профессор, Эл агартуунун мыктысы (отличниги) болом дебесе да алдыңкы мугалим болууну жашынан эңсеген Жээнбек Жаныбеков 1932-жылы "Агартуу" колхозунун Бордөбө айылында төрөлгөн. Айылындагы "Коммунизм" орто мектебин бүтүрүп, Ош Мамлекеттик мугалимдер институтунун тарых факультетине кирип окуп, аны артыкчылык диплом менен аяктап, эмгектеги чыйырын Куршаб районундагы Ворошилов атындагы орто мектебинде катардагы мугалимдиктен баштаган.

1951-жылы Куршаб райондук элге билим берүү бөлүмүндө инспектор, андан соң Кара-Суу райондук элге билим берүү бөлүмүнө которулат. Кийинчерээк элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы болот. 1954-жылы райондук аткаруу комитетинин төрагасы, андан кийин Ош облустук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген.

1960-жылдан ОГПИде жана облусубуздун мектептеринде тарых боюнча мугалимдик кесипте иштеп жүрүп, Кыргыз Республикасынын илимдер Академиясынын философия жана укук институтунун алдындагы Адистештирилген Окумуштуулар Кеңешинде философия илими боюнча кандидаттык диссертациясын мыкты жактайт.

КРнын Илимдер Академиясынын алдындагы КСЭ бөлүмүндө редактор болуп иштеген. 1970-1991-жылдары ОГПИде философия жана социология кафедрасында иштеген. Ош педагогика институту Ош Мамлекеттик Университетине айланган күндөн бери, алгач философия кафедрасынын доценти болуп эмгектенсе, азыр кыргыз философиясы кафедрасынын профессору.

1993-жылы Өзбекстан Илимдер Академиясынын алдындагы философия жаңа укук институтунун Адистештирилген илимий Кеңешинде философия илими боюнча докторлук илимий диссертациясын ийгиликтүү коргогон.

Профессор Жээнбек Жаныбеков Крнын Эл агартуусунун мыктысы (отличниги) жана бир канча "Даңк", эстелик медалдардын, Ардак грамоталардын ээси. Ал 10 монографиянын, 50дөн ашык илимий популярдык макалалардын автору. Философия боюнча 2 кандидаттын диссертациясынын (Н. Саралаев, Ч. Бийалиев), 3 докторлук диссертациянын (Ж. Урманбетов, М.Мукасов, А. Машкевия) I-II оппоненти.

Жээнбек Жаныбеков Эл агартуу кызматкерлеринин Экинчи съездинин (1954-ж) Кыргызстан элдеринин Ассамблеясынын Биринчи курултайынын (1994-ж.) КРнын илимпоздорунун Биринчи курултайынын (2000) делегаты болгон.







## Кыргыздын кыйырынан тышкары Индия, Непалда, АКШда, Польшада, Бангледеште ж.б. өлкөлөргө аты маалым, Кыргыз Республикасынын эл сүрөтчүсү ЖАЛИЕВ Баатыр

Аргасыздан эсиңе: "Сүрөт-көз менен көрө турган поэзия, а поэзия уга турган сүрөт" деген таасын ой түшөт. Ошондой сүрөт өнөрүнүн көрүнүктүү өкүлү Баатыр Жалиев 1935-жылы Талдык айылында төрөлүп, ошол жердин жети жылдык мектебин бүтүп, Фрунзе атындагы орто мектептен орто билим алган.

Орто билими менен Отуз-Адыр айылындагы Кичик, Фрунзе мектептеринде мугалим, Кашкар-Кыштак айылындагы китепкананын башчысы болуп иштеген.

1959-1964-жылдары Фрунзе көркөм сүрөт окуу жайын бүтүп, ошол эле жылдан Оштогу көркөм өндүрүштүк мастерскоюнда сүрөтчү болуп чыгармачылыкка баш-оту менен кирип кеткен.

1968-жылы СССР жана Кыргызстан сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү болгон. Андан кийин СССР сүрөтчүлөр союзунун "Сенеж" базасына үч жолу (1964, 71, 74-жылдары) чыгармачылык сапар жасайт.

1977-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланат. Сыйлыкка шыктанган Баатыр Жалиев Польша Элдик республикасына (1977-ж.), Чехословакияда (1981-ж.), Арменияда (1982-ж) чыгармачылык иш сапарларда болгон.

1977-1982-жылдары Оштогу көркөм өндүрүштүк мастерскойдун директору, 1987-1992-жылдары Кыргызстан Сүрөтчүлөр союзунун Оштогу бөлүмүнүн төрагасы болгон.

1985-жылы Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген сүрөтчүсү, 1993-жылы Кыргыз Республикасынын Эл сүрөтчүсү деген жогорку наам берилген.

Ал эми 1986-жылы "Эмгектеги артыкчылыгы үчүн", 1995-жылы Манас эпосунун 1000 жылдыгында эстелик медалдары, 2000-жылы "1941-45-жылдардагы согуштун Ветераны" ардак белгиси менен сыйланган.

Сорос Кыргызстан фондусунун атайын байгесинин ээси, МКШ сүрөтчүлөр союзунун Эл аралык конференциясынын диплому, Фергана өрөөнүндөгү кол өнөрчүлөрдүн биринчи аймактык ярмаркасынын дипломдоруна татыктуу болуп, өзүнүн жеке көргөзмөлөрү менен 23 атайын сүрөтчүлөрдүн көргөзмөсүнө катышкан.



## Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы ЖАПИЕВ Хамид

Райондо ак халатчылардын ичинде иши боюнча маяктай көрүнгөн Хамид Жапиев 1935-жылы 10-июнда Ак-Таш айылында төрөлгөн. Ошол айылда "Коммунизм" орто мектебин ийгиликтүү бүтүргөн. 1952-жылы Кыргыз Мамилекеттик медициналык институтуна кирүү экзаменин жакшы тапшырып окуп калган. 1958-жылы Мединиститту аяктап, студенттик турмуш менен коштошуп түз эле райондук борбордук ооруканадан эмгек жолун баштаган.

Эң алгач катардагы врач катары иштеп жүрүп, кесиптештеринин арасында иштемчилдиги менен айрымаланган Хамид Жапиев эки-үч жылга жетпей терапевт бөлүмүнө башчы болуп калат. Өз кесибин жандай сүйүп, чын дили менен аракеттенип тер төккөндүктөн, көп өтпөй Хамид Жапиев Карасуулуктардын кадырлоосуна ээ болуп чыга келет. Илдетке чалдыгып, көзү чачырап келген адамдар Хамид Жапиевдин аты-жөнүн угушуп, ооруларга жасаган сылык-мээримдүү мамилесине ичтери жылып, көңүлдөрү көтөрүлө түшүүчү.

1967-жылы Хамид Жапиев Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланат.

1970-жылы "Эмгектеги кужурмөндүүлүгү үчүн" медалдын ээси болот.

1974-жылы Кара-Суу районундагы карлыгач болуп "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы" деген сыймыктуу наамга татыктуу болот.

Ушул күндөрдө 4 бала, 11 небере өстүрүп жаткан Хамид Жапиевдин бакты тоодой. Анткени 3 уулу менен бир кызы төртөө тең жогорку билимге ээ болушуп эл кызматына жарап жатат. Андан да кубанычтуусу уулу Улук менен кызы Замира ата кесибин улашып, эл урматтоолоруна ээ болуп калган кез.







## Социалисттик эмгектин Баатыры ЖУМАБАЕВ АЛАХУН

Улуу Ата Мекен согуштун катышуучусу Алахун Жумабаев 1896-жылы Дыйкан-Кыштак айылында төрөлгөн. Киндик каны тамган айылында эр жеткен азамат Улуу Ата Мекен согуш күндөрүндө, зор эрдиктерди көрсөткөн. Ал үчүн "Сталинградды коргогондугу үчүн", "Калининградды алгандыгы үчүн" деген медалдар менен сыйланган.

1945-жылы согуштан аман-эсен эл-жерине кайткан Алахун Жумабаевге пахтачылык боюнча бригадирлик жүктөлөт. Мурдагы эмгектин көрсөткүчтөрүн айтпаганда да 1950-жылы бригаданын кужурмөндөрү бөлүнгөн 50 гектар аянттын ар гектарынан мамилекетке 46, 66 центнерден ак була жыйнап тапшырган.

Пахта өстүрүүдөгү жогоркудай көрсөткүчтөрү үчүн СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1951-жылдын 20-мартындагы Указы менен Алахун Жумабаевге Ленин ордени, "Орок жана балка" алтын медалы тапшырылып, "Социалисттик эмгектин Баатыры" деген жогорку наам ыйгарылган.

Андан кийинки жылдардагы албан эмгектик ийгиликтери үчүн экинчи жолу Ленин ордени жана Эмгек Кызыл Туу орден-медалдары менен сыйланган.



## Советтер союзунун Баатыры ЖУМАБАЕВ Ташмамат

1924-жылы 24-августунда мурдагы Ош районуна караштуу Таштак айылында төрөлгөн. Жашынан шамдагай, жалтанбас өскөн жигит, эр жетип 1942-жылы Советтик Армияга чакырылып, башкалардан өзгөчөлөнгөн Ташмамат Жумабаев Аскердик атайын окуу жайына кабыл алынган. Ал жерден атайын курстан өткөн соң Улуу Ата Мекендик согушта Кызыл Туулу 193-дивизиянын 685-аткычтар полкунда сапер-чалгынчы, кийин замбирек расчетунун командири болуп кызмат кылат.

Ал Днепрден өтүүдө жана анын батыш жээгиндеги плацдарманы ээлөөдө зор эрдик көрсөткөн. Ошондогу эрдиги үчүн 1943-жылдын 30-октябрында Ташмамат Жумабаевге Советтер союзунун Баатыры деген жогорку наам берилген.

Согуштан кийин ал Кыргыз милициясында иштеген. Ардактуу эс алууга Оштогу Памир автомобил жол тресстинде эмгектенип жүрүп чыккан.







## Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген кызматкер, журналистер союзунун мүчөсү ЖУМАЕВ Шабы

Оштук журналисттердин көч башында Шабы Жумаев 1927-жылдын 12-февралында азыркы "Чагыр" айылында төрөлгөн. Фрунзе атындагы орто мектепти аяктаган соң, 1945-жылы ошол мектепте мугалим болуп иштөөдөн эмгек жолун баштаган.

1948-1950-жылдары облустук лекторлор коомунда лектор, 1950-53-жылдарда облустук комсомол комитетинде, 1953-жылдан облустук "Ленин жолу" газетасында 1959-жылга чейин иштеген.

1959-1963-жылдары Алма-Ата шаарындагы Партиялык мектептин журналистика факультетинде окуган. 1963-жылдан кайрадан облустук "Ленин жолу" газетасында иштеп калат. Ал жерде иштеп жүрүп Бүткүл союздук журналисттердин Москвада өткөн сьездине делегат болуп катышып келет.

1965-жылдан 1983-жылга чейин райондук "Эмгек майданы" газетасында редактор болуп үзүрлүү эмгектенген. Ал жылдардын ичинде газетанын сапатын, идеялык деңгээлин арттырып, тиражын 19 миңге дейре жеткирген.

Облустук, республикалык сыйлыктарын айтпаганда да, "Эмгек майданы" газетасынын чыгармачыл жамааты Бүткүл союздук Ульянов атындагы сыйлыктын лауреаты болгон.

Райондук газетанын идеялык деңгээли боюнча облуста алдыңкы катарда тургандыктан Шабы Жумаев партиянын райондук комитетинин бюро мүчөсү, райондук, облустук Кеңештерге депутат болуп шайланган.

1977-жылы "Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген кызматкери" деген жогорку наамга татыктуу болгон.

1970-жылы В. И. Ленindин 100 жылдыгына карата "Эмгектеги кужурмөндүүлүгү үчүн" 1973-жылы "Эмгектеги каармандыгы үчүн" медалдары менен сыйланган.

Өмүрүнүн акырына чейин Мады айыл өкмөтүнө караштуу "Чагыр" дыйкан чарбасын жетектеп, айылы үчүн ак ниеттен эмгек өтөп жүрүп, 1999-жылдын акыркы күндөрүндө аркы чын дүйнөгө сапар тарткан.



## Кыргыз Республикасынын эл артисти, ОшМУнын биринчи проректору, профессор ЖУНУСОВ Ибрагим Кожоназарович

Көп кырдуу талант дарыган Ибрагим Жунусов Киров атындагы колхоздо 1961-жылы 13-майда төрөлгөн. Ал орто мектепти бүтүргөндөн кийин Кара-Суу шаарындагы пахта тазалоочу заводдо жумушчу болуп иштеген.

1979-жылы ОГПИнин музыкалык факультетине кирип окуп, аны 1983-жылы ийгиликтүү аяктап, факультеттин өзүндө концертмейстер болуп иштеп калат. 1984-86-жылдары Жалал-Абаддагы педагогикалык окуу жайында мугалим болуп иштеп жүрүп, 1987-жылы ОГПИнин педагогика факультетине окутуучу болуп которулган. Окутуучулук ишине ак ниеттүү мамиле кылуу менен чыгармачылыгын кошо эки тизгин бир чылбыр дегендей бирдей алып барууга туура келди. Баары жигердүү аракетке, сүйүп иштөөгө байланыштуу болот тура.

1980-жылы СССР композиторлор союзунун грамотасы менен сыйланып, 1986-88-жылдары Бүткүл союздук Эл чыгармачылыгынын лауреаты болду. 1995-жылы Кыргыз Республикасынын "Эмгек сиңирген артисти", 2000-жылы ОшМУнун профессору болгон.

Албетте ишине чын дилден берилип иштесе ийгилик өзү келет деген төгүн эмес экен. 2002-жылы Ибрагим Кожоназарович искусство факультетине декан болуп шайланды.

2006-жылы Ибрагим Жунусов үчүн өмүрүндөгү өзгөчө унутулгус жылдардан болду. Анткени ушул 2006-жылы бала бакча жана мектеп жашындагы курактагылар үчүн "Мөлтүр булак" аттуу ырлар китеби жарык көрдү. Төрт спектаклден башка дагы М.Байжиевдин сценарийси боюнча тартылган "Ногдаун" аттуу көркөм фильмге музыка жазып берди. Эң негизгиси 2006-жылдын август айында Президенттин Указы менен КРнын Эл артисти деген сыймыктуу наамга татыктуу болду.

Бүгүнкү күндө 150дөн ашуун ар кыл темадагы обондуу ырлардын автору болгон Ибрагим Жунусов кыргыз элинин сүйүктүү ырчысы, иш билги коомдук ишмери. Анын чыгармачылык жүзү чыгармачылык отчеттук концерттериндеги репертуарларынын байлыгында. Ошондуктан анын Орто-Азиядан сырткары Кытай, Индия, Турция, Голландия, Германия сыяктуу өлкөлөрдөгү чыгармачылык сапарында жеке концерттерин чет элдик ыр ышкыбоздору зор ынтызар-кызыгуулар менен кабыл алышкандыгында. Анткени, жакшы музыка жан ырахаты, бардык улуттун элдерине котормочусу жок эле жетет эмеспи.







## Кыргызстан борбордук комитетинин Кара-Суудан чыккан алгачкы секретары ЖУНУСОВ Аманбай

Партиялык кызматтарда кайталан-гыс, таланттуу уюштургучтугун көрсөтө алган Аманбай Жунусов 1943-жылы 5-январда Ак-Жар айылында кызмат-чынын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Үй-бүлөдөн жетиктүү тарбия алып, орто мектептен алган билимине канааттан-баган улан андан ары кесиптик окуу жайларына таамай бет алган. 1959-жылы Жалал-Абад зооветтехникумуна кирип окуп, бүтүргөн соң "Катта_Талдык" асыл тукум кой өстүрүүчү совхоздо а дегенде ферма башчысы, андан кийин селекционер-зоотехник болуп иштеп жүрүп, билиминин жетишсиздигине көзү жеткен Аманбай Жунусов 1964-жылы Кыргыз айыл чарба институтуна кирип окуй баштайт. Турмуштук анча-мынча тажрыйбасы бар жигит жогорку окуу жайында өз кесиби боюнча тереңирээк билим алыш үчүн эрте-кеч студенттик күндөрүн бош кетирбей тырыша окуду.

Жогорку окуу жайын мыкты аяктагандыктан институттун жолдомосу менен 1969-жылы Ноокат райондук айыл чарба башкармасына зоотехник болуп келет. Өз ишин тыкан аткара алган Аманбай Жунусов 1971-жылы Кара-Суу райондук айыл чарба башкармасынын начальнигинин орун басары, иш билгилиги, уюштургучтугу айкын көрүнө баштаган жаш адис бир жылга жетпей Сузак райондук айыл чарба башкармасына начальниктикке дайындалат.

1975-жылдан партиянын Сузак райондук комитетинин экинчи секретары болуп иштеген. Кадрдык, уюштургучтук сапаттары ошол кездеги Обкомдун I-секретары С. Ибраимовго жагып калып, анын келечегине үмүттү карап, КПСС Борбордук Комитетинин алдындагы Академияга жөнөтүлөт. Аны эки жылда артыкчылык диплом менен бүтүрүп келип, 1979-80-жылдары Эл депутаттарынын Совет (азыркы Кара-Кулжа) райондук аткаруу комитетинин төрагасы, 1980-85-жылдары партиянын Совет райондук комитетинин I-секретары болуп ийгиликтүү иштей алган. Ал жерден Баткен райкомунун I-секретары болуп барат.

Албетте, идиректүү партиялык жетекчинин иштөө ыкмасы, саясий тактикасы мезгилдин талабына туура келип турса, андай кадрдын зоболосу албетте көтөрүлөт. Аманбай Жунусовдун 1987-жылы партиянын Талас облустук комитетине айыл чарбасы боюнча секретарь болуп барып, мыкты иштей алгандыктан, бир жылдан кийин эле 1988-жылдан Кыргызстан Борбордук комитетине секретар болуп дайындалат.

1991-жылы Кыргызстанда бийлик алмашып, кадрдык саясат бираз башка нукка түшкөндүгүнө байланыштуу Аманбай Жунусов айыл чарба министрлигинде кеңешчи болуп иштеп турду. Коомдук мүлктөрдү менчиктештирүүгө, короо-сарайлардын бузулушуна каршы чыккан (Апсамат Масалиев сыяктуу каршы чыгышы) жаңы бийликке жага бербеди. Ошондон улам Ош облустунун губернаторуна орун басар болуп иштеп туруп, толгон-токой идеяларын ишке ашыра албай калганына кейип, ичинен сызып ооруп жүрүп, айыга албай, чыныгы иштей турган 58 жаш курагында ажалга баш ийип берген.

Адилеттүү, эл-жери үчүн жигердүү иштеген Аманбай Жунусов райондук, облустук Кеңештерге гана эмес, Кыргыз ССР Жогорку Кеңешине да депутат болуп шайланган. Артында калган төрт уул, бир кызы жогорку билимдүү, эли-жери, ата Мекени үчүн ата жолун ар-намыс менен улантышууда. Өркөнүн, тукумуң, өскүр деген ушул тура.







## Саламаттык сактоонун мыктысы (отличниги), медицина илиминин доктору ЖОЛДУБАЕВ Ырысбай Жолдубаевич

Бала чагынан догдур болууну самаган Ырысбай Жолдубаев 1945-жылы 17-ноябрда Катта-Талдык айыл өкмөтүнө караштуу Эшме айылында төрөлгөн. Орто билимди Отуз-Адыр орто мектебинен алган. Түз эле Фрунзе шаарындагы Медициналык институтуна барып экзаменди ийгиликтүү тапшырып окуп калып, аны 1969-жылы бүтүрүп чыгат.

1969-жылы Кара-Ссуга келип эмгек жолун жөнөкөй врачтан, учукоору диспанцеринин башкы врачына дейре иштеген. 1976-жылы Бишкектеги Илим изилдөө институтуна аспирантурага кирип, аны 1979-жылы аяктап, мединститутта мугалим болуп калат.

1981-жылы илимий иши боюнча кандидаттыгын жактаган.

1982-жылы саламаттык сактоо министрлигинин жолдомосу менен Йемен демократиялык мамилекетине 2 жылга врач-адис катары жөнөтүлөт. Ал жерде катардагы врачтан контрак боюнча иштеген врачадистерди жетектейт. Йемен мамлекетинде эң жакшы иштеп сый-урматтар менен келген Ырысбай Жолдубаевич 1986-жылдын январь айынан Экология жана медициналык проблемалар боюнча илим изилдөө институтунун директорунун орун басарлыгына дайындалат. Ишиндеги өзгөчө аракет-эмгектери бааланып 1987-жылы саламаттык сактоонун мыктысы (отличниги) болот.

1990-жылы илимий ишине байланыштуу эки жылга Санкт-Петербург шаарындагы Бүткүл союздук республикаларды тейлеген пульмонология илим изилдөө институтуна докторантурага жөнөтүлгөн. Докторлук илимий ишин 2 жылга жеткирбей 1991-жылы Санкт-Петербург шаарында ийгиликтүү коргоп келген.

Медицина илиминин жаңы доктору ошол эле жылы республикада жаңы ачылган "Кыргыз фарминдустрия" деген концерн башкармасынын орун басарлыгына дайындалган. Андан көп өтпөй 1992-жылы Саламаттыкты сактоо министринин орун басары болуп барат. Ал жерде

иштеп жүрүп саламаттык сактоо министрлигине реформаларды жасап, алдынкы ыкмаларды ишке киргизүүгө аракеттенген. Алардын бири үй-бүлөлүк медицина. Бул ыкманы биринчилерден болуп АКШда Бостон шаарында окуп жүрүп, АБТ деген компания менен договор түзүп, ошол келишимдин негизинде АКШ конгрессмендери өздөрүнүн социалдык комитетине акча бөлүп берип, кыргызстанда жүрүп жаткан реформага жардам көргөзгөн.

1996-жылы Ырысбай Жолдубаевич тил (англис тилин) билгендигине байланыштуу Орто-Азия мамлекеттерин медициналык жактан реформалоо боюнча экспорт бөлүү үчүн ВОЗ (Всемирная организация здравоохранениняга) чакырган. Ал жерде Оро-Азия жана ортолук мамлекеттерди медициналык реформалоо боюнча Турция мамлекетинин борбору Анкара шаарында ВОЗдун региондук уюмун ачууга иштеп, 1998-жылы кайра өзүбүздүн республикага кайткан.

1998-жылдан ОшМУнун медицина факультетинде кафедра башчысы болуп иштеп, 2002-жылдын январ айынан ошол эле факультеттин деканы, андан кийин факультет медициналык институт болгондугуна байланыштуу институттун директору болгон.

Азыркы учурда ошол эле ОшМУнун медицина институтунда "үй-бүлөлүк медицина" кафедрасынын башчысы. Илимий иштери боюнча 87 баяндамасы, анын ичинен алтоо чет өлкөлөрдө басылган. Сегизи методикалык окулмалар, төрт жаңы илимий ачылыш жараткан.

Үй-бүлөлүү, алты баланын ардактуу атасы.







## Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси-акимдин орун басары ЖОЛДОШЕВ Сооронбай Тургунбаевич

1959-жылдын 1-июнунда Каратай айылындагы мугалимдин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Сооронбай Жолдошев орто мектепти мыкты балдардын катарында бүтүргөн. Ошол эле жылы Бишкек шаарындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин экономикалык факультетине кирүү экзаменин жогорку бал менен тапшырып окуп калган.

Экономикалык факультет көп окууну талап кыларына көзү жеткенден кийин Сооронбай Жолдошевдин студенттик күндөрүнүн көпчүлүгү китепканаларда өттү. Ошондон уламбы кышкы-жайкы окуу сессияларындагы экзамен-зачет күндөрүндө көп кыйналбай курстан-курска карызы жок ийгиликтүү өтүп жатты. 1981-жылы жогорку би-лимдүү жаш адис "Катта-Талдык" асылтукум кой өстүрүүчү заводуна экономист болуп келип, эмгек жолун баштаган. Бир жылдан кийин чарбада башкы экономист болот.

1986-жылдын мартайынан райондук агроөнөр жай бирикмесинде төраганын экономика боюнча орун басары, ушул эле жылдын август айынан Эл депутаттарынын райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, 1987-жылдын октябрь айынан 1989-жылдын август айына чейин партиянын райондук комитетинин айыл чарба бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген.

1989-91-жылдары райондук салык инспекциясынын начальниги, 1993-жылдын июль айынан райондук Мамлекеттик администрация башчысынын орун басары, 1994-жылдын октябрынан 1995-жылдын мартына чейин райондук башкы мамлекеттик финансы инспектору, 1995-2005 - жылдары Эл депутаттарынын райондук Кеңешинин төрагасы болуп жемиштүү иштеген.

Ал эми 2005-жылдын декабрь айынан ушул убакка дейре райондук Мамлекеттик администрация башчысынын аппарат башчысы, акимдин орун басары.

Сооронбай Тургунбаевич эмгек жолунда кайсы кызматта иштебесин өзүнүн эмгекчилдигин, иш билги, талапты кое билген жетекчи экендигин көрсөтө алган.

Өзүнүн кызмат-милдетин ак ниеттүүлүк менен так аткарып, райондун аймагындагы элдин жашоо шартын, райондун социалдык-экономикалык өнүгүшүнө зор салым кошуп келет. Эл арасында кадыр-баркы жогору болгондуктан, өз ишинин өрнөктүү жагы көп болгон Сооронбай Жолдошев Тургунбаевич 2002-жылы Кыргыз республикасынын Ардак Грамотасы менен сыйланган.



## Эл агартуунун мыктысы, мамлекеттик кызматтардын 3-класстагы кеңешчиси ЖОЛДОШЕВ Расул Жолдошевич

Бешиктеги баланын бек болорун ким билет дегендей, Жолдошев Расул келечекте мыкты жетекчилерден болорун кайдан билиптир. Ал 1951-жылы 15-февралда тоо арасындагы Ак-Жар айылында төрөлгөн. 1962-жылы өзү окуп бүткөн "Каратай" сегиз жылдык мектебинде улуу пионер вожатый болуп 1969-жылга чейин иштеген.

1969-1974-жылдары Ош мамлекеттик педагогикалык институтунда окуган.

1974-1977-жылдары Баш-Булак орто мектебинде мугалим, 1977-1979-жылдары Кара-Суу райком комсомолдо бөлүм башчы, 1979-1984-жылдары Баш-Булактагы №17-профтехникалык окуу жайынын директорунун орун басары болуп иштеген.

Ал эми 1984-жылдан 1988-жылга чейин партиянын райондук комитетинде инструктор, бөлүм башчы, 1988-1991-жылдары Эл депутаттарынын райондук Кеңешинин төрагасынын идиология боюнча орун басары, 1991-1992-жылдары Райондук Кеңештин аппарат башчысы, 1992-1994-жылдарда райондук мамлекеттик администрация башчысынын (акимдин) орун басарынын милдетин ийгиликтүү аткарган. 1989-1992-жылдары Жалал-Абад зооветеринардык техни-кумун, 1995-1998-жылдары Кыргыз Мамлекеттик Улуттук универ-ситетинин юридикалык факультетин сырттан окуп бүтүргөн.

1994-1996-жылдарда болсо областык мамлекеттик администра-ция башчысынын (губернатордун) айыл чарбасы боюнча орун басары, аппарат башчысы болгон.

1997-жылдан Алай райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы, 1999-2002-жылдары кайрадан облустук мамлекеттик администрация башчысынын орун басары, андан кийин Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы болуп демилгелүү иштеп, бир топ саамалыктардын баштоочусу болгон. Эл агартуунун отличниги Мамлекеттик кызматтын 3-класстагы Кеңешчиси, "Манас-1000", "Ош-3000", "Эгемендүүлүктүн 10 жылдыгы" деген медалдары менен сыйланган. Р.Жолдошев бир канча китептин да автору, алты баланын ардактуу атасы.



Кара-Суунун жүз атуулу



## Экономикалык илимдердин кандидаты, экс- губернатор ЗАКИРОВ Адам

1952-жылы Жоош айыл өкмөтүнө караштуу Кызыл-Кошчу айылында төрөл-гөн. Адам Закиров ошол айылдагы орто мектепти аяктап, Бишкектеги Политехника-лык институттун механика факультетине кирип окуп, 1979-жылы инстуттан инженер-механик адистигине ээ болуп чыгат.

Келечегинен көптү үмүттөндүргөн Адам Закиров ошол эле жылы Кара-Кулжа районундагы МСОдо башкы механик болуп иштөөдөн эмгек жолун баштаган. 1975-1976-жылдары Ош облустук МСОнун автобазасында механик, 1976-1977-жылы түштүк өндүрүштүк автотрестинде инженер, 1984-1988-жылдары Кызыл-Кыядагы жүк ташуучу автобазада начальник,1988-1990-жылдары түштүк өндүрүштүк автотресстинде директордун орун басары, 1991-жылы Жалал-Абад автотранспорттук бирикмесинде башкы директор болуп эмгектенген.

1991-1996-жылдары Адам Закиров Кыргыз Республикасынын транспорт министринин биринчи орун басары, 1996-жылдан 1999-жылдын декабрь айына чейин Ош облустук Мамлекеттик администрация башчысынын биринчи орун басары болуп ийгиликтүү иштеген.

1998-жылы өндүрүштөн ажырабай туруп Ленинграддагы финансы-экономикалык институтун аяктаган. Экономикалык илимдеринин кандидаттык даражасын да ийгиликтүү жактаган.

1999-жылдын 10-декабрында Президенттин Указы менен Кара-Суу райондук Мамлекеттик администрациясынын башчылыгына (акимдигине) дайындалган.

2002-жылдан Ош мамлекеттик Технологиялык университетинде кафедра башчысы, 2005-жылдан Ош облустук мамлекеттик администрациясынын башчысы (губернатор) болуп 2006-жылдын июнь айына дейре иштеген.



**Экология жана өзгөчө кырдаалдар министрлигинин эмгек сиңирген кызматкери, "Жылдын мыкты жетекчиси-2005", Кыргыз Республикасынын өзгөчө кырдаалдар министрлигинин "Мунайзат" өндүрүштүк базасынын директору ЗАИРОВ Маматоктор Садырбаевич**

"Иш илгерлесе, ийгилик болот. Ал үчүн кызматкерлерге камкордук, жакшы шарт керек" деп иш билги-көрөгөчтүгү менен коомчулуктун көңүлүн буруп жаткан Кара-Суунун мыкты атуулдарынын бири Маматоктор Заиров Мады айылында 1951-жылы 14-октябрда төрөлгөн.

Маматоктор Садырбаевич 1974-жылы Бүткүл союздук ойлоп табуучулар жана рационизаторлор коомунун Ош облустук Кеңешинин катчысы болуп иштөөдөн эмгек жолун баштаган. 1976-1979-жылдары "Катта-Талдык" асыл тукум кой өстүрүүчү заводунда ага инженер, комсомол комитетинин секретары, Ош обкомкомсомолунун айыл жана жумушчу жаштар бөлүмүнүн инструктору болуп иштеген.1979-81-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1981-жылдан 1990-жылга чейин Ош облустук нефть продуктылары менен камсыздоо ишканасында башкы инженер, 1990-жылдан директордун орун басары, 1996-жылдан ушул эле ишкананын директору менен кошо "Кыргызгазмунайзат" мамлекеттик акционердик компаниясынын директорлор Кеңешинин мүчөсү болгон. 2002-жылдан баштап Кыргыз республикасынын өзгөчө кырдаалдар министрлигинин "Мунайзат" өндүрүштүк базасынын директору. Бул жылдардын аралыгында өзүнүн демилгечи-уюштургучтугу менен жигердүү аракети калк арасында кадыр-баркын ашырган. Ошондуктан Маматоктор Заиров 1995-жылы №36-Кызыл-Кыштак шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөрү жыйынына депутаттыкка шайланган.

Маматоктор Садырбаевичтин "Кыргызгазмунайзат" Мамлекеттик акционердик компаниясынын өндүрүшүн сактап, "Түштүк мунайзат" чектелген коомун түзүп, андан соң аны Экология өзгөчө кырдаалдар





Министрлигине өткөрүп бергенче бир топ бозоро жортуп, демилгесин суутпай "Мунайзат" өндүрүштүк базага айланганга чейин арыбай-талбай көшөрүп иш алып барган.

"Эр жеттик деген сөз, эрдикти жасай бер дегенге тете" дегендей Маматоктор Заиров эр жеткенден, кайсы иште болбосун демилге көтөрүп, эрдигин көрсөтүп келүүдө. Эмгекчилди эл сыйлап, кайраттуу-ну калк кадырлайт тура.

Бүткүл союздук Ленин комсомолунун Ардак грамотасы, андан кийинки жылдары "Манас-1000", "Ош-3000" медалдары, Экология жана өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Ардак грамоталары менен сыйланган. Ошондой эле Маматоктор Заировго 2004-жылы "Экология жана өзгөчө Кырдаалдар министрлигинин эмгек сиңирген кызматкери" деген сыймыктуу наам берилип, Кыргыз республикасынын "ЭлТР" коомдук телерадио компаниясы тарабынан өткөрүлгөн түштүк региондор аралык сынакта "Жылдын мыкты жетекчиси -2005" деп табылган.

Атак-арыбастыкы, таалай-талыбастыкы экенин Маматоктор Садырбаевич жакшы билет. Ошондуктан аны эл-жер үчүн арыбай, талыбай таскагы чыга бермекчи.



## Медицина илимдеринин доктору, профессор ЗУРДИНОВ Ашарали

Алтымыштын ашуусунан отчет бере турган Ашарали Зурдинов Савай айылында 1946-жылы 28-декабрда төрөлгөн. Анда айылындагы "Кызыл Кыргызстан" мектеби жети жылдык болгондуктан "Кызыл-Шарк" орто мектебинен 10-классты бүтүргөн. Ошол эле жылы Кыргыз Мамлекеттик медициналык институтуна кирүү экзаменин ийгиликтүү тапшырып, студенттик жашоого өткөн.

Жаштайынан дөгдур кесибин сүйгөн Ашарали студенттик күндөрүндө эле тереңирээк билим алыш үчүн бош убактыларын окуу залдарында өткөрүп, ийне менен кудук казгандай аракет жасаган. Ошондуктан мединституттун санитардык-гигиеналык факультетин да 1968-жылы артыкчылык диплом менен аяктаган. Саламаттыкты сактоо министрлигинин жолдоосу менен ошол эле жылдан Мединститутун (КГМИ) формакология кафедрасында ассистент болуп иштеп калат.

1971-жылдын октябрь айынан фармакология кафедрасынын алдындагы аспирантурага кирип окуп, тандап алган илимий ишин тереңирээк изилдей баштайт. Уйкучу уяттан алыс болот деп, күн-түн дебей уйкусун кечип, кызыл өңү сары болду. Айчылык жол адамзатты курчутат дейт. Ашарали илимий ишинин артынан ай эмес, үч жылдап боэоро жортту. Акыбети кайтып 1974-жылы кандидаттык диссертациясын мыкты коргоого жетишти.

1975-жылдын сентябрь айынан 1983-жылдын октябрына чейин (КГМИ) дарылоо факультетинин деканынын орун басары, фармакология кафедрасынын доценти болгон. 1984-жылы январь айында СССР илимдер Академиясынын фармакология институтуна кирип, медико-биологиялык проблемалар боюнча докторлук илимий ишин изилдеп үйрөнө баштайт. Майда максат марытпайт эмеспи, Ашарали Зурдинов доктордук илимий ишин иликтөөдө "илимди изде, максатты көздө" деген накыл кепти унутпады. 1987-жылдын 21-сентябрында докторлук ишин эң мыкты жактоого жетишти.





Мединститутка келип доцент болуп иштеп атканда, 1988-жылдын июнь айында ага профессорлук наам берилет. Ошол эле жылдын июль айынан КГМИнин илимий иштер боюнча проректору, 1997-жылдын июль айынан базистик жана клиникалык фармакология кафедрасынын башчысы, 1998-жылдан Саламаттык сактоо министирлиги менен биргелешкен формакологиялык комитеттин төрагасы болуп иштейт.

Ашарали Зурдинов 220дан ашык илимий эмгектердин автору. Анын жетекчилиги менен эки илимдин доктурлугун, 20 илимдин кандидаттыгын жактаган. 2006-жылдын 25-майынан Кырыгыз Республикасынын Илимдер Академиясынын мүчө корреспонденттигине шайланган.

Коомдук иштердеги активдүүлүгүн өзүнчө белгилөөгө болот. 1991-жылдан республикалык "Кыргыз тил" коомунун президиумунун мүчөсү, 1992-жылдан диссертациялык Кеңештин төрагасынын орун басары, 1998-жылдан "Химия жана формация" журналынын редкология мүчөсү, 2001-жылдан КГМИдеги окумуштуулар Кеңешинин төрагасынын орун басары, 2004-жылдан Химия-биология илимдери боюнча ГАНИСтин экспорттоо Кеңешинин төрагасы.

Демек, профессорлор арасында кадыр-барктуу, зоболосу бийик окумуштуу экенин тан алышыбыз керек.

Ашарали Зурдинов өмүрлөш жубайы Калтарбү экөө бир кыз, эки уул, бир небере өстүрүп жаткан бактылуу, барктуу ата-энелерден.



## Кыргыз Республикасынын мамлекеттик телерадио комитетинин жогорку категориядагы диктору, ардагер журналист ИСМАИЛОВ Азиз

Кыргыз журтчулугуна өзгөчө тааныш Азиз Исмаилов 1937-жылдын 22-июнунда Кызыл-Суу айылында төрөлгөн. Ошол айылдагы орто мектепти бүтүрүп, Куршаб-дагы механика-техникалык окуу жайын биринчилерден болуп мындан жарым кылым илгери бүтүрүп чыккан.

Айылына барып кандай трактор-комбайын туш келсе айдап жү-рүп ошол жердеги техниканын тилин эң мыкты билген Арзыбаев Мамадали устатынын колунан техникалык мыкты адис болуп чыга келет.

Айылда жүрүп турмуштун казанында кайнап, ак-карага көзү каныканда жогорку билим алууга бел байлайт. Кыргыз Мамлекеттик Университетинде окуп жүрүп телерадио көрсөтүүлөрдүн көрком окууларына, конкурстарына катышып жүрүп дикторлук кесипке ыктап кеткен.

Радиодон, кээде теледен көрүнө калып жүргөн Азиз Исмаиловдун коңур үнү угуучуларды өзгөчө куштарлантып калат. Ошол 1969-1970-жылдарда Ошто телерадионун башкы редакциясы ачылып, Карыпбай Керимбаев баш болуп, Азиз Исмаиловдор иштешкен эле. Ошондуктан Азиз Исмаилов өзү менен чогу иштешкен Карыпбай Керимбаев, Жолон Мамытов, Турсунбай Адашбаев, Абдижалил Сулайманов, Курбаналы Сабыров өңдүү чыгармачыл-белгилүү инсандарды көп эскерет.

1974-жылы эмгек отпускасында ошондогу "Отуз-Адыр" совхозуна келип штурвалга олтуруп, "көгүлтүр корабль" айдаган демилгеси жөнүндө Бүткүл союзга чейин "Журналист" журналында учугу узун сөз болгон эле.

Ушундай көп кырдуу талант кайра Бишкекке келип, республикалык көгүлтүр экрандан: "Ассалому алейкум, кадырман калкым!" деп саламдашып чыга баштаганда, телевизор көрүп олтургандардан: "Ваалейкума ассалом" деп ийген чал-кемпирлер болгон экен. Ошол инсан Кыргыз телерадиосунун мыктысы (отличниги) Азиз Исмаилов бүгүнкү күндүн калк урматтаган кадырман карысы. Байбичеси Анипа экөө 3 кыз, бир уулдун, он чакты неберелердин ырыстуу таята-таенеси.







## Социалисттик эмгектин Баатыры ИСМАИЛОВ ТАТЕН

1928-жылы Казак ССРинин Чымкент облусунун Борисовка кыштагында төрөлгөн. Бирок бала чагынан "Катта-Талдык асыл тукум кой өстүрүүчү заводунун аймагында эр жетип, эмгек жолун жумушчулуктан, кийин чарбада чабан болуп иштей баштаган.

1947-жылдан "Катта-Талдык" асыл тукум кой өстүрүүчү заводунун башкы чабаны болуп эмгектенген.

А дегенде 650-750 тубар койдун ар жүзүнөн 105-110дон козу, ар койдон 4,1. килограмдан жүн алып берген.

1965-жылы ал көрсөткүчтөр жогорулап, 670 койдун ар жүзүнөн 133төн төл, ар койдон 4 килограммдан жүн кыркып тапшырган.

Эмгектеги көрсөткүчтөрүн бара-бара жогорулатып бараткан башкы чабан Татен Исмаилов 1966-жылы Социалисттик эмгектин Баатыры деген жогорку наамга татыктуу болот.

Өз кесибинин устаты болгон ак ниет чабан Ленин ордени менен эки жолу жана медалдар менен сыйланган.



## Медицина илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасынын бокс боюнча 9 жолку чемпиону, профессор ИСМАИЛОВ Эркинбек Мурзатович

Кыргыз боксунун, медицина илиминин алдыңкы өкүлдөрүнүн бири Эркинбек Исмаилов 1945-жылы 5-февралда Савай айыл өкмөтүнө караштуу Кыдырша айылында төрөлгөн. Алты жашында мектеп босогосун аттаган Эркинбек орто мектепти бүтүргөндөн кийин Фрунзе шаарына келип, заводдо иштеп, орус тилин үйрөнүү үчүн талбаган аракетти жасаган. Ошентип, 1963-жылы Мединститут-тун дарылоо факультетинин студенти болот.

Эркинбек Мурзатович окуунун артынан сая түшүү менен спортту кошо алып барды. Фрунзе шаарына келгенден баштап бокс менен маашыга баштагандыктан студенттик күндөрүндө ансайын күчөткөн. Кийин факультеттин намысын коргоп, спорт боюнча алдыңкы планда көрүнө баштайт. 1967-жылы 4-курста бокс боюнча СССР спортунун чебери деген наам алган. 1968-жылы 5-курста окуп жатканда Москвада болуп өткөн Бүткүл союздук жогорку окуу жайынын студенттеринин бокс боюнча мелдешине катышып, финалга чыккан.

Кесиптеши Арзымамат Бекмурзаев мындайча эскерет. ("ОЖ" 4.IV.03) "Биз 1-курста окуп жатканбыз. Эркинбек Исмаилов Москвадан келгенден кийин жакшы санаалаштары барып куттуктаганбыз. Эртеси эле Мединститутта жалпы чогулуш болуп, аны ректор өзү куттуктаган. Биздин институттун гана эмес, жалпы кыргыз элинин намысын коргогон жигитсиң. Ушул темпиңден жазба. Өмүрүң узун болсун! Эл журтуңдун керегине жараган мыкты жигиттерден бол. Элиң сени менен сыймыктансын!". Ошондо залдагылар узакка чейин кол чаап турушкан эле.

Эркинбек Исмаилов 109 жолу рингге чыгып 98 жолу жеңишке жетишкенин тренери сыймыктанып айткан экен. Боксчулардын турмушунда мындай көрсөткүч сейрек болору бештен белгилүү эмеспи. Ал Кыргыз Республикасынын бокс боюнча 9 жолу чемпиону болгон. 1969-жылы Эркинбек Мурзатович мединститутту артыкчылык дип-





лом менен бүтүргөн. Деканаттын сунушу менен институттун каталогиялык-физиологиялык кафедрасында ассистент болуп иштеп калат. 1973-жылы студенттик турмуш менен коштошконуна 4 жыл толгондо, 32 жашында медицина илимдеринин кандидаты болгон.

Илимдин кандидаты болгондон кийин академик М.М, Мирахимовдун жетекчилиги менен докторлук диссертациясына киришкен. Илимий ишинин артынан изилдеп бозоро жортту. Ийне менен кудук казгандай китептен-китеп калбай, изилдеп кууп окуп, кызыл өңү саргарды. Акыры аракети текке кетпей, 1985-жылы Москва шаарында докторлук илимий ишин ийгиликтүү коргоп келди. 40 жашында медицина илиминин доктору болгон.

Атактуу спорттун чебери, белгилүү окумуштуу, медик Эркинбек Исмаилов кийин онго жакын медицина илимдеринин кандидаттарын, доктурларын тарбиялап чыгарган. Аны Кыргыз Мамлекеттик Университетинин ректораты "Кишинин анатомиясы жана физиологиясы" кафедрасын башкарууну сунуш кылган. Ал эми 1994-жылы мединституттун патиологиялык-физиологиялык кафедрасынын башчылыгына конкурс жарыяланып, атаандаштарын көпчүлүк добуш менен жеңип чыгып кафедра башчысы болгон.

Эркинбек Мурзатович 30 жылдык эмгек жолунда миңдеген жаштарга билим-тарбия берүү менен оңдогон методикалык басылмалардын автору, жүздөгөн илимий макалаларды газета-журналдарга жарыялаган.

Эмне үчүн биз элибиздин ушундай сүйүктүү уулу, атактуу спортсмен, белгилүү окумуштуу, өкмөттүк бир канча сыйлыктардын ээси, басып өткөн жолу жаштарга өрнөк болгон Эркинбек Исмаиловдун ысымын Бишкек шаарындагы, же өзү туулуп өскөн айылындагы бир мектепке, же көчөгө кое албайбыз. Эмне үчүн анын ысымындагы спорттук мелдештерди уюштура албайбыз? Бул көпчүлүктүн тынчын алган маселе.



## Социалисттик эмгектин Баатыры ИСМАИЛОВА Инахан

Дыйканчылыктан эмгеги менен өзгөчөлөнгөн аял Инахан Исмаилова 1921-жылы Дыйкан-Кыштак айылында төрөлгөн. Эмгек жолун катардагы колхозчулуктан баштаган.

1943-жылы көзү жетик дыйкан аялы пахтачылык боюнча звенолукка дайындалат.

Ошол 1945-жылы звеного бекитилген 5 гектар аянттын ар гектарынан 58 центнерден пахта жыйнап берген. 1946-жылы ар гектардан алынган түшүмдүүлүктү 67,4 центнерденге, 1947-жылы 91 центнерденге жеткирип рекорттук көрсөткүч жараткан.

Эмгектеги эң жогорку көрсөткүчү үчүн СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1948-жылдын 26-мартындагы Указы менен Ленин ордени, "Орок жана балка" алтын медалы менен сыйланып, "Социалисттик эмгектин Баатыры" деген жогорку наам берилген. Андан кийинки жылдардагы эмгектери үчүн "Эмгек Кызыл Туу", "Ардак белгиси" ордендери менен сыйланууга арзыган.







## Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы, райондук балдар ооруканасынын башкы врачы ИСМАИЛОВА Салима

Жашынан баласаак өскөн Салима Исмаилова 1947-жылы Ысык-Көл облусундагы Түп районуна караштуу Боз-Учук айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Баласаак демекчи, орто мектепти Каракол шаарынан жакшы бүткөн соң, ошол эле жылы (1964-жылы) Кыргызстан Мамлекеттик медициналык институттун балдарды дарылоо факультетине кирип окуган.

Албетте, балдар доктуру болуш үчүн көп окуп, көптү билиш кerektигин эч унутпады. Ошондуктан, 1970-жылы Мединститутту да мыкты аяктап, республикадагы эң ири райондордон болгон Кара-Суунун борбордук ооруканасына жолдомо менен балдар дарыгери болуп келген.

Өз кесибин жандилиндей сүйгөн кыз, элге жагып иштегендиктен 1974-жылдан 1984-жылга чейин балдар бөлүмүн башкарып, алкоого алынып, талбай эмгектенген. Ал эми 1984-жылдан 1993-жылга дейре борбордук оорукананын реаминация бөлүмүн башкарган. Бул жылдардын ичинде эл кадырлоосуна ээ болгон Салима Исмаилова Кыргыз Республикасынын (1978-жылы,1982-жылы) Ардак грамотасы менен эки жолу сыйланат.

1993-жылы райондук балдар ооруканасы өзүнчө жаңы имаратка ээ болуп, бөлүнүп чыккан күндөн бери башкы врачтык милдетти ийгиликтүү аркалап келүүдө.

Өз ишинин мыктысы, жогорку катогориядагы врачтын көп жылдык талбаган эмгеги жогору бааланып, 1989-жылы "Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген врачы" деген жогорку наамга татыктуу болгон.

Сүйүктүү балдар врачы, эмгек ардагери Салима Исмаилова эки кыздын, 5 неберенин бактылуу чоң апасы. Дагы эле илдетке чалынып келген балдарга үйүрүлүп түшүп, ичинен түтпөй кетет. Анткени, ал балдардын күлкүсүнөн ырахат алат.



## Социалисттик эмгектин Баатыры ИСАКОВ Сра

Баатыр чабандардын бири Сра Исаков Баш-Булак айылында 1926-жылы төрөлгөн. Бирок эмгек жолун Фрунзе атындагы колхоздо катардагы колхозчулуктан баштаган.

Кийин "Катта-Талдык" мамлекеттик асыл тукум кой өстүрүүчү заводунда башкы чабан болуп иштеп, өз кесиби боюнча иш-тажрыйбасын уламдан-улам арттыра берет.

Кой багуунун ысык-суугун башынан өткөрүп, кой өстүрүүнүн алдыңкы тажрыйбаларын өздөштүрүп устаттыгы артат. Ошентип, 1954-1957-жылдары өзүнө бекитилген койдун ар жүзүнөн 115-116 дан козу, ар койдон 4,9 килограмдан жүн кыркып берүүгө жетишет. Ак эмгектен эрезеге жетип, Кыргызстан компартиясынын XI сьездине делегат болуп катышып келет.

1957-жылы талбаган аракетинен жаратылган жогорку эмгектик көрсөткүчтөрү үчүн Социалисттик эмгектин Баатыры деген жогорку наамга татыктуу болгон.

Ошондой эле Сра Исаков кийин чарбада жылкычы болуп иштеп жүрүп Ленин ордени жана медалдар менен сыйланган.







## Физика-математика илимдеринин кандидаты, Эл агартуунун мыктысы (отличниги) доцент КУЛТАЕВ Топчубай Чөкөевич

Агартуу майданынын мыкты окумуштуусу Топчубай Култаев 1958-жылы Жоош айылында төрөлгөн. Айылынан орто билимге ээ болору менен Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун өзү сүйгөн физика-математика факультетине кирүү экзаменин ийгиликтүү тапшырып 1974-жылы студент болуп калат.

1979-жылы жогорку билимдүү диплом менен айылындагы мектепте катардагы мугалимдик кесиптен эмгек чыйыры башталат.

Көп өтпөй Топчубай Култаев жогорку окуу жайына окутучулукка чакырылат. Оболу ОшМУда окутуучу, ага окутуучу, доцент болот. Өз кесибинде өрнөктүү иштегендиктен ОшТУда декандын орун басары, кийин Университеттин профкомунун төрагасы болуп шайланат.

2000-жылдан ушул кезге дейре Ош Мамлекеттик Университетинин "Экономикадагы математикалык методдор" кафедрасынын башчысы.

Диференциялык теңдемелер, экономиканын математикалык жана инструменталдык методдору боюнча мыкты адис экени окумуштуулар арасында кеңири маалым. Ошондуктан Т.Култаев Кыргыз республикасынын Эл агартуусунун мыктысы (отличниги) деп табылып төш белгиси салтанаттуу тапшырылган. Билим, илим жана жаштар саясаты министрлигинин Ардак грамотасы менен төрт жолу сыйланган.

Алтымыштан ашуун илимий-методикалык эмгектери, анын ичинде 10 окуу китеби жана окуу-методикалык көрсөтмөлөрү басылып чыккан. Андан башка 5 багытта тематикалык илимий иштер менен алгылыктуу аракеттенүүдө.



## Ички иштер кызматынын подполковниги КАМИЛОВ Таалайбек Жакшыбаевич

"Адамдын жакшысын тың дейт, жыгачтын жакшысын чың дейт" деп жашынан атасы көп айтчуу. Ошондон улам жашынан спорт менен машыгып чың да, жолдоштурунун арасында тың да өскөн Таалайбек Камилов 1961- жылы 5-октябрда төрөлгөн. Айылындагы "Победа" орто мектебинен 8-классты бүтүргөн күбөлүгү менен Оштогу айыл чарба техникумунун агрономдук факультетине кирип окуган. 1980-жылы техникумду аяктап, Советтик армиянын катарында кызмат өтөөгө бет алат. Болгондо да Таалайбек Жакшыбаевич жоокердик кызматты Чехословакиянын 48-мотострелковый дивизиясынын борбордук группасында эң мыкты кызмат өтөөгө жетишкен. Чет өлкөдө өтөгөн жоокердик кызматы Таалайбектин агрономдук кесибин өзгөртүүгө түрткү болду.

Армиядан ары 1982-жылы Ош областык ички иштер башкармасынын карантиндик кызматына милиционер болуп кирет. Ички иштер кызматында өзүнүн мыкты сапаттарын көрсөтө алган Таалайбек Жакшыбаевичти 1984-жылы СССРдин ички иштер Министрлигинин Калининграддагы атайын милиционер мектебине жөнөтүлөт. Ички иштер министрлигинин атайын окуу жайын 1986-жылы ийгиликтүү аяктаган жаш кадр Ала-Бука райондук ички иштер бөлүмүндө участкалык инспектор болуп 1989-жылга чейин үзүрлүү эмгектенген.

Ал эми 1989-жылдан 1995-жылга дейре Сузак райондук ички иштер бөлүмүндө кылмыш иштерин изилдөө иштери боюнча начальник болуп иштеген. 1995-1999-жылдары Жалал-Абад облустук ички иштер башкармасында өзгөчө кырдаалдардагы кылмыш иштерин кыдыруу боюнча оперативдүү полномочениесинин жетекчиси, 1999-2000-жылында Бүргөндүдөгү милиция бөлүмчөсүнүн начальниги, 2000-2001-жылында Ош облустук ички иштер башкармасында бөлүмдүн начальниги болуп сергек, оперативдүү кызматтарын көрсөтө алган.

Иштеп жүрүп Кыргыз Мамлекеттик Университетинин юридикалык факультетин сырттан окуган жогорку билимдүү юрист Таалайбек Камилов 2001-2004-жылдары облустук ички иштер башкармасынын кабыл алуу, бөлүштүрүү кызматынын начальниги болуп кызмат өтөгөн.

2004-жылдан бери милициянын күзөт көзөмөлдөө кызматтар батальонунун командиринин орун басары. Таалайбек Камилов ушул тапта деле 45тин кырында, тоо томкоро турган куракта. Демейдегидей кандай кызматта болбосун майын чыгарып иштеп келүүдө.







## Ички иштер кызматынын подполковниги, жеке ишкер КАЛБЕКОВ Абдумиталип Муратович

Абдумиталип Калбеков райондун эң алыскы Кербен-Кол айылында 1956-жылы 17-майда төрөлгөн. Жаштайынан чыйрак, шамдагай өскөндүктөн орто мектепти бүтөрү менен Советтик армиянын катарына чакырылган. Мектеп жашынан спорт менен такай машыгып жүргөндүктөн аскердеги жоокердик кызматын да эң мыкты аткарып кайткан.

Армияда эң жакшы кызмат өтөп, мактоо баракчасы тиркелген мүнөздөмө менен келген Абдумиталип Калбеков ички иштер кызматында иштөөнү эңсей баштайт. Анын өмүр баяны, мактоо баракчасы менен мүнөздөмөсүн окуп, тайманбаган-шамдагай мускоол турган-турпаты, мүнөздөрү менен таанышкан райондук ички иштер бөлүмүнүн начальниги өзүнүн жакшы ой-пикирин тиркеп, облустук комиссияга жолдогон.

Турмушта умтулган адам утат дегендей, Абдумиталип Муратович армия формасын-милиция кийимине алмаштырып, ички иштер кызматында иштеп калат. Эңсеп сүйгөн кесибинде өтө сергек, жооптуулук менен кызмат өтөп кирет. Бирок, өзүнүн атайын билиминин жоктугун унутпады, тынчын алды. Ошондуктан, 1983-1985-жылдары Фрунзе шаарындагы атайын милиция окуу жайынан билим алган. Болгондо да ал окуу жайын артыкчылык диплом менен аяктагандыктан шаардагы Ленин райондук ички иштер бөлүмүндө оперативдүү топ менен иштеп калат.

Албетте мыкты, өзү ишин жакшы билген кадрларды бардык оперативдүү участкаларга жиберип тураары бештен белгилүү эмеспи.

Абдумиталип Муратович ички иштер министрлигинин эң оперативдүү участкаларында ак ниет кызмат кылып жүрүп, 1980-жылдан 2005-жылга чейинки эмгек жолу менен эс алууга чыккан.

"Иштебеген темирди дат басат" деген Абдумиталип Калбеков милициянын запастагы подполковниги-жеке ишкердик ишин да ийгиликтүү өтөөдө.

Залкар комузчу Болуш Мадазимовдун устаты Молдо Калбек уулу Мурат Абдумиталип Муратовичтин атасы болгондуктан бир жагынан музыка жандуу өскөнүн жашыра албайт. Аккордеон-комузда ойной алат. Ошондуктан, уулу Дастан келинчеги менен эстрада коллективинде ырдап чыгышып "Ырдалып бүтпөгөн махабаттын" көркүн чыгарышууда. Демек, аккан арыктан суу агат деген ушул тура.

## *Милициянын отставкадагы подполковниги, жеке ишкер КАЛБЕКОВ АБДУМИТАЛИП МУРАТОВИЧКЕ*

Кутман курак элүү жашың кут болсун!
Эл тилеги аткарылып бүт болсуң.
Чебере тойдо чеке тердеп олтургун,
Элүү жашка-элүү кошуп жуп болсун!

Элүү жашка - жеңил желпи келбеди,
Жашоо өгөө канча нервдер желбеди.
Тагдырыңдын таш боордугу чын белем,
Алтын тойго апаң жетип келбеди.

Кызматыңдын ырахатын көрдүң го,
Балдарыңа тынбай көңүл бөлдүң го.
Ачуу-таттуу турмуш жүгүн аркалап,
Кыйындыктын кыйласына көндүң го.

Корчагиндей майышпадың, жалкыбадың,
Максатыңдан чегинбедиң, кайтпадың.
Үй салууда усталар да там берди,
Ишкер Абин чарчадым деп айтпадың.

Эр жигиттер сенден өрнөк алса экен,
Бакыт шамың өчпөй дайым жанса экен.
Өмүр көчүн улай турган балдарың,
Сени тартып, сендей болуп калса экен - деп

***жезден менен жэең.***







## Техника илимдеринин кандидаты, И. Раззаков атындагы политехникалык институттун деканы КАРИМОВ Бакытбек Токтомуратович

Бакытбек Каримов 1961-жылы 11-июлда Большевик айылында төрөлгөн. Кара-Суу шаарындагы Ленин атындагы орто мектепти алтын медаль менен бүтүргөн.

Жашынан терең билимге сугарылып келаткан жигит 1978-жылы Бишкек шаарына барып борбордук жогорку окуу жайларына кабыл алуучу конкурстук экзамендерге катышып, Киев шаарындагы Политехникалык институтунун автоматика-телемеханика факультетине ийгиликтүү өтүп калат. Албетте Кыргызстандан барып Киев шаарында окуп калуу сыймыгы Бакытбек Токтомуратовичтен өтө зор аракетти талап кылаарын унуткан жок.

1985-жылы аталган жогорку окуу жайын артыкчылык диплом менен аяктап, ошол эле жылы институттун аспирантурасында окуп, иштеп калат. 1988-жылы илимий-ишин жыйынтыктап, кандидаттык диссертациясын жактап, аспирантураны бүтүрүп чыгат. Техника илимдеринин кандидаты Бакытбек Каримов ошол институтта иштеп, докторантурада калат.

Техникалык илимдер боюнча илимий-ишин ар тараптан тереңирээк изилдеп, жактоо алдында, Бишкек шаарындагы Исках Раззаков атындагы политехникалык институтуна которулуп келип иштөөгө туура келген. Ал азыр институттун автоматикалаштырылган-эсептөө факультетинин деканы.

Ал эми атасы райондун саламаттык сактоо тармагында 48 жылдан ашык башкы врач, анын орун басары болуп талбай иштеген, ак ниет, саламаттык сактоонун мыктысы Каримов Токтомурат азыр ардактуу эс алууда.

Райондун ушундай ардактуу инсанынын уулу Бакытбек техника илимдеринин доктору, кызы Минара - илимдин кандидаты деген диссертацияларын жактаганы турушат.



## Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими КАРИМОВА Тургунай

Өзбекстандын Фергана шаарында 1920-жылы 20-мартта төрөлгөн. Жашынан чапчаң, ишкердүү кыз 16 жашында рабфакты бүтүргөн. Ошол эле жылы Тургунай Каримова Фергана педагогикалык институтунун химия-биология факультетине кирип окуйт.

1940-1944-жылдары комсомолдун Фергана облустук комитетинде иштеген.

1944-жылы Кыргыз Республикасынын "Кызыл-Шарк" колхозуна турмушка чыгып келет. Келген жылы адегенде "Кызыл-Шарк" (азыркы Таширов атындагы) мектебинде катардагы мугалим болуп иштеп кирген. Эки жылдан кийин окуу бөлүмүнүн башчысы болот.

1963-1975-жылга дейре ошол мектепте директор болуп иштеп жүрүп. Ардактуу эс алууга чыккан.

1961-жылы Эл агартуунун мыктысы (отличниги) болот.

1963-жылы "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими" деген жогорку наам берилген.

Он бир уул-кызды эрезеге жеткирген, Социалисттик эмгектин эки жолку Баатыры Хайтахун Ташировдун өмүрлөш жубайы Тургунай Каримова - бүгүнкү күндө айылдын кадырман карысы, 86 жаштагы бактылуу эне.

### *Баатырдын баатыр жарына*

Социалисттик эмгектин эки жолку Баатыры ХайтахунТашировдон 40 жашында жесир калган, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими Тургунай Каримова он бир баланы окутуп-чокутуп, бардыгын жогорку билимдүү, үйлүү-жайлуу кылганча 33 жыл өтүп кетиптир.





**Эмгектин чыныгы баатыры, турмушта эл деп кирсиз-таза жашаган инсандын арбагын туу тутуп жашап келаткан аялзатына**

## *Арноом*

Баатырды барктап баккансыз,
Ырыстуу уул-кыз тапкансыз.
Балдардын үзүрүн көрөөрдө,
Кайгынын сазына баткансыз.

Жок,
Бар-жокко багынбадыңыз,
Тагдырга жалынбадыңыз.
Жашоонун катаал күнүндө,
Ырахатка малынбадыңыз.

Баатырдын арбагын сыйладыңыз,
Төгүлгөн-чачылганын жыйнадыңыз.
Артынан кетмек белеңиз,
Балдарды кыйбадыңыз.

Баатырдын Баатыр жарындай,
Жүрүңүз эми чабылбай.

Тургунай апа!
Тынымга көңүл буруңуз,
Биз дагы кызыңыз, уулуңуз.
Энелер сизден үлгү алсын,
Дүйнө турганча туруңуз!



## Социалисттик эмгектин Баатыры
## Иманжан КАРИМОВ

Пахта өстүрүүнүн устатттарынын бири Иманжан Каримов 1906-жылы Нариман айылында төрөлгөн. Ошол айылда окуп, эмгек менен эр жетет. Талаа жумушуна көзү каныккан жигитти Ленин атындагы колхоздун адистери звеновойлукка көрсөтүшөт. Бул жооптулукка туура түшүнгөн Каримовтун звеносу өздөрүнө бекитилген 3 гектар аянттын ар гектарынан 86 центнерден баалуу түшүм жыйнап беришет.

Звено башчысы Иманжан Каримов Кыргыз ССР Жогорку Советинин 4-шайланышына депутаттыка шайланат.

Жылдан жылга пахтанын түшүмдүүлүгүн жогорулатып жаткан звено башчысы Каримов Иманжан 1948-жылы Социалистик эмгектин Баатыры деген жогорку наам жана Ленин ордени менен сыйланган.

Звено башчысы Иманжаң Каримовдун өкмөттүк сыйлыктарына кубанышкан жамааты ансайын эмгек этүүгө белсенишкен.







## Залкар комузчунун устаты
## МОЛДО КАЛБЕК
## уулу Мурат

Молдо Калбек уулу Мурат 1898-жылдын үчтүн айынын 14-дө Кербен-Кол айылында төрөлгөн. Атасы комузчу болгондуктанбы Мурат кыргыздын улуттук аспабына жаштайынан ынтаа коюп калган. Ошондуктан атасын ээрчип жүрүп чоң жыйындарда чертилген күүлөрдү элдин зор ынтызар менен кабыл алышы, анын шыгын ансайын ойготкон. Он жашка жетип-жетпей обондуу жеңил күүлөрдү чертип калат. Атасынын молдочулугу басымдуулук кылгандыктан уулу Муратты астейдил үйрөтүп кирет. Анткени, уулунун комузга болгон кызыгуусу уламдан-улам күчөп, атасы черткен чоң күүлөрдү үйрөнүүгө далалат кыла баштаган. Аракет алга жетелейт деген чын тура. Мурат 15-20 курагында эле комузчу бала атыгып, эл чогулган жыйындардын эрмеги болуп калат.

1936-жылдан 1960-жылга дейре Ош шаарындагы эс алуу үйүндө чарба иштери боюнча мүдүр болуп эмгектенет. Эс алууга келген эмгекчилерге бир-эки жолу комуз чертип берип коюп, кийин ал кишинин тынчын алышчу болушкан. Ошондон улам Мураттын мыкты комузчулугу кыргыз элинин кыйырына тарап, көптөгөн ышкыбоздору алыс-жакындан келишип таалим-тарбия алышап, комуз чертүүнү үйрөнө башташ-кан.

Айтылуу залкар комузчу, Кыргыз Республикасынын Эл артисти, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Болуш Мадазимов устаты Молдо Калбек уулу Муратты оозго көп алчу экен. Анткени, ал кишини үйүнө коноккo чакырып күү черттирип, алмак-салмак чертишип, таң аттырып ийген күндөрү болгон. Ал кишинин Болуш Мадазимов өңдүү инсандарга үйрөткөндөрү гана болбосо, көзү тирүү кезинде черткен күүлөрүн тасмага жазып калган кызыгдар жан болгон эмес.

Аттигинин! Канчалаган, түрлөнтүп, ар кыл кайрууга салып черткен комуз күүлөрүн жарыктык киши өзү менен кошо алып кетти. Молдо Калбек уулу Мураттын аткаруусундагы комуз күүлөрүн кулактын курчун кандырып бүгүнкү күндө да угуп турсак болбос беле…



## Кыргыз Республикасынын Эл артисти Ташбек КУДАЙБЕРДИВ

Улуу муундагы таланттуу инсандардын бири Ташбек Кудайбердиев Жоош айылында 1939-жылы 8-декабрда төрөлгөн. Ал айылдагы ШКМ менен Токтогул атындагы орто мектепти бүткөн соң театралдык окууну эңсеген. Анын бул эңсөөсү Ташкенттеги А.Н.Островский атындагы театралдык көркөм институтуна алып келген.

1963-жылы Театралдык көркөм окуу жайын ийгиликтүү бүтүрүп, Кыргыз мамлекеттик (азыркы Токтогул Сатылганов атындагы) филармониядан чыгармачылык эмгек чыйырын баштаган.

1964-жылы Тянь-Шань (азыркы М.Рыскулов атындагы) музыкалык драма театрында он жыл жаштык жигери менен иштейт.

Чыгармачылык баралы оожалып, күч алып турган курагында 1974-жылы Ош кыргыз драма театрына келип чыгармачылык жүзүн ачкан.

Ал чыгармачылык табияты назик артист катары сахнада эсте каларлык сандаган мүнөздөгү образдарды жараткан. Баарын атабасак да: Н.Гоголдун "Текшерүүсүндө" Бабчинскийди, А.Грибоедовдун "Акылдан азабынан" Скало Зубду, Б.Жакиевдин "Миң кыялынан" Атаканды, М.Ауэовдун "Каракөзүнөн", Жарылгапты, Э.Эрматовдун "Туяктын ырынан" Долгур ханды, А.Абдулиндин "13-башкармасынан" Закировду, Т.Абдумомуновдун "Алдаркөсөсүнөн" Жанчарханды, "Таркапчыгайынан" Түлкүбаевди жана башка көптөгөн көрүүчүлөрдүн купулуна толуп, унутулгус образдарды жаратып, сахна өнөрүнүн өркүндөшүнө бараандуу салым кошуп келетат.

Ташбек Кудайбердиевдин театрдагы эмгеги жогору бааланып, Кыргыз ССРинин жана Өзбек ССРинин Жогорку Советтеринин Ардак грамоталары менен сыйланган.

Театр өнөрүнө сиңирген чоң эмгектери үчүн 1988-жылы "Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген артисти", 1997-жылы "КРнын Эл артисти" деген ардактуу наамдарга татыктуу болгон. Жогоркудай кайталангыс мүнөздөгү кейипкерлерди жаратууда дагы эле чаалыкпай изденүүдө.







## Кыргызстан Улуттук жазуучулар жана журналисттер союздарынын мүчөсү, акын КУЛУЕВ Сабырали

Ар тарабынан зирек көрүнгөн Сабырали Кулуев 1938-жылы 5-майда Мады айыл өкмөтүнө караштуу Кыргыз-Чек кыштагында төрөлгөн. Мадыдагы орто мектепти бүтүргөн соң 1956-жылы (ошондогу) Фрунзе атындагы колхоздо комсомол комитетинин секретары болуп иштеп жүрүп, 1958-жылы облустук "Ленин жолу" газетасына адабий кызматкерликке которулат.

1964-жылдын сентябрь айынан Ташкенттеги партиялык жогорку мектепке жөнөтүлөт. Аны бүтүрүп келип, кайрадан облустук "Ленин жолу" газетасында жооптуу катчы болуп иштей баштайт.

1970-жылдан Ош облустук телерадио комитетинде башкы редактордун орун басары, кийин башкы редактор болуп иштеген. 1974-1977-жылдары республикалык "Советтик Кыргызстан" (азыркы "Кыргыз Туусу") газетасында түштүк региону боюнча кабарчылык вазыйпасын аркалаган. Ал эми 1977-1991-жылдарда болсо республикалык телерадио комитетинин Ош облустук кабарчылар пунктун жетектесе, 1994-жылдан эл аралык "Заман Кыргызстан" газетасынын Оштогу кабарчысы болуп иштеген.

1956-жылдан бери чыгармачылыкка бет алган Сабырали Кулуевдин олуттуу публицистикалык, проблема көтөргөн очерк, макалалары, көркөм табитинди кандырган ырлары облустук, республикалык газета журналдарда жарык көрүп келет.

"Ош жөнүндө ода" жыйнагынын автору.

Ал 1996-жылдан Кыргызстан Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү.



## Кыргызстан Улуттук жазуучулар жана журналисттер союзунун мүчөсү
## КУТТУБАЕВ Темирбек

*"Туюмумда жөнеле жаралып келбегенмин,*
*Тагылган мага да аткараар вазыйпам,*
*Жана да айтаар кебим..."*

***Т. Куттубаев***

Жазуучу-журналист Темирбек Куттубаев Ак-Жар айылында 1947-жылы 25-сентябрда төрөлгөн. Он алты жашынан тартып Киров атындагы колхоздо жаштар бригадасынын катчысы жана эсепчиси болуп иштеген. 1966-жылы Советтик армияга чакырылып, кызматын өтөп келгенден кийин, 1972-жылы Москвадагы Бүткүл союздук М.Горький атындагы адабият институтуна кирип окуп жүрүп, ден соолугуна байланыштуу дарылануруга аргасыз болгон. 1975-жылдан ошол институтта окуусун сырттан улантып жүрүп дагы оорун бүтүрө албай калат.

Темирбек Куттубаев 1973-жылдан облустук "Ленин жолу", райондук "Эмгек майданы" газеталарында кабарчы, бөлүм башчы, обл.ЛИТде саясий редактор, 1992-жылдан "Ош шамы" газетасынын башкы редакторунун орун басары болуп иштеген.

Темирбек Куттубаевдин адабий чыгармачылыгы 1968-жылы "Менин Эжекем" деген аңгемеси "Кыргызстан аялдары" журналына жарыялангандан башталгандай. Ошондон тартып чыгармалары облустук, республикалык газета-журналдарда, альманахтарда жарык көрүп келе жатат. Эки китептин автору.

Бир канча курч сюжеттүү повесттер менен аңгемелеринин айрымдары басма сөздөрдө сандан-санга жарыяланса да, андай чыгармалардын жыйнагын чыгарууга каражат маселеси бөгөт болууда.

Ал Кыргыз Республикасынын Грамотасы, Кыргызстан журналисттер союзунун, Ош облустук жана Ош шаардык мамлекеттик администрацияларынын Ардак грамоталары менен сыйланган. 1977-жылдан журналисттер союзунун, 1996-жылдан Кыргыз республикасынын Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү.

Кыргызстан жазуучулар союзунун тарыхында биринчи жолу китеби чыгалекте эле жазуучулар союзуна мүчөлүккө акын Жолон Мамытов кабыл алынган болсо, экинчиси, жазуучу Темирбек Куттубаев болгон.







## Ички иштер министрлигинин ардагер полковниги
## КОЖОШЕВ
## Муктар Тажибаевич

Жаштайынан кыңыр ишти кыртышы сүйбөй өскөн Муктар Кожошев 1952-жылы Жаңы-Арык айылында төрөлгөн. Айылынан орто билим алгандан кийин Кыргыз Мамлекеттик Университетинин юриспруденция (юридикалык илимдердин жалпысы) адистиги боюнча окуусун сырттан улантат.

Ал "Кыргызстан" совхозунда катардагы жумушчу болуп иштеп жүрүп Советтик армиянын катарына чакырылат. Чехословакияда эки жылдай эң жакшы кызмат өтөп келген Муктар Тажибаевичти облустук ички иштер бөлүмүнө кызматка алышат.

1976-1978-жылдары СССР ички иштер министрлигинин алдындагы атайын милиция мектебинен окуган. Ошондон улам 1978-1979-жылдары облустук ички иштер башкармасынын 5-бөлүмүндө инспектор, 1979-1984-жылдары Өзгөн райондук ички иштер бөлүмүндө БХСС бөлүмчөсүнүн начальниги, 1984-жылдын ноябрь айынан 1986-жылдын ноябрь айына чейин Кара-Суу райондук ички иштер бөлүмүндө дежур постунда кезекчилик кызматтарында иштеген.

1986-жылдын ноябрь айынан Таш-Көмүр шаардык ички иштер бөлүмүндөгү спец. комендатуранын начальнигинин орун басары, 1987-жылдын декабрь айынан Алай райондук ички иштер бөлүмүнүн БХССинде, 1989-жылдын февраль айынан Ош облустук ички иштер башкармасында ОБХССтин оперативдүү ага полномочениясы, 1991-жылдан август айынан Алай райондук ички иштер бөлүмүнүн начальнигинин орун басары өңдүү жооптуу кызматтарды аткарган.

Ал эми 1994-жылдын июнь айынан Лейлек РОВДсынын начальниги, 1997-жылдын июль айынан Ош облустук УВДнын начальниги-

нин орун басары, 2001-жылдын февралынан 2002-жылдын март айына чейин Өзгөн РОВДсынын начальник кызматтарында иштеп келген. 2002-жылдын мартынан тартып Кыргыз республикасынын ГУИН Башкармасында кадрлар бөлүмүнүн начальниги болуп иштеп туруп 2004-жылдын июнь айынан жашы боюнча эс алууга чыккан.

Бирок,2004-жылдан 2005-жылдын декабрь айына дейре "Энергобанк" ОАО коопсуздук кызматынын начальниги болуп иштеп туруп, ОшМУнун ботаникалык багынын директорлугуна которулган. Ушул тапта милициянын запастагы полковниги Муктар Кожошев карыдымарыдым дебестен эмгек жолун улоодо.

Муктар Тажибаевичтин облустук, республикалык ички иштер башкармаларынан алган Ардак грамоталарын айтпаганда да Баткен окуясында террористтер менен күрөшүүдө көрсеткөн эрдиги үчүн КРнын Ардак грамотасына татыктуу болгонун сыймык менен белгилөөгө тийишпиз.







## Социалисттик эмгектин Баатыры, мыкты теримчи-звено Сарахан КОЧКОРОВА

1928-жылы Калинин кыштагында төрөлгөн. Ошол айылда окуп, ошол Калинин атындагы колхоздун пахта талааларында иштеп, кол кабыш кылып чоңойгондуктан пахтачылыкка ышкын коюп калган.

1946-жылдан эле пахтазарда башкаларга өрнөк болуп иштеген Сараханды звено башчылыгына көрсөтүшөт. Жашынан пахтазарда иштеп чоңойгон, ак эмгектин акыбети кандай болоруна көзү жеткен Кочкорова звенолукта да камчы салдырбай иштеп кеткен.

Эл ишенимине ээ болуп Кыргыз ССР Жогорку Советинин (3-шайланышына) депутат болот.

Звенонун кужурмөндөрү өздөрүнө бекитилген аянттын ар гектарынан 88,8 центнерден баалуу түшүм жыйнап бере башташат.

1984-жылы жогоркудай эмгектик ийгиликтери үчүн Социалисттик эмгектин Баатыры деген жогорку наамга татыктуу болуп, Ленин ордени менен сыйланат.

Андан сырткары эмгек менен агарып-көгөрүп келе жаткан Сарахан Кочкорова "Ардак белгиси", "Эне даңкы" ордендери менен бир канча медалдардын кавалери болгон.



## Кыргыз Республикасынын Эл артисти, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты МАДАЗИМОВ Болуш

Кыргыз элинин залкар комузчусу Болуш Мадазимов 1927-жылы 1-февралда Лаглан айылында туулуп өскөн. Орто мектептен билим алгандан кийин көп жылдар боюу Мады айыл өкмөтүндө (мурдагы Фрунзе атындагы колхоздо) маданият үйүн жетектеп, элдин-жердин маданиятын көтөрүүдө талбай эмгектенген инсандардын бири болгон.

1968-жылы 29-майда Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланган. Жогорку сыйлыкка жооп кылып Болуш Мадазимов Маданият үйүнүн ишин ансайын мыкты уюштуруп, облустук деңгээлдеги мактоолорго алына баштайт.

Уюштургуч, иш билги комузчунун эмгеги жерде калбай, 1976-жылы 12-февралда "Кыргыз ССРинин Маданиятына эмгек сиңирген кызматкери" деген ардактуу наамга татыктуу болот.

Ал эми залкар комузчунун кыргыздын көөнөрбөс элдик күү мурастарын пропагандалоодогу эмгеги эске алынып 1989-жылы Кыргыз ССРнин Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгы ыйгарылган.

1991-жылы 26-августа "Кыргыз Республикасынын Эл артисти" деген жогорку наам берилет.

1997-жылы 22-декабрында Ош Мамлекеттик Университетинин Ардактуу профессору болот.

СССР маданият Министрлиги, "Правда" газетасынын редакциясы, ВЛКСМдын Борбордук Комитети бир нече ирет дипломдор менен сыйлаган.

2000-жылы VI Эл аралык фестивалда "Түркстан жана улуу талаа музыкасынын" дипломун жеңип алган.







## Кыргыз Республкасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, акын, прозаик, драматург МАМАЗАИРОВА Меңди

Инсандагы не бир касиеттер, өзгөчөлөнгөн мүнөздөр, кепете-кешпирлер атадан-балага кандан өтүп келаткандыгы төгүнбү. Кийинкиси өзүнүн аракет-дараметине, айлана-чөйрөсүнө карап өнүгүп-өсүп атпайбы. 1943-жылы Төлөйкөн айылдык Кеңештин Коңур-жаз (мурдагы Озгур) айылында төрөлгөн Меңди Мамазаированын бешенесине да так ошондой тагдырды жазган экен кудайым. Атасы Мамазаирдин сөзмөр, жомокчулугу кызына кантип өтпөсүн. Ошондон болсо керек, Меңди 4-класстан эле ыр жазууга дааалаттана баштайт. 8-класста окуп атканда облустук "Ленин жолу" (азыркы "Ош жаңырыгы") газетасына "Китеп" деген алгачкы ыры жарык көргөн. Кийин ал шык-талант жанына тынчтык бербей адабият айдыңына чакырган.

1963-жылы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин филологиялык факультетине кирип окуп калган Меңди Мамазаирова адабиятка ансайын баш-оту менен кирип кеткендей болду. Анткени, ал жерде адабияттын дөө-шааларынан сабак алып, дүйнөлүк классиктердин чыгармалары менен сугарыла баштаган. Ошондуктан дээринде бар зирек Меңдинин студент кезинде эле ыр-аңгемелери республикалык "Ала-Тоо" журналына басылып, окурмандарына таанылa баштаган.

Университетти бүткөн соң эмгек жолун Кырыз Мамлекеттик телерадио комитетинде эмгек чыйырын баштап, кийин республикалык газета-журналдарда чыгармачылык менен иштеп жүрүп, 1996-жылдан кайрадан Республикалык телерадио компаниясында: "Руханият", "Алтын казына", "Инсан", "Адеп", "Абалың кандай адабият?", "Кыз-жигит" сыяктуу телекөрсөтүүлөрдү зор эргүүлөр менен даярдап келүүдө.

Адабияттагы орду, чыгармачылык жүзүн анализдеген сынчылардын "Кыргызстан маданияты", "Кырыз руху" ж.б. газета-журналдарга басылган адабий-сын макалаларын окуган болсоңуз - Меңди Мамаза-

ированын чыгармачылыгындагы өзгөчө табылгаларды, жанрдык жактан көп кырдуулугун, адабий көркөмдүүлүктүн бийик үлгүлөрүн даана көрө аласыз. Анткени студент кезинде жазган "Самат, мен сени издеп келдим" деген аңгемесинен тартып, 70-80-жылдардагы "Чалдын ыйы" аттуу аңгемеси менен "Турумтай" романындагы өсүштөргө адабиятчылар тарабынан берилген адилет баалар Менди Мамазаированын кыргыз адабиятындагы орду бараандуу экенинен дарек берип турат.

Менди Мамазаированын "Наристеге арналган хризантема", "Үй", "Кымгуут түшкөн бир күндө", "Аппак аял, айдай кыз" ("Бахустун ак көйнөгү") драма-трагедиялары анын чыгаан драматургдардан экенин далилдейт. Ал эми акындык дараметин таразалган поэтикалык жыйнактары кандайдыр жеткилең өз баасын албай жаткансыйт.

Кыргыз адабиятындагы, маданиятындагы эмгектери жогору бааланып маданият, театрлар коомдорунун Ардак грамоталарына арзыганын айтпасак да, "Кыргыз республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери" деген сыймыктуу наамга татыктуу болгонун кубануу менен белгилөөгө болот.

Дагы бир баса белгилей турган жагдай Менди Мамазаирова Түштүктөгү аялзатынан чыккан биринчи акын, прозаик, драматург экенин тан алышыбыз керек. Бул деген өмүрлөш жубайы Кыргыз адабиятынын классиги, улуу инсан Жолон Мамытовдун арбагын туу тутуп келаткандыгынын символу эмеспи? !







## Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты XX кылымдын залкар акыны МАМЫТОВ Жолон

Кайталангыс таланттуу акын Жолон Мамытов 1940-жылы 1-апрелде Төлейкен айылында төрөлгөн. Орто мектепти эң жакшы аяктаган соң, Кыргыз айыл чарба институтунун ветеринариялык факультетине экзаменди артыкчылык баалар менен тапшырып окуп калат.

Жогорку окуу жайын да ийгиликтүү бүтүргөн жаш ветврач "Катта-Талдык" асыл тукум кой өстүрүүчү совхозго келип иштеп калат. Бул кесипте бир топ жыл эмгектенген.

Алтымышынчы жылдын аяк чендеринде Ош облустук радио уктуруунун башкы редакциясы ачылып, ал жерде редактор-диктор, кийин башкы редактордун орун басары болуп үлгүлүү иштеген.


Таланттуу акын Жолон Мамытовду 1977-жылы "Кыргызфильм" студиясына ага редакторлукка кызматка чакырып, которулуп кетет. 1982-жылдан "Кыргызстан маданияты" жумалыгында бөлүм башчы болуп иштеп калат.

1986-жылы Кыргызстан жазуучулар союзунун төрагасы Чыңыз Айтматовдун орун басары болуп ийгиликтүү иш жүргүзүп аткан жылдарда шум ажал торуп, алып тынган.

Кыргызстан жаштар сыйлыгынын лауреаты Жолон Мамытов чыгармачылыкка жигердүү киришип "Отту Сүйөм" деп баштап, "Жүз жашка тол кылым" деген жыйнагына чейин кыргыз поэзиясына жаңы чыйыр салган бир канча китептин автору болуп калган эле.

Оттой жалындаган талант "Жүз жашка тол, кылым" деген жыйнагы үчүн Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты болгонун өзү башында туруп тойлобой калбадыбы.

Аттиң, армандуу дүйнө!..



## Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген кызматкери МАМАТОВ Садык

Жаштайынан чакчарылып чыйрак көрүнгөн Садык Маматов 1911-жылы Жылкелди (азыркы Эркин) айылында төрөлгөн. Ал 1921-жылы Кара Суу шаарындагы баштапгыч мектепке жашы өтүп барып 1-класска олтурган. Андан бир жылдай өтпөй атасы Мамат да дүйнөдөн кайтыш болот. Кичинекей Садык карындашы Мисрат менен калгандыктан окуусун таштап колхоздо иштөөгө аргасыз болот. Желкелеген жетимдик турмуштун азабынан окуусун таштап колхоздо эсепчи болуп иштеп жүрүп, улам турмушту таанып, көзү ачыла берет.

1928-жылы Жала-Абад шаарындагы педагогикалык техникумга кирип окуйт. 1931-жылы педтехникумду бүтүрүп келип, райондогу Сталин атындагы мектепте катардагы мугалим, кийинчерээк окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштейт. 1932-1935-жылдары "Правда" мектебинде директор болуп иштеп атканда Орус-Фин согушу башталып кетип, Садык Маматов аскерге жөнөтүлөт. Согушта чалгындоо взводунун командири, лейтенант болгон. 1941-жылы согушта катуу жарадар болуп тылга кайтарылган.

Эр-жигиттердин бардыгы согушка кетишкендиктен тылда иштөө ансайын оорлошкон. Бирок, ага карабай Садык Маматов партиянын жолдомосу менен Москвадагы КПСС Борбордук Комитетинин алдындагы жогорку окуу жайга жөнөтүлүп, окуп калат.

1946-жылы партиялык жогорку окуу жайын бүтүп келип, Кара-Суу райкомунда секретарь болуп иштейт. Ал эми 1949-1953-жылдарда партиянын Ош облустук комитетинин айыл-чарба секторун жетектейт.





1953-1958-жылдары болсо партиянын Совет (азыркы Кара-Кулжа) райондук комитетин жетектеп турган. 1958-1960-жылдары Обкомдун мурда иштеп кеткен секторго кайра иштөөгө келет. 1960-1962-жылдарда Отуз-Адыр совхозунун парткому, 1963-жылдан өзү төрөлүп өскөн айылындагы Жданов атындагы орто мектебинин директору болуп иштеп жүрүп, ошол жерден эс алууга чыккан.

Садык Маматовдун Ата Мекен үчүн кылган ак эмгектери өкмөт тарабынан жогору бааланып Ленин, Эмгек Кызыл Туу жана Кызыл жылдыз ордендери, Жогорку Советтин Ардак грамоталары менен бир нече мертебе сыйланган. 1968-жылы Кыргыз ССРнин Жогорку Советинин жарлыгы менен "Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген кызматкери" деген сыймыктуу наам берилген. 1989-жылы көзү өткөндөн кийин Садык Маматовдун ысмын түбөлүккө калтырыш үчүн өзү иштеген Жданов атындагы орто мектепке атын ыйгарышкан. Ошентип эмгеги элге сиңген инсандын атына дак түшүрбөс үчүн Садык Маматов атындагы мектептин мугалимдер жана окуучулар жамааты бардык жагынан активдүүлүгүн көрсөтүп келишүүдө.

## *Жогорку Кеңештин депутаты МУРАТБЕК МАЛАБАЕВге каалоо-азил*

Адамдын да нечендеген түрлөрү бар,
Жашоонун ысык-суук күндөрү бар.
Эл үчүн эч талыбай канат какчу,
Муратбектин шаңшып чыкчу үндөрү бар.

Парыздын да эчен түркүн парызы бар.
Бири билсе, бири билбес карысы бар,
Элет жерин көтөрүүдөн аянбаган,
Муратбекте аянбастын дарысы бар.

Эл-жер үчүн төрөлгөн бала беле,
Жакырчылык ал үчүн жара беле.
Күйүп-бышып кележатат жардам этип,
Дале тынбайт али иши чала беле.

Бей-бечара Муратбекке ыйык беле,
Байгерчилик ал үчүн бийик беле.
Ар тараптан жардамды берип жатат,
Жалгыздатып, жалпы элди жыйып деле,

Спорт деди жаштарга көңүл бурду,
Ден соолук деп эс алууга көңүл бурду.
Ажы кылды эчен жанды ыйык тутуп,
Суу чыгарып, айылга мечит курду.

Басса-турса элге жаккан манаттай,
Көп сүйлөбөйт, элди бөөдө жадатпай.
Кайра-кайра депутаттык буйруптур,
Элдик болгон Төлөнов Араптай.

Депутаттык наказ жакта чаласы жок,
Жардамында эселенген аласы жок.
Бирок эми,
Баканооз депутаттардай боло көрбө,
Сессияда айткан сөзүң болсо экен ок.

Кичи пейил, жоош-Муратбектин болгону,
Өзү турат 45ке жашы толгону,
Шайлоочулардын чочуган эле жери:
"Жооштон жоон чыгат"
дегендей болбосо эле болгону.







## Социалисттик эмгектин Баатыры МАШРАПОВА Тургун

"Адам кагуу жеп кагылат, жеме угуп жетилет" дегендей, чыныгы эмгек үчүн жаралгандай болгон инсан Тургун Машрапова 1928-жылы 4-февралда Кызыл-Ордо айылында төрөлгөн.

1949-жылы Кара-Суу совхозундагы (анда Большевик дечү экен бул жерди) Машрапов Эгемназарга турмушка чыгып келген.

Талаада болсун, үйдө болсун тиричиликке бышык, ишине тың көрүнгөн келин бир жылдай өтүп-өтпөй звеновой болот. Эки-үч жылга жетпей 1964-жылдан пахтачылык бригадасынын жооптулугу жүктөлөт. Эмгегинен элге тааныла баштаган Тургун Машрапова 1963-жылы Лениндик Коммунистик партиянын катарына өтөт.

Талаа командири Тургун Машрапова совхоздогу чоң-кичиктин кадырлосуна, жумушчулардын ишенимине ээ болуп Кыргыз ССРнин Жогорку Советине төрт жолу, андан кийин СССР Жогорку Советинин 9-шайланышына депутат болгон.

Мындай сый-урматтар намыскөй аялды тынып-тынчытпады, ан сайын ак ниет эмгек менен аллурушуп, пахтанын туруктуу жогорку түшүмүн камсыз кыла берди.

1972-жылдын 28-декабрында СССР Жогорку Советинин Президиумунун секретары Михаил Порфирьевич Георгадзенин колунан Ленин ордени, "Орок жана Балка" алтын медалы менен Социалистик эмгектин Баатыры деген жогорку наамдын күбөлүгүн алган.

Адам эмгегине жараша чөгүп да кетет, учуп да кетерин Тургун Машрапова турмушунда айкын көрдү. 1973-жылдын 23-октябрында 140 өлкөдөн келген делегаттар менен Москвада өткөн эл аралык конгресске Кыргызстандан атактуу жазуучу Чыңгыз Айтматов менен Тургун Машрапованын катышканы сыймык эмеспи.

Ушундай инсанды кепке тарткың келет экен:
- Тургун эже, кары баскан жолду баары басат тура.
- Бирок, адамды акыл карытпайт.
-Эмне сиз карыбайсыз?
- Карылыктан кайта албайсың,
карыбайм деп айта албайсың...



## Социалисттик Эмгектин Баатыры
## МАСАИТОВ Атажан

Нариман кыштагындагы карапайым кедей дыйкандын үй-бөлөсүндө 1897-жылы 23-мартында төрөлгөн. Оболу катардагы эле колхозчу болуп иштеген.

1932-жылы Нариман атындагы (кийин Ленин атындагы) колхоздо звенону башкарып, пахтачылык боюнча алдыңкы катарда иштей баштайт. Звеносуна бекитилген 3 гектар жерден ар гектарынан анын эмгек азаматтары 80-85 центнерденге жеткирип түшүп жыйноого жетишкен.

Звенонун эмгектеги жогорку көрсөткүчтөрү үчүн Атажан Масаитов 1948-жылы Социалистик эмгектин Баатыры деген ардактуу наамга татыктуу болот.

1950-жылы зор ишеним менен Коммунистик партиянын мүчөлүгүнө кабыл алынат. Андан кийин деле талбай иштеген эмгеги үчүн Ленин ордени жана бир нече медалдар менен сыйланган.







## Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы, мамлекеттик кызматтын 1-класстагы кеңешчиси, облустук билим берүү жана жаштар саясаты башкармалыгынын башчысы
## МАШРАПОВА Гүлайым Эгемназаровна

Машрапова Гүлайым 1956-жылы Жоош айылында төрөлгөн. Орто мектепти аяктаган соң Ош мамлекеттик педагогикалык институнан жогорку билим алып, эмгек жолун 1978-жылы орто мектепте катардагы мугалим болуп иштөөдөн баштаган.

1985-жылы Эл депутаттарынын Жоош айылдык Кеңешинин, андан кийин Эл депутаттарынын Кара-Суу райондук Кеңешинин төрайымы болуп иштеген.

1995-жылы Ош облустук маданият башкармалыгынын башчысынын орун басары, ал эми 1997-жылы Кара-Суу райондук әлге билим берүү бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. Андан кийин Ош облустук билим берүү башкармалыгынын башчысы, облустук координациялык билим берүү борборунун директору кызматтарын аркалаган.

Ушул тапта Ош аймактык билим берүү жана жаштар саясаты башкармалыгынын башчысы болуп ийгиликтүү эмгек этүүдө.

"Кыргыз республикасынын грамоталары менен сыйланган. 2005-жылы "Элдик революция жылынын мыкты адамы" аталган. "Мамлекеттик кызматтын 1-класстагы кеңешчиси" деген ардактуу наамдын ээси. Үч баланын бактылуу энеси.



## Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Молдо Нияз атындагы облустук адабий сыйлыктын лауреаты, акын, прозаик жана драматург Таш МИЯШЕВ

Көп кырдуу талант даарыган Таш Мияшев 1931-жылы 22-майда Папан айылында төрөлгөн. Айылдагы жети жылдык мектепти бүтүрүп, орто билимди Ош шаарындагы орто мектептен алган. Орто билим менен облустук "Ленин жолу" газетасында кабарчы болуп иштей баштайт. 1952-1957-жылдары "Большевик" орто мектебинде мугалим, райондо инспектор, райкомдо инструктор, Ош облисполкомунда инспектор, облустук "Ленин жолу" газетасында адабий кызматкер болуп иштеген.

1959-1967-жылдарда болсо Кыргызстан жазуучулар Сюзунун Ош облусу боюнча кеңешчиси, "Ленин жолу" газетасында адабий кызматкер болуп иштеп жүрүп Ош Мамлекеттик педагогикалык институнун сырттан окуп бүтүрөт.

1967-1969-жылдары Москвадагы М. Горький атындагы адабият институтунда окуп келип, "Кыргызстан маданияты" жумалыгында Ош облусу боюнча кабарчы, 1972-1975-жылдарда облустук телерадио комитетинин төрөгасы болгон.

1976-жылдан "Ленин жолу" газетасына кайрадан ишке келет. Ал эми 1987-жылдан "Кыргызыстан маданияты" жумалыгында өз кабарчы болуп иштеп жүрүп эс алууга чыккан.

Таш Мияшев 1959-жылдан бери Кыргызстан жазуучулар союзунун мүчөсү. Жыйырмадан ашык китептин автору. Анын "Махабат менен коштошуу" повести эки жолу басылып, инсценировкаланып, Ош кыргыз драм театры сахналаштырып, элге тартуулап келе жатат.

1970-жылы үзүрлүү эмгеги эске алынып "Эмгектеги каармандыгы үчүн" медалы менен сыйланып, 1995-жылы "Кыргыз республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери" деген ардактуу наамга татыган. 2003-жылы "Данакер" ордени менен сыйланып, 2004-жылы "Ош шаарынын ардактуу атуулу" деген наам берилген.







## Эл Агартуунун мыктысы, персоналдык пенсионер МЫРЗАКАРИМОВА Айкөкүл

Кечээки эселек кыздан эл башчысы чыгат деп кимдин оюна келет. Болор бала башынан деген кеп бар эмеспи элибизде. Ошондой чакчарылган эселек кыз Айкөкүл Мырзакаримова 1946-жылы 3-июнда Кыдырша айылында төрөлгөн. Балаң болсо шок болсун, шок болбосо жок болсун дегендей, Айкөкүл классташтарынын катарында катылгандын катыгын бере койгону менен зирек, көзөмөл-баамчыл өстү. Ошондуктан Ош шаарындагы кыздар орто мектебин да 1963-жылы мыкты аяктап, көздөй көргөн курбу-курдаштары менен Ош Мамлекеттик педагогикалык институттун кыргыз тили жана адабияты факультетине кирип окуп калат.

1967-жылы эмгек жолун Өзгөн районундагы ЗАГС бюродо жөнөкөй иштөөдөн баштап, көп узабай 1969-жылы Совет (азыркы Каракулжа), районунун ЗАГС бюронун башчылыгына дайындалган.

Бакыт адамдын сапатын өзгөртпөйт, аны дааналап көрсөтөт деген элдик накыл кеп чын белем, Айкөкүл Мырзакаримованын өз ишине жөндөмдүүлүгү анын карьерасын өзгөрттү. Эл депутаттарынын Совет райондук аткаруу комитетинин секретары болуп иштегенде (1974 - 1978-жж) ал чакчыгайдай чакылдап кызматына тыңдыгын айкын көрсөтө алды.

Ошондон улам 1978-жылдан партиянын Базар-Коргон райондук комитетинин секретары, 1983-жылдын июль айынан ноябрь айына дейре райкомдун экинчи секретары болуп иштеп калат. Ал эми ошол эле 1983-жылдын ноябрь айынан 1990-жылга чейин Кыргызстан аялдарынан Биринчи карлыгач болуп партиянын Базар-Коргон райондук комитетинин 1-секретары болуп иштеген.

Өз ишине тың, эл менен иштөөнүн жол-жобосун мыкты билген Айкөкүл Мырзакаримова 1990-жылдан Эл депутаттарынын Ош облустук аткаруу комитетинин уюштуруу бөлүмүнүн башчысынын орун басары, 1991-жылдын сентябрь айынан облустук маданият башкармасынын начальниги болуп өз ишмердигин көрсөтө алган.

Партиялык, чарбалык иштерде такшалган, туштуктун Курманжан Даткасы атыккан Айкөкүл Мырзакаримова 1994-жылдан 2004-жылга дейре Кара-Суу райондук Мамлекеттик администрация башчысынын (акимдин) орун басары болуп он жыл жемиштүү иштеп берген. Он жыл ичинде өзү туулуп өскөн район - карасуулуктар үчүн көп саамалыктардын баштоочусу болгон. Айкөкүл Мырзакаримованын демилгеси менен билим, медицина тармактарында иштиктүү реформалар жүргүзүлүп "Билим"", "Жаштык", "Манас", "Аракет", "Ардагер", "Аялзат" жана "КОР" сыяктуу мамлекеттик программалардын алкагында бараандуу иштерди жүргүзө алган.

Айкөкүл Мырзакаримованын демилгеси менен Кара-Суу районунда Кыргыз Республикасынын эгемендүү күнүнө карата, "Жаш таланттар", "Ыр кесе", "Кара Суу таңшыйт" деген кароо-фестивалдарды жыл сайын өткөрүлүп турушу ар тараптан кубаттай турган жөрөлгө-саамалыктардан болуп келген. Ал чыгармачыл инсан катары ыр жазып жүрүшкөн жаштардын "Кара-Суу кайрыктары" деген ыр жыйнагынын чыгышына демилгечи болуп, эми өзүнүн ырлар жыйнагын даярдап жатышы да кубаттай турган арзуу.

Албетте, мындай дем күч менен эмгектенген аялзаттын албан кызматтары өкмөт тарабынан жогору бааланган. "Ардак белгиси" ордени менен катар "Даңк", "Эмгек ветераны", "Манас эпосунун 1000 жылдыгына карата эстелик, "Кыргыз Республикасына 10 жыл" деген медалдар менен сыйланган. "Эл агартуунун мыктысы" (отличниги), 2005-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасына да татыктуу болгон.

Совет жана Базар-Коргон райондук Кеңештерине депутат болуп шайлангандарын айтпаганда да Айкөкүл Мырзакаримова 1985- 1990-жылдары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутат болгон.

Персоналдык пенсионер дагы эле арыдым-талдым дебестен 2005-жылдан коомдук "Кыргызинстрах" акционеринин Ош облустук филиалынын директору болуп иштеп келүүдө. Ал деген өмүрлөш жолдошу Абдимамат менен 4 бала, тогуз небересинин дем-күчү деп ойлогонубуз ондур.







## Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими МУРЗАРАИМОВ Капар

Укканга санат, учканга канат-болгон мугалимдикти сүйгөн Капар Мурзараимов 1933-жылы Кызыл-Кошчу айылында төрөлгөн. Киндик кан тамган жеринде эр жетип, 1950-жылы орто билимге ээ болот.

1950-жылы Фрунзе шаарындагы (Бишкектеги) педагогикалык институтка кирип окуп жүрүп, 1953-жылы 3-курста ооруп калып, академиялык отпускага чыгат. Ошол жылдан "Октябрь" сегиз жылдык мектебинде жети жылдай жаш муундарга сабак берет.

1960-жылы "Отуз-Адыр" совхозунун борборундагы Крупская атындагы орто мектепте физика-математика сабактарынан окутуп, мугалимдик эмгек жолун улайт.

Өзүнүн толук эмес жогорку билимине канааттанбай Ош désинститутунун физика-математика факультетинде сырттан окуйт. Ар тараптан билимин өркүндөтүп, жаш муундарга жеткилең билим берген Капар Мурзараимов алдыңкылардын катарына теңелет.

1964-жылы Эл агартуунун мыктысы (отличниги) болот.

"Даңкты аз ойлосоң, атактын чоңуна жетесиң" дегендей, 1970-жылдын 13-апрелинде Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланып, ошол эле жылы "Республиканын эмгек сиңирген мугалими" деген сыймыктуу наамга татыктуу болот.

Ушул күндөрдө 8 бала, 14 небересинин үзүрүн көрүп жаткан Капар агайдын капка сактай турган карылык сөзүн уккубуз келди: "Акыл эмгегин ардактасаң-кол эмгегин кошо ала жүр. Талыбаган эмгектен-таанылбаган жаңы адам жаралат. Азыркы айрым жаштар эмгек көңүлдү тазартып, өмүрүңдү узартарын билишпейт. Оңол дегенди оор албаш керек, жаштар..."



## Социалисттик эмгектин Баатыры МУСАЕВ Тешебай

Дыйкын-Кыштак айылында 1894-жылы келечектеги эмгектин баатыры төрөлгөн экен. Жашынан кат сабатын жойгон дыйкан баласы Тешебай Мусаев - иш билги, талаачылык иштерине көзү канык өскөндүктөн 1945-жылдан колхоздун Мурабы (полеводу) болуп иштеген. "Кызыл-Шарк" колхозу жылдан жылга өнүгүп өсүп олтурат. 1950-жылы колхоздогу 310 гектар пахта аянтынын ар гектарынан орто эсеп менен 45,6 центнерден түшүм жыйналган.

Пахтанын түшүмдүүлүгүн артырууда, пахтанын катар аралыгына иштөө берүүдө илимдин жетишкендиктери менен алдыңкы тажрыйбаларды кеңири колдонгондугу үчүн СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1951-жылдын 20-мартындагы Указынын негизинде Тешебай Мусаев Ленин ордени, "Орок жана балка" алтын медалы менен сыйланып, "Социалистик эмгектин Баатыры" деген жогорку сыймыктуу наамга арзыйт.

Ага чейин деле Тешебай Мусаев Эмгек Кызыл Туу, "Ардак белгиси" ордендерине татыктуу болгон.







## Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими, профсоюздар кыймылынын мыктысы НАЗАРОВА Шырман

Эл агартуу кызматкерлеринин профсоюздарынын өрнөктүү ишмери Шырман Назарова 1946-жылы 5-мартта Кең-Сай айылында төрөлгөн. Айылынан 8 жылдык билимин Оштогу кыздар орто мектебинде уланткан. Кыздар орто мектебинен орто билимге ээ болгон соң Ош мамлекеттик педагогикалык институтуна кирип окуйт.

1969-жылы химбиология мугалими адистигин алып чыккан жаш адис Таширов атындагы орто мектептен эмгек жолун баштаган.

1971-жылдан Кең-Сай орто мектебинде мугалим, 1980-жылдан райондук элге билим берүү бөлүмүндө усулчу, 1984-жылдын 4-ноябрь айынан тартып билим берүү кызматкерлеринин кесиптик кошундарынын райондук комитетинин төрайымы болуп ушул убакка чейин жемиштүү, талбай иштеп келүүдө.

Бул жылдардын аралыгында мугалимдердин укуктарын коргоп, материалдык-моралдык жардамдарын талаптагыдай берип келе жатат. Ошондуктан Шырман Назарованы отчеттук кайра шайлоолорунда кайра-кайра төрайымдыкка көрсөтүп келишүүдө.

Райондун мектептердеги 124 баштапкы профсоюз уюмдарынын ишин күндөн күнгө чыгырмачылык менен жандандырууда дагы деле жигердүү аракеттенип жатат.

Көп жылдык эмгектери эл тарабынан жогору бааланып айылдык, райондук Кеңештерге депутат болуп шайланып келет. Кесиптик кошундардын Бүткүл союздук комитетинин Ардак грамотасы, КРнын билим илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

1985-жылы Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы, 2002-жылы тармактык профсоюз кыймылынын отличниги, 2004-жылы "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими" деген жогорку наамдарга татыктуу болгон.



## Саламаттык сактоонун отличниги НУРАХУНОВ Назиржан

Дээринен жөнөкөй, ишмер болгон Назиржан Нурахунов 1939-жылы "Кызыл-Шарк" айылындагы колхозчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Ошол айылда чоңоюп, Хайтахун Таширов атындагы орто мектепти бүтүргөн. Жаштайынан догдур болууну эңсеген Назиржан Нурахунов Фрунзе шаарындагы Медициналык институттун хирургия факультетине кирип окуп калат. Жогорку билимдүү хирургдук кесиби менен 1962-жылы Кара-Суудагы борбордук ооруканада эмгек жолун баштаган. Өз ишин мыкты билүү менен уюштуруучулук-жетекчилик жөндөмүн байкаган облустун башкаруу органдары Назиржан Нурахуновду 1963-жылы Сузак райондук ооруканага башкы врачтыкка дайындайт.

1967-жылы иш билги адисти түштүктөгү эң чоң район болгон Кара-Суу райондук ооруканасына башкы врач болуп келет. Өз районунда өзгөчө жигер менен жаштык кайрат күчүн жумшап иштейт.

1977-жылы Назиржан Нурахуновду партиялык иште сыноо үчүн Ош обкомуна инструктор кызматына алып барат.

1978-жылы болсо Эл депутаттарынын Кара-Суу райондук Кеңешинин төрагасынын I-орун басары болуп келет.

Ал жылдарда медициналык тейлөө начар райондорго иш билги кадрларды жиберүү адатка айланган эле. Ошондой максатта Назиржан Нурахунов 1985-жылы Өзгөн райондук ооруканага башкы врачтыкка жиберилет. Ал жерде үч жылдай иштеген соң, 1988-жылы облустук балдардын учук ооруканасын башкарууга жөнөтүлгөн.

1990-жылдан Кара-Суу шаардык аткаруу комитетинин төрагасынын милдетин эл күткөндөн да жакшы аткарат. Эмгектин кайсы участкасында болбосун иш билгилигин көрсөтө алган Назиржан Нурахунов "Эмгектеги артыкчылыгы үчүн" медалы менен "Саламаттыкты сактоонун мыктысы" (отличниги) деген өкмөттүк сыйлыктарга татыктуу болгон. Иш тажрыйбасы ашып, ишмердиги жогорулаган жаш курагында күтүлбөгөндөй мыкты инсандан ажырап калганбыз.







## Социалисттик эмгектин Баатыры НЫШАНОВ Сабыржан

Айтылуу "Кызыл-Шарк" айылынан чыккан тогуз баатырдын бири Сабыржан Нышанов да Кызыл-Кыштак айылында 1904-жылы кедей дыйкандын үй бүлөсүндө төрөлгөн.

Ал "Кызыл-Шарк" колхозуна мүчө болуп 1935-жылы кирген.

Пахтачылыкта ар тараптан өрнөк болгон Сабыржан Нышанов 1944-жылдан бригадир болуп иштеп калат. Эмгектеги иш тажрыйбасы жылдан-жылга артып олтургандыктан 1950-жылы бригаданын 56 гектар аянтынын ар гектарынан 45,18 центнерден баалуу сырье жыйнап берет.

Буга чейин да пахтадан туруктуу жогорку түшүмдү камсыз кылып келген талаа командири СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1951-жылдын 20-мартындагы Указынын негизинде Ленин ордени, "Орок жана Балка" алтын медалы менен сыйланып, Социалисттик эмгектин Баатыры деген жогорку наамга татыктуу деп табылган.

Сабыржан Нышанов буга чейин да 1948-жылы Ленин ордени менен сыйланган болчу. Мындай жогорку сыйлыктар аны жигердүү иштөөгө ансайын үндөдү.



## Техникалык илимдердин доктору, Кыргыз Республикасынын 2-класстагы мамлекеттик кеңешчиси, профессор ОРОЗБЕКОВ Муктар

Техникалык татаал илимдин кызыкдары Муктар Орозбеков 1957-жылы Жапалак айылында төрөлгөн. Айылынан орто билимге ээ болгон соң 1974-жылы Фрунзедеги политехникалык институтуна кирип окуган. 1979-жылы жогорку окуу жайын ийгиликтүү аяктаган.

Ошол жылдан Муктар Орозбеков политехникалык институттун Оштогу кечки факультетинде окутуучу болуп иштеген.

1983-1987-жылдары Москвадагы бетон жана темир бетон илимий-изилдөө институтунда аспирантурада окуп, мөөнөтүнөн мурда кандидаттык диссертациясын жактаган.

1987-1988-жылдары Политехникалык институтунун Оштогу кечки факультетинде ага окутуучу, 1988-1991-жылдары Түштүк кыргыз окуу борборунун бөлүм башчысы, 1991-1993-жылдары Ош техникалык колледжинин 1-проректору болгон.

1993-1996-жылдары Ош жогорку технологиялык колледжинин кечки факультетинин деканы, 1996-2000-жылдары Ош технологиялык университетинин проректору, 2000-2002-жылдары Ош Мамлекеттик Университетинин контоpактык окутуу боюнча проректору болуп иштеген.

2003-2005-жылдары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин мыйзам чыгыруу жыйынынын депутаты болуп шайланган.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин 2005-жылдын 10-мартындагы жарлыгы менен Ош Мамлекеттик Университетинин ректорунун милдетин ийгиликтүү аткарууда.

1996-жылы эл агартуунун отличниги, 1979-жылы Кыргызстан жаштар сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз республикасынын Инженердик академиясынын мүчө-корреспонденти, Казакстандын Кызыл Ордо Мамлекеттик Университетинин ардактуу профессору.

60тай илимий эмгектердин, 4 ачылыштын ээси. Бир нече жолу Америка, Германия, Польша, Болгария, Россия, Түркиядагы белгилүү университеттерден өз билимин өркүндөтүп, стажировкалардан өткөн.4 илимдин кандидатын даярдаган. Азыркы мезгилде 3 аспиранттын илимий иштерин жүргүзүүдө.







## Медицина илимдеринин кандидаты, областык клиниканын бөлүм башчысы ОСУМБЕКОВ Байышбек Зияйдинович

Медицина илимдеринин кандидаты Байышбек Осумбеков 1962-жылы Жаңы-Арык айылында төрөлгөн.

Калинин атындагы орто мектепти бүтүргөндөн кийин 1980-жылы Бишкектеги Кыргыз Мамлекеттик медициналык институттун дарылоо факультетине кирип окуган.

1986-жылы өзү тандап алган дарылоо факультетин ийгиликтүү аяктап Ош облустук клиникалык ооруканадан эмгектене баштаган. Өз кесибине сергек мамиле жасап, ооруларга сылык сыпалыгы менен жагып, ишинде кадыр баркы арта берген. Элдин көңүлүн алып урмат сыйга бөлөнгөн Байышбек Зияйдинов ушул тапта жогорку квалификациядагы хирург, ультраүндүк жана радионуклиндик изилдөө бөлүмүнүн башчысы.

2005-жылы кандидаттык диссертациясын коргогон. Кызыгдар темасы боюнча медициналык илимин тереңдетип изилдеп, докторлук диссертациясынын үстүндө талбай иштөөдө.

Ал 50дөй илимий эмгектернин автору, саламаттык сактоонун мыктысы (отличниги). Үч баланын ардактуу атасы.



## "Даңк" орденинин толук кавалери ПАРПИЕВ Абдирашит

Улуу Ата Мекендик согуштун чыныгы каармаы Абдирашит Парпиев 1914-жылы Көк-Таш кыштагында төрөлгөн. 1942-жылдан Советтик армиянын катарына чакырылып, 1943-жылдын апрелинен кандуу согушка кирген.

Ал Түштүк-батыш, 3-Украина жана 1-Белорус фронтторунда салгылашкан. Украинанын Красный кыштагындагы эрдиги үчүн 3-даражадагы (1944-ж.6.3), Мацеюв станциясын ээлөөдөгү эрдиги үчүн 2-даражадагы (1944-ж.6.10), Берлиндеги Тельт каналынан өтүүдөгү эрдиги үчүн 1-даражадагы (1945-ж.15.5), "Даңк" ордени менен сыйланган.

Согуштан эрдик менен аман эсен кайткан Абдирашит Парпиев Калинин колхозунда бухгалтер, кийин колхоз башкармасынын раиси (председатели) болуп иштеген.

Тынчтык күндөрдөгү ак ниет эмгектери үчүн Эмгек Кызыл-Туу "Ардак белгиси" ордендери жана медалдар менен сыйланган.







## Социалисттик эмгектин Баатыр ПОЛОТОВ Тойчу

Кой өстүрүүнүн устаттарынан болгон Тойчу Полотов 1907-жылы Баш-Булак айылында төрөлгөн. Жашынан кой багып, кой өстүрүүнүн жөн-жайын мыкты өздөштүрө берет.

1943-жылдан ага "Катта-Талдык" асыл тукум кой өстүрүүчү заводдо башкы чабандык жоопкерчилик жүктөлөт. Бул жоопкерчилик аны түйшүктүү кесипте ансайын сергек, жигердүү иштөөгө чакырат.

1957-жылы өзүнө бекитилген тубар койдун жүзүнөн 125тен козу, ар биринен 4,9 килограмдан жүн алып берүүгө жетишкен. Ал ак ниет эмгектери үчүн 1958-жылы Тойчу Полотов Ленин ордени, "Орок жана балка" алтын медалы менен сыйланып, Социалисттик эмгектин Баатыры деген жогорку наам кошо ыйгарылган.

Эл ишенимине ээ болгон баатыр чабан Кыргыз ССР Жогорку Советинин (5-6 шайланыштарда) эки жолу удаасы менен депутаттыкка шайланган.



## Эң жогорку категориядагы врач, саламаттык сактоонун мыктысы (отличниги) РАЕВ Иса

Ден соолуктун сакчысы болом деген үмүт тилек менен жашаган Иса Раев 1939-жылы 1-октябрда Жоош айылында төрөлгөн. Токтогул атындагы орто мектепте окуп жүргөндө деле көңүлүндө мединститутту көксөп жүргөн. Бирок орто мектепти 1957-жылы бүтүрүп, ошол жерде склад башчысы болуп иштеп калат. Ошол жерде иштегендердин бирөөсүнүн жардамы менен кийинки жылы Ош housing педининститутунун чет тилдер факультетине өтүп студент болуп окуп жаткан. Ден соолуктун сакчысы болом деген Иса Раевге чет тилдер факультети жакпай, окууну таштап Чүйгө кетип калган. Ал жерде жарым жылдай иштебеген иши калбаган. Бирок жогорку окуу жайына даярдана жүрөт.

Жаштын тилегин кудайым берет бейм, же өзү кирүү экзаменине макты даярданганбы, айтор 1959-жылы Кыргыз мамлекеттик мединститутуна кирип студент болот. Сүйгөн кесибине ээ болуш үчүн бозоро жортту. Мединститутту мыкты бүткөн Раев Иса Кара-Суу райондук борбордук ооруканага эпидемиялык бөлүмгө башчы болуп келет.

1969-жылы Облустук жетекчилердин жолдомосу менен Ленин райондук санэпидстанцияга башкы врач болуп жөнөтүлөт.

А дегенде Кара-Сууда иштеп иштемчилдигин көрсөткөн Раев жөнүндө өзгөчө жакшы пикирде калган башкы врач Назиржан Нурахунов 1974-жылы аны кайра өзүнүн районуна санэпидстанциянын башкы врачтыгына алып келдирет.

Дарак бир жерде көгөрөт деген чын экен. Өмүрүнүн акырына чейин бир жерде иштеп, эл-жери үчүн ак кызматын аябады. Эң жогорку категориядагы врач аталып, саламаттык сактоонун мыктысы болду. Кейиштүү жери Иса Раевден 1996-жылы 14-апрелде 57 жашында эле кол жууп калганбыз. "Эмгектеги каармандыгы үчүн", "Эмгектеги артыкчылыгы үчүн", Манас эпосунун 1000 жылдыгындагы эстелик медалдар менен сыйланган. Тагдырга айла жок тура. Саламаттыктын мыкты сакчысына ажал деген таш боор иштөөгө мүмкүндүк бербей койбодубу. Аттиң ...







## Республиканын жаштар, Т. Абдумомунов жана Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктарынын лауреаты, драматург, прозаик, Кыргыз Республикасынын маданият министри РАЕВ Султан Акимович

Бешиктеги баланын бек болорун эч ким билген эмес. Башка балдар сыяктуу орто мектепти бүткөн. Бар болгону Токтогул атындагы орто мектепти бүтүрүп Ош, же Фрунзе шаарына дебей Кара-Суу шаарындагы пахта заводдо жумушчу болуп иштеди. Заводдун алдындагы клубда өздүк көркөм чыгармачылык кружогуна катышып, райондук "Эмгек майданы" газетасына кабар жаза коюп жүрдү. Бул шык Султан Раевди Кыргыз Мамлекеттик Университетинин журналистика факультетине алып келди.

Студенттик күндөр ар кимди ар кандай көчөгө жетелейт эмеспи. Дээринде бар белем, журналисттик шык Султандын көңүлүнө тынчтык бербеди. Газета-журналдарга, радио-телевиденияларга ар кыл жанрда материал жаза коюп чыгармачылык дараметин өнүктөрө берди.

Университетти ийгиликтүү бүтүргөн Раевдин чыгармачылык жөндөмү таразага түшүп калгандыктан, аны жумушка чакырган редакциялар болбой койгон жок.

Ошентип ал чыгармачылык эмгек чыйырын "Ленинчил жаш" газетасынан баштаган.

Аш-паш дегиче Султан Раев 1988-жылы "Чаңдуу жол" деген аңгемелер жыйнагын жарыкка чыгарып, өзү теңдүүлөрдөн суурулуп чыга келди. Көп өтпөй Кыргызстан жазуучулар союзу менен маданият министрлигинин органы болгон "Кыргызстан маданияты" жумалыгына которулуп келет. Чыныгы чыгармачыл чөйрөгө келгенден кийин ал ан сайын руханий жактан ар тараптуу таскагын чыгара баштайт. Эки жылга жетпей 1990-жылы жарык көргөн "Күн кармаган бала" деген повесть жана аңгемелер жыйнагы китеп окурмандары ортосунда зор резонас туудурду. "Күн кармаган бала" повести инсценировкаланып Нарын

Музыкалык драма театры сахнага алып чыгып, көрүүчүлөргө тартуулашып, өз баасын ала баштады.

Кыргыз республикасынын жаштар союзунун лауреаты болгон Султан Раев 1991-жылдын августь айынан "Кыргыз Руху" газетасын негиздеп чыгармачылык жүзүн ан сайын данараак көрсөтө баштаган.

Чыгармачылык диапозону уламдан-улам кеңейип, "Акыркы пайгамбар" деген роман жазып чет өлкөлөрдө которулганын айтпасак болбостур. Бирок кийинки жылдарда прозаик катарында эмес, драматургияга баш-оту менен кирип бараткандай. "Ай, кыздар", "Күнк кармаган бала", "Кашара", "Исках Раззаков", өңдүү драмалык чыгырмалары анын белдүү драматургдардын катарына кошуп койду.

Алматы шаарында өткөн биринчи эл аралык театралдык фестивалда Ош кыргыз драма театры коюп барган Султан Раевдин "Кашар" аттуу спектакли Гран прини жеңип алган. Демек, Султан Акимовичке Токтоболот Абдумомунов атындагы лауреаттык сыйлык жөн берилген эмес экен.

Драматург, Кыргыз республикасынын Маданият Министри Раев Султан Акимовичтин бул жогорку кызматындагы иши да бараандуу көрүнүп жаткансыйт. Эгемендүүлүктүн 15 жылынын ичинде жүргүзүлгөн маданият тармагындагы ишке баа бере келгенде, жаңы бийликтин бир жыл ичинде жүргүзгөн иши алда канча жогору турарын тартынбай айтсак туура болот. Дагы көп жаңылыктар күтүлүп жатканы да төгүн эмес.







## Социалисттик эмгектин Баатыры САДЫКОВ Убайдулла

Келечегинен көптү үмүттөндүргөн Убайдулла Садыков 1902-жылы 19-ноябрда Мады айылында төрөлгөн. Турмуштун оош-кыйышын көрүп, жашоого дилгир өскөн эр жигит уюштургуч-жетекчи катары көрүнө баштагандыктан аны колхозчулар 1938-жылы Калинин атындагы колхоздун башкармалыгына шайлап алышат.

Жылдан-жылга колхоз экономикасы чыңдалып, айыл чарбасындагы план-милдеттенмелер уламдан-улам жогорулап барат. 1956-жылы Убайдулла Садыков жетекчилик кылган колхоздун эмгек азаматтары 1520 гектар аянттын ар гектарынан 29,9 центнерден ак була жыйнашып, мал чарба азык түлүк пландарын да ашыгы менен аткарышып зор ийгиликтерди камсыз кылышат.

Ошол жылдагы эмгектин ийгиликтери үчүн 1957-жылы Ленин ордени "Орок жана балка" алтын медалы тапшырылып, Социалисттик эмгектин Баатыры деген жогорку наамга татыктуу болот.

Эр эмгегин жер жебейт дегендей Убайдулла Садыковдун кийинки жылдардагы эмгектери да жерде калбай СССР Жогорку Советинин төртүнчү, Кыргыз ССР Жогорку Советинин 3-шайланыштарына депутат болуп шайланган. Ошондой эле эки жолу Ленин, үч жолу Эмгек кызыл Туу, "Ардак белгиси" ордендери жана медалдар менен сыйланган.



## Социалисттик эмгектин Баатыры САИПОВА Санаваркан


Мыкты-дилгир пахтакер Санаваркан Саипова 1928-жылы 2-июнда Шарк айылында төрөлгөн. Эң алгач катардагы колхозчулуктан эмгек жолун баштаган кыз аракетчен иши менен бат эле эл оозуна алына баштаган.

Ошондон улам 1946-жылдын башынан звеновойлукка бекитилет. Биринчи жылын айтпаганда да, 1947-жылы звеного бөлүнгөн 5 гектар аяттын ар гектарынан 86 центнерден "ак алтын" жыйнап тапшырган.

1948-жылы "ак алтындан" арбын жогорку түшүмүн камсыз кылган Санаваркан Саипова СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указынын негизинде Ленин ордени, "Орок жана балка" алтын медалы менен сыйланат. Ошондой эле "Социалисттик эмгектин Баатыры" деген жогорку наам кошо ыйгарылат.







## Кыргыз республикасынын эмгек сиңирген мугалими САТТАРОВ Хамид

Социалисттик эмгектин эки жолку Баатыры Хайтахун Таширов атайын сүрөтчү-кабарчы чакыртып, "Абдисаттар багбанчы" деп 1948-жылы Борбордук "Огонек" журналынын биринчи бетине чыгарткан экен. Ошол айтылуу багбандын уулу Хамид Саттаров 1928-жылы 15-мартта Фергана облусунун Кокон шаарында төрөлгөн.


9-классты ийгиликтүү аяктаган соң, Оштогу мугалимдерди даярдай турган 5 айлык курстан окуп, Кызыл-Шарк мектебинде 1944-жылдан мугалим болуп иштеп калат.

1954-жылдан мугалимдер институтунда сырттан окуйт.

1958-жылы Андижандагы педагогикалык институтту да сырттан окуп бүтүргөн. Жогорку билимдүү, иштин жол жоросун мыкты билген Хамид Саттаров 1960-жылы имараты бүтө жаздап калган мектеп интернатка директор болуп дайындалат.

Алгачкы жылы 120 окуучу кабыл алынып, экинчи кабатта жатып, окуучулар биринчи кабатта окуп жүрүшөт. 1962-жылы жатакана курулуп жаш муундарга ылайыктуу шарттар түзүлө берет. Жылдан-жылга интернатта окуучулардын саны артып, билим берүүнү тереңдетүүдө Хамид Саттаровдун эмгеги зор болду. Мектеп окуучулары үчүн пионер лагерин ачып, демилгелүү иштеп атканда 1975-жылы Таширов атындагы колхозго башкармалыкка дайындалат. Колхоздо он жылдай иштеген соң өзү негиздеген жатак мектеп интернатына кайра келип, директордун орун басары болуп иштейт. Ушул жерде окуучулардын сүйүктүү кишиси катары, урмат-сый менен эс алууга чыгат.

Эл агартуунун мыктысы (отличниги), кыргыз республикасынын эмгек сиңирген мугалими, Эмгек Кызыл Туу ордени менен эки-үч медалдын кавалери Хамид Саттаровдун өмүр жолу бир топ сөз кыла турган эрдиктерге бай.



## СССР Жогорку Советинин биринчи, экинчи чакырылышынын депутаты САКИЕВ Түгөлбай

1985-жылы Ош уездине караштуу Бек-Жар айылында төрөлгөн Түгөлбай Сакиевдин балалык кези катаал шарттарга туура келген. Ал ишке жарактуу-дестиер курагынан 16 жыл Куршабдагы Кузмин Петров деген көпөстүн колунда малай болуп күн кечирген.

Жашынан тагдыры ар кандай өкчөлгөн Түгөлбай жашоого тың, ден-соолугу чың жигиттерден болуп өскөндүктөн, ар кандай иштен кайра тартпаган. Ошондуктан 1923-жылдан 1936-жылга чейин Ош-Хорог автотрассасында ремонтор болуп алдыңкы сапта эмгектенген.

1937-жылы Ош-Хорог жолунун башкы директору Н.В.Непорожныйдын сунушу менен Түгөлбай Сакиев СССР Жогорку Советине (союз советине) депутаттыкка шайланган.

Ошол 1937-жылдан "Катта-Талдык" совхозунун директорунун орун басарлыгына дайындалат. Мында да иш билгилиги, уюштургучтугу жагынан өзгөчөлөнүп жумушчулардын ызат-урматына ээ болгон Сакиев Түгөлбай СССР Жогорку Советине (союз советине) экинчи жолу кайра депутат болуп шайланат.

"Катта-Талдык" совхозунун райондо гана эмес, областагы алдыңкы чарбаларга теңелишинде Түгөлбай Сакиевдин салымы чоң экендиги эске алынып, өкмөт тарабынан Ленин, Эмгек Кызыл Туу, "Ардак белгиси" ордендери менен сыйланган. Депутат кезинде СССРдин Жогорку сотунун коллегиясынын мүчөсү болгон. Жогорку Советке эки жолу удаасы менен депутаттыкка шайланган Түгөлбай Сакиев сессияларда Төрөбай Кулатов, Өзбекистандын Борбордук Аткаруу Комитетинин (БАКтын) тунгуч председатели Юлдаш Ахунбаевдер менен чогу-чаран жүрүшкөндүктөн, өтө ынак болушкан.

Ушундай көрүнүктүү инсан 1964-жылы 75 жашында көз жумган экен.

Арга канча: "Падыша бол, кайырчы бол, билип кой,
Өлүм үчүн бирдей сенин катарың" деп
Омар Хаям бекер айтпаптыр







## Окумуштуу-окутуучу, Эл Агартуунун отличниги, философия илимдеринин кандидаты СЫДЫКОВ Акбар

Илимдин тарыхы да конкреттүү адамдын эмгегинен, илимий-методологиялык концепциясынан, ачылышынан, ой-пикиринен жаралат. Ошондой илимдин тарыхына бараандуу салымы бар инсан Акбар Сыдыков. Бул улуу инсан 1932-жылы 13-октябрда Мады айылында төрөлгөн. Эмгек жолун Оштогу педагогикалык окуу жайын аяктап, 1950-жылы Ош районундагы "Кызыл Дыйкан" мектебинде кыргыз тили жана адабияттан сабак берүүдөн баштайт.

Жогорку билим алыш үчүн 1952-жылы Ош пединститутуна кирип, филология факультетин артыкчылык диплом менен бүтүргөн. Ошондон баштап 1968-жылга чейин Араван районундагы Карл Маркс атындагы орто мектепте директор, Ош районундагы "Баш-Булак" жети жылдык мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы, директору, Фрунзе атындагы мектебинде директор, РайОНОдо инспектор, Ош облустук элге билим берүү бөлүмүндө инспектор болуп иштеген.

1968-жылы Кыргыз ССРинин "Эл агартуусунун отличниги" деген наам алат. Ошол эле жылы Москвадагы М.Горький атындагы Бүткүл дүйнөлүк адабият институтунун аспирантурасына кирет. 1972-жылы "Манас" эпосундагы эрдиктин идеалдары" деген темада кандидиттык диссертациясын жактаган. Ошондон өмүрүнүн акырына (1983-жылы) дейре ОшПИде кафедра башчысы, сырттан окуу бөлүмүнүн деканы болуп жемиштүү иштеген.

Көр тириликтин камын ойлоп, урмат-сыйга бөлөнүп жүрө бербестен илимдин артынан сая түшкөн Акбар Сыдыков Бүткүл дүйнөлүк адабият аспирантурасында да зиректеги, илимге интизарлыгы, ишитемчилдиги, ой өрүшүнүн кендиги боюнча башкалардан айрымалана

алган. Ошондуктан адабият институтунун директору Кыргыз илимдер Академиясынын ошол кездеги прездентине атайын кат жолдоп, Акбарали Сыдыковдон мыкты Манас тануучу чыгарын баса белгилеп, Кыргыз ИАнын "Манас" секторуна ишке алуу жагын өтүнгөн.

Акбарали Сыдыков кыргыз адабиятын мыкты билген адис илимпоз, чыныгы адабиятчы мугалим гана болбостон, кыраакы, турмуш чындыгын жеткилең билген, аны көркөм сөз менен кайра жарата алган чебер жазуучу да, жан дүйнөнүн кылдарын күүгө келтирип, сезимге из калтыра турган ыр саптарын жарата алган акын да, асман-жердин ортосунда канат каккан Чыгыштын уулу ойчулдарынын ырларына "кыргыз атын" мингизген котормочу да болгон.

Манас атанын арбагына сыйынган, Манас атаны туу туткан, Манас атанын эл үчүн жасаган эрдигин, Манас атанын рухун-эл журтуна жеткирүүгө жан-дили менен аракеттенген аалым эч качан унутулбайт. Анткени "Адам болуш үчүн улуулардын жолун жолдоп, келечекке жол сала билиш керек" (Г. Пихтенберг-немец ойчулу) деген. Акбар агай так ошондой өчпес жол салган инсандардан эле...







## Социалисттик эмгектин Баатыры СУЛАЙМАНОВ Турсунали

Уюштургуч-жетекчиликтин мыкты үлгүсүн көрсөтө алган Турсунали Сулайманов 1897-жылы Нариман айылында төрөлгөн. Ошол эле айылда эр жетип, эмгектенип жүрүп 1932-жылы Ленин атындагы колхоздун раистигине (председателдигине) шайланат.

Көрөгөч, иш билги башкарма 1938-жылы КПССтин мүчөлүгүнө кабыл алынат.

Коммунист башкарма (раис) бардык күчүн чарбаны оңдоого, элдин турмушун жакшыртууга багыттайт.

1956-жылы колхоздун кужүрмөндөрү 810 гектар пахта талаасынын гектарынан 38 центнерден баалуу түшүм жыйнап тапшырган.

1957-жылы ага Ленин ордени "Орок жана балка" алтын медалы тапшырылып, "Социалисттик эмгектин Баатыры" деген жогорку наам кошо ыйгарылган.

Чарбаны башкарууда арыбай-талбай эмгектенген Турсуналы Сулайманов СССР Жогорку Советинин үчүнчү, төртүнчү шайланыштарына депутат болуп шайланган.

Ленин орденинен башка Эмгек Кызыл Туу ордени менен үч жолу, медалдар менен сыйланган.



## Медицина илимдеринин доктору, профессор СУЛАЙМАНОВ Шайырбек Алибаевич

Кара-Суу районунун алыскы аймактарынан болгон Папан айылында 1968-жылы төрөлгөн. 1975-1985-жылдары орто мектептен билим алган.

Шайырбек Сулайманов орто билим менен 1985-жылы эле Ташкенттеги Ортоазия медициналык педиатрия институтунда окуп, окуунун акыркы 6-курсунда Бишкектеги Кыргыз Мамлекеттик медициналык институтуна которулуп, 1991-жылы бүтүргөн. Ошол эле жылы Москва шаарындагы СССР Медициналык Илимдер Академиясынын Педиатрия илим-изилдөө институтунун клиникалык ординатурасына өткөн. Бул окууну 1994-жылы кандидаттык диссертациясын коргоо менен бирге аяктаган.

1994-2000-жылдары Кыргыз акушердик жана педиатрия илим-изилдөө институтунда ага илимий кызматкер катары эмгектенген.

2000-жылы илимий ишинин артынан сая түшүп, доктордук диссертациясын мыкты коргой алган.

Азыркы учурда Шайырбек Сулайманов ОшМУнун педиатра факультетинин деканы, медицина илимдеринин доктору, профессор. Европа респиратордук коомунун (2000-ж) мүчөсү, Америка биографиялык институтунун (2000-ж) кеңешчиси, ЕвроАзия пульмонологдорунун ассоциасиынын (2004-ж) мүчөсү, "Саламаттык сактоонун мыктысы" (отличниги)

2002-жылы ЖаМУнун 10 жылдык юбилейине арналган конкурста Шайырбек Алибаевич "Эң мыкты жаш окумуштуу" титулуна ээ болгон. 2003-2004-жылы Американын биографиялык институту тарабынан "Жылдын мыкты адамы" наамына татыктуу болгон.







## "Ата Мекендик согуш" орденинин ээси, Кыргызстан жазуучулар союзунун мүчөсү СУЛАЙМАНОВ Исраил

Алай тоолорунун Чыйырчык ашуусуна жакын Алга-Бас айылында 1919-жылы 3-марта төрөлгөн. Жети жылдыкты аяктап, Жалал-Абаддагы педтехникумду бүтүрүп келип, Алгабаста мугалим болуп иштеген.

1940-жылы Советтик Армиянын катарына алынып, Ата Мекендик согушка катышып, 1946-жылы туулган айылына кайтып келип Талдык айылындагы Киров атындагы мектепте мугалимдик кесибин улантат.

1951-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтуна кирип жогорку билимге ээ болуп чыккан. 1955-жылдан Отуз Адыр орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы, андан кийин райОНОдо инспектор болуп иштеген. 1958-жылдан Кара-Суу райондук "Коммунизм жолунда" газетасында жана райондор аралык газеталарында 1964-жылга чейин облустук "Ленин жолу" газетасында, бөлүм башчы, редактордун орун басары, кийин кыргыз радиосунун Ош облусу боюнча кабарчысы болуп да ийгиликтүү эмгектенген.

1967-1976-жылдары Кыргызстан жазуучулар союзунун Ош облустук бөлүмүнүн адабий кеңешчиси, жооптуу катчысы кызматтарын өтөгөн.

1963-жылы биринчи ырлар жыйнагы "Ак Була" деген ат менен басылып чыккан. Андан кийин удаа эле "Токой күңгүрөнөт", "Ал кайра келет" деген прозалык чыгармалары менен окурмандарына кеңири таанылып, 1967-жылы СССР жазуучулар союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынган.

1974-жылы "Мүнөздөр", 1979-жылы "Балдардын кенжеси", 1980-жылы "Өжөр кишилер", 1982-жылы "Повестер" аттуу жыйнактары басмадан чыгып жазуучулук жүзүн айкын көрсөтө алган.

1988-жылы жарык көргөн "Алыс Сапар" аттуу барандуу романы окурмандар ортосунда зор кызыгууну туудурган.

1989-жылы Ата Мекендик согуштун каарманы, тынчтык-бейпил күндөрүбүздүн кужурмөн жоокери Исраил Сулаймановду ажал арбап кетип, жаркын кишиден кол жууп калганбыз.

Каардуу жылдардагы эрдиктери үчүн "Ата Мекендик Согуш" ордени, "Согуштагы каармандыгы үчүн", "Берлинди алгандыгы үчүн" ж.б. медалдар менен сыйланган.



## Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген кызматкери, филология илимдеринин доктору, профессор СУЛАЙМАНОВ Мырза

Айтылуу Ак-Буура дарыясынын баш жагындагы Папан айылында 1937-жылы төрөлгөн. Орто билимди айылындагы мектептен алган соң Мырза Сулайманов Ош Мамлекеттик педагогикалык институтунун филология факультетине кирип окуган. ОГПИни 1959-жылы мыкты бүтүргөндүктөн ошол эле жылы Жалал-Абад шаарындагы педагогикалык окуу жайында окутуучу болуп эмгек жолун баштаган.

1967- жылы Ош пединститутунда иштөөгө чакыртылып алынат. Дал ошол жылдан бери Мырза Сулайманов ОшМУда үзүрлүү иштеп келүүдө.

Жаштарга туруктуу, терең билим берүү менен бирге илимий ишин кошо жүргүзгөндүктөн 1971-жылы филалогия илимдери боюнча кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү жактагандыктан, илимий ишин андан ары уланткан.

Жаш кадрларды даярдоодо талбай эффективдүү изденип иштөө менен илимий ишин ансайын тереңдетип изилдеп үйрөнө берет. Бозоро жортсоң кызара бөртөсүң дегендей, Мырза Сулайманов 1994-жылы филалогия илимдери боюнча докторлук ишин да үлгүлүү коргой алган.

Эмгектеги талбаган аракети, илимий ишиндеги далалаты өз жемишин бербей коймок беле. 1972-жылы "Эл агартуунун отличниги" болсо, 1974-1978-жылдары ошол эле Билим берүү Министирлигинин Ардак грамотасы менен эки жолу сыйланат.

2002-жылы Президенттин жарлыгы менен "Кыргыз Республикасынын элге билим берүсүүнүн эмгек сиңирген ишмери" деген жогорку наам берилген.

1973-жылдан доцент, ал эми 1997-жылы профессор деген окумуштуулук илимий наамдарга да эгедер болгон.



*Кара-Суунун жүз атуулу*



## Социалисттик эмгектин эки жолку Баатыры ТАШИРОВ Хйтахун

Эмгектин айтылуу эки жолку Баатыры, чыныгы жер перзенти -Хайтахун Таширов 1902-жылы 12-февралда Ош шаарына жакын Ача-Мазар айылында төрөлгөн.

1927-жылдары Хайтахун Таширов 5-6 шериктери менен келишип, азыркы Кызыл-Шарк айылынын тегерегиндеги жерлерди өздөштүрө баштаашкан. Уламдан-улам жаңы жерди өздөштүрүп, ага жакын жерлерге алачык, кээлери жертөлө үйлөрдө жашашып, көбөйүшүп отурукташа беришет.

Ушул демилгенин баштоочусу, анын уюштуруучулук, ак ниет эмгекчилдигин эске алышып алгачкы артель-колхозго аны раис (башкарма) шайлашкан. Ошондон улам Хайтахун Таширов уюштуруу иштерин ансайын жандандырып, талаачылык иштерине көбүрөөк көңүл буруп кирет.

1948-жылга келгенде колхоздун пахта аянты 310 гектарга жетип, колхозчулар ар гектарынан 30 центнерден, 1949-жылы 31 центнерден, 1950-жылы ар гектардан 45,6 центнерден "Ак алтын" жыйнап беришкен.

Пахтанын түшүмдүүлүгүн колхоз боюнча туруктуу жогорку көрсөткүчтү камсыз кылгандыгы үчүн СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1951-жылдын 20-мартындагы Указы менен "Кызыл-Шарк" колхозунун башкармасы Хайтахун Таширов баш болуп, 9 киши Ленин ордени, "Орок жана Балка" алтын медалы менен сыйланып, 9 киши Социалисттик эмгектин Баатыры деген жогорку наамга татыктуу болушат.

1956-жылы колхоздун пахта аянты 1030 гектарга жетип, ар гектарынан 34.2. центнерден, 1957-жылы 1100 гектар аянттын гектарынан 33 центнерден туруктуу түшүм алышып, мамлекетке жүн тапшыруу планын 134.9 пайызга, эттин планын 120,8 пайызга аткарган колхозчулардын эмгектеги эрдиги союзга чейин дүң болот.

СССР Жогорку Советинин Президимунун 1957-жылдын 15-февралындагы Указы менен Хайтахун Таширов Ленин ордени менен, "Орок жана Балка" алтын медалы менен экинчи жолу сыйланып, Социалисттик эмгектин эки жолку Баатыры деген жогорку наамга татыктуу болот. Ошол эле Указда Баатырдын айылына Х.Ташировдун бронзодон эстелиги орнотулсун деген.

Ушундай даңазалуу Баатыр Ленин ордени менен 5 жолу, Эмгек Кызыл Туу, Кызыл жылдыз жана Чоң алтын медаль менен сыйлаган. Бир нече мертебе Кыргыз Республикасынын Жогорку Советине, СССР Жогорку Советине депутаттыкка шайланган.



## "Кыргыз Республикасынын айыл чарбасынын эмгек сиңирген кызматкери", эки ордендүү ардагер ТАЖИБАЕВ Абиджан

Келечектеги чыгаан жетекчи Абиджан Тажибаев 1937-жылы 19-декабрда Кызыл-Мехнат айылында төрөлгөн. Айылындагы Навои атындагы орто мектепти ийгиликтүү аяктаган Абиджан Тажибаев 1954-жылы Ташкенттеги ирригационалдык институтуна кирип окуусун улантат. Жогорку окуу жайын да 1959-жылы бүтүрүп, бардык күч-кайратын Ата Мекенин өркүндөп-өсүшүнө багыттаган жаш адис эмгек жолун Араван районунун суу чарба башкармасынын башкы инженерликтен баштаган. 1960-жылдан ошол эле суу чарба башкармасынын жетекчилигине дайындалат. Бул орунда он жылдай иштеп, 1970-жылы райондук айыл чарба башкармасынын начальниги болот.

1977-жылы Абиджан Тажибаевич Түштүктөгү эң ири пахталуу Ленин районунун айыл чарба башкармасынын начальнигине которулган. Ошол жылы Ленин району 81 миң тоннадан ашырып мамлекетке пахта тапшырган.

Уюштуруу жетекчилиги, иш тажрыйбасы улам ашкан Абиджан Тажибаев 1978-жылы Эл депутаттарынын Базар-Коргон райондук аткаруу комитетинин төрагасы болуп дайындалат.

1985-жылы Эл депутаттарынын Ош облустук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары болуп келет. Бардык кызмат ордунда ишин мыкты аткарып көнгөн Абиджан Тажибаевич 1990-жылы Кыргызстандын түштүгүндөгү эң ири Кара-Суу райкомунун биринчи секретарлыгына шайланат. Ошол эле жылы Кара-Суу районунун эмгекчилери пахта планын 25-сентябрга ашыгы менен аткарып облуста мелдештин жеңүүчүлөрүнөн болгон. Ошол жылы Кара-Суу базарын районду мекеме-ишканаларына бөлүп берип, ашар жолу менен бүтүртүп, пайдаланууга берилген.





1991-жылы облустук Суу чарба башкармасынын төрагасы, 1992-жылдан Кара-Суу райондук мамлекеттик администрация башчысынын I-орун басары болуп иштейт.

Ушул күндөрдө райондун ардагерлер Кеңешинин төрагасы.

Абиджан Тажибаевич эл жери үчүн ак ниеттен жигердүү эмгектенгендиктен Эмгек Кызыл Туу, "Ардак белгиси" ордендери, "Эмгектеги артыкчылыгы үчүн", "Эмгектеги кужурмөндүүлүгү үчүн" медалдары менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасына эки жолу татыктуу болгон. КРнын буйругу менен "Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкери" деген ардактуу наам да ыйгарылган.

Абиджан Тажибаев өмүрлөш жубайы, Эл агартуунун отличниги Фаридахан Тажибаева экөө бактылуу үй-бүлөнүн ата-энеси. Кара-Суунун кадырман ырыстуу карылары.



## Мамлекеттик кызматтын 1-класстагы кеңешчиси, облустун мамлекеттик администрация башчысынын биринчи орун басары ТЕЗЕКБАЕВ Кушбак Тезекбаевич

Бала кезинен сөлдүрөбөй, тели-теңтуштарына чакчарыла сүйлөгөнүн көргөндөр "атаңгөрү-ой, муну көрсөң, өкүм сүйлөгөнүн" дешип калчу экен. Ошол чакмактай болгон Кушбак Тезекбаев 1952-жылдын 8-июнунда Отуз-Адыр айылында төрөлгөн.

Орто мектепти мыкты бүтүргөн Кушбак Тезекбаев кыргыз тили жана адабияты сабактарынан филолог кадрлардын жетишсиздигинен мугалим болуп иштеп калат. Албетте, атайын педагогикалык билими болбогондугуна карабастан өзүнүн тыңдыгынан кеп-сөзгө калбай бир топ тың иштеп берет.

Бирок, кандай болсо да жогорку билим керектигин унутпады. Ош Мамлекеттик педагогикалык институтуна кирип окуп, сүйгөн кесиби кыргыз тили жана адабият мугалими деген адистигин 1984-жылы алып чыккан.

Ишине тың, уюштургуч жогорку билимдүү жигитти 1984-жылы Отуз-Адыр кыш заводунун директорлугуна макулдугун алышат. Ал жерде иш билгилигин көрсөтүп, заводдун өндүрүшүн бир кыйла көтөрө алган. Кайран СССРдин кулашы, базар экономикасына өткөн өткөөл мезгил кыш заводдун ишине кедергисин тийгизгенде, Кушбак Тезекбаев 1991-жылы Кара-Суу мал базарынын директорлугуна которулуп кетет. 1990-жылы XX кылымдын аягында тынчтыкты сүйгөн Оштуктар үчүн каңырыкты түтөткөн кандуу окуясы менен унутулгус болуп калды. Так ошол жылы Кушбак Тезекбаев, Арап Төлөнов өңдүү атуулдар эл намысын, улуттар аралык ынтымактыкты бекем коргой алган. Күн-түн дебей эр жүрөктүүлүгүн көрсөтө алган Кушбак менен Араптын ал жылдардагы эрдиктерин эл да, тарых да унутпайт деп ойлойбуз.

1995-жылы эл чарбасын көтөрүү үчүн "Нурбагыт" фермердик чарбага башчы болуп кетет. Мажирөө жандарды жек көргөн, кыйындыкты





майтара алган Кушбак Тезекбаев жетекчилик кылган фермердик чарба күрдөөлдүү ийгиликтерди жарата баштайт. Күңкүлдөгөн инсандарга кучунашта болуп турбастан, каарып, катыгын берип койгондуктан эмгек тартиби жөнгө салынып иш илгерлей берген.

2005-жылдын башында мамлекет башчысына элдин нараазычылыгы күчөп, жер-жерлерде өткөн шайлоолордун шайтан оюндарына Кушбак Тезекбаевдин да каңырыгы түтөдү. Райондун, облустун жетекчилерине Акаевдин бийлигин жактагандарга каршы чыккан элден четте тура албады. Дайыма адилеттик үчүн күрөшүп, элдин талабын коргоп көнгөн Кушбак Тезекбаев 2005-жылдын 24-мартындагы элдик революцияда туштүк Кыргызстандын белдүү лидерлеринен боло алды.

Жалын жүрөк, чыныгы элдик Баатыр атанган Кушбак карапайым калк үчүн оттон-суудан кайра тартпай, казанаттаган ат минип, алаамат күндө атырылып алдыда болду. Өзүн калкты калыстыкка, биримдикке-тынчтыкка үндөгөн чыныгы элдик ревалюциянын мыкты адамы экендигин көрсөтө алды. Ошондуктан, мамлекеттик кызматтын биринчи класстагы кеңешчиси аталып, 2005-жылдын апрель айынан Ош облустук Мамлекеттик администрация башчысынын биринчи орун басары вазыйпасын да ийгиликтүү аткарууда.



## Советтер Союзунун Баатыры ТЕШЕБАЕВ Мамасали

Кара-Суу жалаң эмгек Баатырлары менен гана даңкталбастан Советтер Союзунун Баатырлары менен да даңкталат. Алардын катарына Мамасали Тешебаев, Ташмамат Жумабаев, "Даңк" орденинин 3 жолку кавалери Абдирашит Парпиев сыяктуу эр-азаматтары бар.

Булардын ичинен Мамасалы Тешебаевдин көп кырдуу эмгек жолуна сөз нугун бурсак. Биздин сыймыктуу жердешибизге 1944-жылдын 3-июлундагы СССР Жогорку Советинин Указы менен өкмөттүк жогорку сыйлыктардан Ленин ордени, Алтын жылдыз медалы менен сыйланганда, албетте Советтер Союзунун Баатыры деген жогорку наам кошо берилген. Мындай жогорку наам жердешибиз Мамасали акеге кайсы эрдиги үчүн берилген эле?

1943-жылдын аяк чени эле. Мамасали командирдин берген кужүрмөн тапшырмасы боюнча Днепрдин ары жагына 3 бирдей жолдошу менен кайыкта жөнөп калышат. Анын жүрөгү Ата Мекен, партия деп согуп турду. Ал дарыянын ары жагына жолдошторунан ажырап атса да болбой тайманбай жалгыз өтүп барып, тапшырманы ийгиликтүү аткарат. Ал душмандардын ДЗОтунун үнүн баскан соң, кубаттуу артиллерияга жол ачылып, жоокерлер чабуулга киришет. Советтик жоокерлердин жолун бөгөп жаткан душмандардын үнүн баскан соң жеңиш биз тарапка оойт. Жоокерлердин "Ураалаган" үндөрү көктү жаңыртат. Мамасали Тешебаевдин эрдиги анын менен чектелген эмес. Согуш учурундагы эрдиктерин тынчтык күндөрүндөгү "Отуз Адыр" совхозуна келгенден кийин да улантты. Согуштан келгенден кийин да шоферлук милдетти аткарып атканда, ага талаа командири болгон-бригадирлик жүктөлөт. Ал жетекчилик кылган биринчи бөлүмдөгү №7-бригаданын пахтакерлери албан ийгиликтерди жарата баштаган. Совхоздун шартында "Ак алтындын" түшүмдүүлүгүн арттырып, намызды колдон бербей келген. Көзү өткөнгө чейин, ардактуу эс алууга чыкса да эмгектен кол үзбөй жүргөн Советтер Союзунун Баатыры Мамасалы Тешебаевдин эрдиктери жөнүндө ал кишинин ысымын алып келаткан Кара-Дөбөдөгү орто мектептин жамааты кеңири сөз кылышып, Баатырдын атын бийик тутуп келатышат. Анткени эл үчүн жасаган эрдиктер эч качан эскирбейт эмеспи.







## Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген кызматкери, Жолон Мамытов атындагы облустук адабий сыйлыктын лауреаты, коомдук "ЭлТР" телерадиосунун башкы көркөм жетекчиси ТУРАПОВ Сатыбалды

Келечектеги көп кырдуу талант Сатыбалды Турапов 1950-жылдын 15-январында Кызыл-Суу айылында төрөлгөн. Ошол жердеги Эркин-Тоо орто мектебин бүтүргөндөн кийин 1966-1967-жылдары Жалал-Абад шаарындагы №1-СПТУдан билим алган.

1968-жылы Токмок шаарындагы маданий-агартуу техникумуна кирип окуп, аны 1970-жылы ийгиликтүү бүтүрүп чыккан.

Бирок буга чейинки алган билимдерине канааттанбай, 1971-жылы Бүбүсара Бейшеналиева атындагы искусство институтуна кирип жогорку билимдүү адистикке ээ болот. Андай жогорку билим алган соң Ош облустук телерадио комитетинен эмгек жолун улайт.

1980-жылдан Ош шаардык аткаруу комитетинде инструктор, 1995-1996-жылдары кайрадан облустук телерадиодо башкы редактор болуп иштеген.

1997-1999-жылдары облустук маданият башкармасын жетектейт. 1999-2006-жылдары облустук радиодо музыкалык редактор, башкы режиссерлук кызматтарда чыгармачылык менен иштеген.

2006-жылдын апрель айынан Ош облустук коомдук "ЭлТР" телерадио компаниясынын башкы режиссеру-көркөм жетекчиси.

1993-жылдын декабрь айында "Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген кызматкери" деген жогорку наам берилген.

2004-жылы "Таңкы поезд" деген китеби облустук Жолон Мамытов атындагы адабий сыйлыкка татыктуу болот.

Эр ортону 57ден өтүп калган Сатыбалды Турапов ушул күндөрдө чыгармачылык менен жигердүү иштеп аткан убагы.



## Социалисттик эмгектин Баатыры ТУРГУНОВ Жолдошбай

1901-жылы Дыйкан-ыштак айылында төрөлгөн Жолдошбай Тургунов үй-бүлөнүн тарбиясыбы, же дээринде бар беле, айтор мээнеткеч, иштерман болуп эр жетти.

1936-жылы "Кызыл-Шарк" артелин уюштурууда активдүү катышып, кийин пахтачылык боюнча бригаданы башкарып калат.

Дыйканчылыкка көзү жетип, тажрыйбалуу инсан жетекчилик кылган бригада 1947-жылы бекитилген аянттын ар гектарынан 89.2. центнерден түшүм алып берген.

1948-жылы андан жогорку эмгектик көрсөткүчтү жараткандыгы үчүн "Социалисттик эмгектин Баатыры" деген жогорку наам ыйгарылып, Ленин ордени, "Орок жана Балка" алтын медалы менен сыйланган. Жогоркудай Мамлекеттик сый-урмат Тургунов Жолдошбайды андан да жакшы иштөөгө үндөдү.

Кийинки жылдардагы дыйканчылыкта көрсөткөн эмгектик көрсөткүчтөрү үчүн 4 жолу Ленин ордени, 2 жолу Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланган айылдын Алты ордендүү аксакалы аталган.







## Кыргыз Республикасынын Эл артисти, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты ТУРАПОВ Керим

1959-жылдын октябрь айында Кызыл-Суу айылында төрөлгөн. Ошол айылында сегиз жылдык билим алган соң, Отуз-Адырдагы Крупская атындагы орто мектептен 10-классты бүтүргөн.

1977-жылы Оштогу Ниязалы атындагы музыкалык окуу жайында окуп жатып Советтик армиянын сабында кызмат өтөөгө туура келген. Аскерден келгенден кийин Керим Турапов Бүбүсара Бейшеналиева атындагы искусство институтуна кирип окуп калат.

Б. Миңжылкиев, В.И. Муковников өңдүү республиканын Эл артисттеринен таалим алган Керим Турапов студент кезинде эле опера жана балет театрында, Кыргыз Республикасынын телерадио комитетинин хоруна катышып көрүүчүлөргө тааныла баштаган.

Институтту бүтүрүп түз эле телерадио компаниясынын алдындагы симфониялык оркестринде солист болуп иштеп калат. Анын жетекчиси СССРдин эл артисти, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Асанхан Жумакматовдун таалим-тарбиясы Керимдин ырчылык өнөрүндө өзгөчө ролду ээлеген.

Кыргыздын элдик ырларынан тартып, А.Огонбаев, М.Баетов сыяктуу улуу устаттардын, А.Малдыбаев, М.Абдраев өңдүү композиторлордун, Р.Абдыкадыров, А.Керимбаев, Т.Казаков, И. Аманбаев сыяктуу обончулардын эл сүйгөн чыгармаларын чебер-жеткилең аткарууга жетишип, Керимдин аты аз эле убакта Ала-Тоо койнунда сүймөнчүлүккө ээ болду. Ошол үчүн ал 1989-жылы Кыргызстан жаштар союзунун сыйлыгына татыган. 1991-жылы Кыргыз республикасы-

нын эмгек сиңирген артисти деген наам берилсе, 1995-жылы республиканын Эл артисти болуп, ырчылык өнөрдүн устаттарынын катарына кошулду.

Керимдин жанга жагымдуу тенор үнү опералык спектаклдерде да өзгөчө бааланды. Анын аткаруусундагы "Айчүрөк" операсындагы Күлчоронун, "Манаста" Сыргактын, "Ак Мөөрдө" Болоттун, "Евгений Онегинде" Ленскийдин ариялары театрдын турмушунда жогорку диапазондогу ачылыш катары бааланышы бекеринен эмес. Ошондуктан ал чыгармачылык сапарда болгон Исландия, Франция, Германия, Түндүк Корея, Монголия, Бельгия, Туркия жана Россиянын бир катар шаарларынын ыр ышкыбооздору анын атын оздорунан түшүрүшпөй туу тутуп калышты.

Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, Туркиянын, Казакстандын сыйлыктарына кошумча Чыңгыз Айтматов атындагы фондунун, "Руханияттын" сыйлыктарына арзыган бүгүнкү күндөгү кыргыздын Карузосу-Керим Турапов кыргыздын сыймыгы эмеспи.







## Президенттин алдындагы "Кабар" маалымат агенттигинин түштүк филиалынын директору, биринчи журналист, ажы ТОКТОРОВ Камал

Төрөпейилдикти сүйбөгөн, адамгерчиликтүү инсандардын бири Камал (жолдошторү аны Камил дейт) Токторов 1960-жылы Мады айылында төрөлүп, эр жетип орто мектепти аяктайт. Ал эң оболу Майлысай шаарындагы электро-механикалык машина куруу техникумунда окуган. Андан кийин өз кесибин башка экенин баамдаган улан Ош мамлекеттик университетине кирип жогорку билим ала баштайт.

Өзүнүн эмгек жолун 1982-жылы азыркы Улуттук коомдук "ЭлТР" телерадио компаниясында телеоператор болуп иштөөдөн баштаган. "Ыркесе", "Кызыл жоолукчан", "Кытыгы", "Сармерден" өңдүү ондогон телекөрсөтүүлөрдү көгүлтүр экранга алып чыгууда чыгармачылыгын өзгөчө көрсөтө алган.

1986-жылы Ош облустук телекөрсөтүү жана радио уктуруу комитети өз алдынча болуп түзүлгөндөн баштап, Камал Токторов администратор-редактор болуп жыйырма жылча иштеп жүрүп жогорку категориядагы телеоператор болууга жетишкен. Ал эми 1992-жылы болуп өткөн Алай ханышасы Курманжан Датканын 180-жылдык, 1995-жылкы Талас жергесинде өткөн Манас эпосунун 1000 жылдык, 1997-жылкы Кыргыз Республикасынын биринчи спартакиясын көгүлтүр экран аркылуу көрүүчүлөргө тартуулоодо өзүнүн чебер-чыгармачыл операторлугун көрсөтө алган.

Камил Токторовдун жигердүү чыгармачыл инсан экенин 1993-жылы Кытай эл республикасында жүрүп жаткан реформаны, Кыргыз журналисттеринин ичинен биринчи Сауд Аравиясынын Мекке, Мадина шаарына барып Ажылык Сапар жөнүндө, Туркия-Кипир өлкөлөрүндөгү туристик сапарларды чагылдырган көркөм тасмалары телекөрүүчүлөр тарабынан зор кызыгууларды туудурганынан балоого болот.

1999-жылдан тартып мурдагы СССРдин учурундагы ТАССтын филиалы болгон КирТАГдын азыркы Президенттин алдындагы "Кабар" маалымат агентигинин Түштүк филиалынын директору болуп жемиштүү иштөөдө.

Бир канча мамлекеттик сыйлыктардын ээси.



## ССРдин автожол курулуш министрлигинин отличниги, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген куруучусу ТОЙЧИЕВ Баатыр Тажибаевич

Кан жолдун боюнда өскөндүктөнбү же бала кезинен жол азабын көп тарткандыктанбы, айтор Баатырдын көңүлүндө жол куруучу болсом деген үмүт-тилек энеден кошо төрөлгөндөй болду. Акылдуу бардык талапты өзүнө коет -деген Баатыр Тойчиев 1942-жылы Бек-Жар айылында төрөлгөн. Айылынан жети жылдык билим алган соң Өзгөн шаарындагы мектеп-интернаттан билим алууга туура келген. Үч жыл Бек-Жардан Өзгөнгө келип окуп жол азабын куп тарткан Баатыр жашынан бир оюна бек турду. Ал оюу келечекте жол куруучу адистеринен болуу. Бирок келечек кепич эмес бутка кийген. Түмөн түйшүгү, азап-тозогу бар. Кентса да эне кеңеши эңсегенге жеткирет дегендей, Баатырдын тандаган кесибине ата-эне ак жол каалады. Ал кездеги Фрунзе (азыркы Бишкек) шаарындагы Политехникалык институтка кирип окуп калган Баатыр Тойчиев эңсеген кесибине ээ болушу үчүн студенттик күндөрүндө тайраңдап жүрбөй, окуунун алдыңкылаарынан болду. Ошондуктан жогорку окуу жайын да ийгиликтүү аяктоого жетишти.

Ош-Памир жол трестинде бат эле өзүнүн иш билгилигин көрсөтө алган. Тапталган тулпар туу алат дегендей, өз адистигин жакшы өздөштүргөн жигит ар кандай шартта майышпады. Таянган тоонун ташы алтын дейт экен. Баатыр Тажибаевичтин таянган тоосу сүйгөн кесиби болду. Бала бакты-бара жаткан жолунда деп бекер айтылбаптыр. Эси жоктун эртеңи менен иши жок болот эмеспи. Ал эмгек жолунда жөрөлгөлүү иштеп, жамаатында өрнөк боло баштайт. Жөрөлгө жөндөмгө жараша болот экен. Баатырдын жөндөмү кадыр-баркка бөлөп, ызат-урматын ашырды. Атак- ат көтөргүс жүк экенин унутпаган Баатыр Тажибаевич өз ишине сергектигин ансайын ашырды. "Кишинин ичинен бил, ичинен биле албасаң ишинен бил" деген экен Француз философу Дидро Дени. Ош-Памир жол трестинде катардагы жол мастерлигинен баштап-начальнике чейинки эмгек жолу Баатыр Тойчиевдин ишинен таанытты. Ага СССРдин Автожол курулуш Министирлигинин отличниги, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген куруучусу деген сыймыктуу наамдардын берилиши, "Даңкты аз ойлосоң атактын чоңуна жетесиң" деген накыл кепти ырастагансыйт.





Чынында адам иштеген ишинен таанылары төгүн эмас экен. Баатыр Тажибаевич 1985-1995-жылдары Алай, Өзгөн райондорунда Аким болуп иштеп, бул жагдайда да өзүнүн уюштургуч-жетекчилигин көрсөтө алган атуул. Ушул жылдардагы натыйжалуу эмгектери үчүн "Даңк" медалы менен сыйланган. Аракеттен адат жаралат, адаттан-мүнөз, мүнөздөн тагдыр жаралат эмеспи. Баатыр Тажибаевичти тагдыр иштемчил, талапты кое билген мүнөздөгү инсандардын катарына кошту. Анткени, ал талапсыз өмүр эч нерсеге жараксыз өмүр деген принципте жашап-иштеп көнгөндүктөн, ошончолук оомат келип, зоболосу бийиктей берди. Акыркы жылдарда Россия мамлекетинин чакыруусу менен Атом энергетика Министирлигинде өз адистиги боюнча алкоого арзып иштеп жаткан жердешибиз менен ар канча сыймыктансак арзыйт. Сыймык да, сыйлык да Сизди коштой берсин ылайым, Баатыр Тажибаевич.



## Кыргыз Республикасынын жогорку Кеңешинин депутаты Арап ТӨЛӨНОВ

Жолборс изинен, жигит сөзүнөн кайтпайт-деп элге алынып келаткан Арап Төлөнов 1954-жылы 20-июнда Октябрь айылында төрөлгөн. Айылындагы Октябрь орто мектебин аяктап, жетилүү аттестатын алган соң 1972-жылы Советтик Армиянын катарында кызмат кылганга бет алат.

Армияда жоокерлик кызматты так-мыкты өтөп келгенден кийин чарбада калып эки жылдай өндүрүштө эмгектенет. 1976-жылы Оштогу соода техникумуна кирип окуйт. Техникумдан техник-технолог деген кесипке ээ болуп чыккан Арапбай Төлөнов 1979-жылдан Кара-Суу керек жарак коомунда соода тармагында иштейт. 1990-жылдан 1991-жылга дейре Таширов атындагы айыл чарба өндүрүштүк үрөөнчүлүк кооперативинде, 1991-жылдан 1994-жылга чейин Ош тамеки ферментациялоочу заводунда технолог-адис болуп эмгектенген.

Ал эми 1994-жылдын 20-декабрынан Таширов атындагы айыл чарба өндүрүштүк үрөөнчүлүк кооперативинин башкармасынын төрагасы болуп жетектеп келүүдө. Өндүрүштү билгичтик менен жетектөө менен элге, бей-бечараларга кол кабыш кылып, ар тараптан жардам көрсөтө баштагандыктан, бат эле калк арасында кадыр-баркы ашып, оозго алынып кеткен. Ошондуктан 1995-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл Өкүлдөр жыйынынын депутаттыгына шайланган.

Депутаттык жылдарында элдин берген наказдарын ашыгы менен талбай аткарып, чарбанын экономикасын жылдан-жылга жогорулата баргандыктан Арапбай Төлөнов 2000-жылы Жогорку Кеңештин Эл өкүлдөр жыйынына экинчи жолу депутаттыкка шайланган.

Шайлоочулардын зор ишенимне ээ болгон депутат элге ак кызмат кылуу үчүн бардык күч-кубатын, мүмкүнчүлүгүн жумшады. Өз округундагы 36 мектепке жылына 3-4 миң сомдон жардам берип, окуучулар үчүн "Арапбай Төлөнов атындагы стипендия" уюштуруп, мыкты окуучуларга салтанаттуу түрдө тапшырыла баштайт. Андан башка үй-бүлөөсү начар кожолуктарга, кары-картаңдарга жардам көрсөтүүнү Арапбай Төлөнов адатка айлата берет.

Жаштар арасында дене тарбия иштерин күчөтүп, социалисттик эмгектин эки жолку Баатыры Хайтахун Таширов атындагы байге уюштуруп, бокс, футбол, баскетбол, улуттук күрөш оюндары боюнча беттешүүлөрдү өткөрүп турууну да салтка айлантат.





Эрдик-элдикке жеткирет деген ушул туура. Элим-жерим деп эрдик жасаган Арапбай Төлөновду 2005-жылы шайлоочулары үчүнчү мертебе депутаттыкка кайра шайлап алышты. Ар тараптан өсүп-өнүгүп жаткан парламент өкүлү эл-жерин ойлоп, алардын наказдарын муктаждыктарын аткарыш үчүн Арапбай Төлөновдун уйкусу онго бөлүнүп, тынчы кетип жүргөнүн байкоо кыйын эмес. Демек, "Башкаларга бакыт издеген адам, бакытка өзү жолугат!! (Платон -Грек философу).

### *Кыргыз Республикасынын жогорку Кеңешине үчүнчү жолу депутат болуп шайланган АРАП ТӨЛӨНОВго каалоо*

Шайлоодо ыйманын саткандар болду.
Андыктан ыйман азабын тарткандар болду.
Бозоро жорткон кызара бөртөт дейт элибиз,
Шондуктан Арапка бакыт кушу конду.

"Алтынды дат баспайт -деген,
Нукура чындык, тастыктайт эгем.
Калп канчалык карданбасын дейт,
Чындык Арап тарапта дегем.

Жакшылык жыртылбай турган тон деп.
Айтылганды Арапка ыйгарса оң эп
Боорукердик, кол кабыш жардамдары,
Санаксыз, төгүн го мынча деген кеп.

Калктан өткөн тараза жок дейт элибиз.
Элдик Баатыр десек болот эми.
Келип турат: "Баатырдын баатырдыгы билинет
Арап өндүү элге жакса", - дегибиз.

Пайгамбар да өз жеринде баркы болбоптур
Арапты болсо жараткан өзү колдоптур.
Көкүрөгү көрөгөчтөр ак дилден,
Парламентке үчүнчү жолу жолдоптур.

Элиң сени таразалап көрдү го,
Орто Азия сага көңүл бөлдү го
Сендей жигит жүз жылда бир төрөлөт,
Деген кепке душманыңда көндү го.

Арап, Тайгак кечүү, татаал ашуу жолдосун,
Милдет оор, баш чайкамай болбосун,
Жолборс изинен, жигит сөзүнөн кайтпайт,
Эл ишинде, Кудайым өзү колдосун!!!
Оо-оми-ин!!



## Атеисттик илимдеринин кандидаты, Эл Агартуунун мыктысы (отличниги) ҮСӨНБАЕВ Айтбай

Жашынан чыйрак өскөн Айтбай Үнбанов 1928-жылы май айында "Коммунизм" айылында (анда өзүнчө колхоз болгон экен) төрөлгөн. Айылындагы 7 жылдык мектепти тың бүтүргөндүктөн мугалим болуп иштей баштаган.

Кантсе да, жогорку билим алуу керектигине көзү жеткен Айтбай Үсөнбаев 1951-жылы Фрунзе шаарындагы пединститутка кирип окуган. Жогорку оку жайын эң жакшы аяктап, ошондогу Куршаб районундагы Ворошилов атындагы орто мектепке директор болуп кетет. Кийин Араван районундагы Маңгыт мектебине директор болуп которулат.

1959-1961-жылдары Кара-Суу райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы, 1961-жылдан Базар-Коргон районундагы Бөкөмбаев атындагы мектеп интернатта директор,

1963-жылдан Оштогу мугалимдердин билимин өркүндөтүү институтунда иштеген.

1965-жылдан партиянын Кара-Суу райондук комитетинин агитация-пропаганда бөлүмүнүн башчысы болуп, 12 жылдай өзгөчө чыгармачылык менен үзүрлүү иштеген.

1978-1980-жылдары профсоюздардын айыл чарба кызматкерлеринин райондук комитетинин төрагасынын милдетин аткарган.

1980-жылдан Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун атеистик кафедрасына чакырылып, иштеп жүрүп ооруп калган. Кудайдын буйругу экен, ошол оорудан айыга албай, 6-июнь күнү жөже-бирдей 8 баласын өмүрлөш жубайы Рабияга таштап, чын дүйнөгө узап кеткен.

Аттиң армандуу дүйнөң курусун. Ушул күндөрдө эр жетип, жогорку билимге ээ болушуп иштешип жатышкан Роза, Самат, Салмоорбек, Гулмира, Санжар, Султандардын чекесинен сылап, бактылуу жүздөрүн көрсө болбос беле атасы. Алардын көңүлдөрү бөксөрбөй, толуп-ташып жүрбөйт беле.







## Кара-Суунун ардактуу ардагери ҮСӨНОВ Туратали

Кажыбас-кайраткер, болоттой бекем эрктүү Туратали Үсөнов 1921-жылы Жоош айылында төрөлгөн. Орто мектепти бүтүрүп 1934-жылы "Большевик" колхозунда секретарь болуп иштеген.

1941-1942-жылдары эсеп-кысап бухгалтердик атайын курсунан билим алган соң ошол колхоздо учетчик, текстилторгдо товар жүгүртүүчү болуп эмгек өтөйт.

1942-1944-жылдары Челябин шаарындагы танка чыгаруучу заводдо бригадир, 1944-1946-жылдары киндик кан тамган жерине келип, "Большевик" колхозунда учетчик, 1946-1951-жылдары Кара-Суу райондук аткаруу комитетинде жооптуу секретарь болуп иштеген.

1951-1954-жылдары Ноокат райондук аткаруу комитетинде жооптуу секретарь, 1954-жылдан 1959-жылга дейре Кара-Суу райондук финанса бөлүмүнүн башчысы, 1959-1961-жылдары Кара-Суу общепиттин директору, 1961-1973-жылдары колхоз базарынын директору болгон.

Ал эми 1974-1978-жылдары Жоомарт Бөкөнбаев атындагы шаардын эс алуу паркында директор болуп калган. 1978-жылдан кайрадан Кара-Суу базарынын директору болуп иштей баштаган.

Базар демекчи Орто-Азияга белгилүү бүгүнкү чоң базардын ордуна уруксат алууда, аны курууда Туратали Үсөновдон көп эмгекти, таймanbастыкты, кажыбаган кайраткерликти талап кылды. Ал кишинин так ошондой талбаган, болоттой бек майтарылбас эркинен 1990-жылы Кара-Суу базары пайдаланууга берилген.

Базар ишке түшкөн күндөн 3 миңден ашык адамга жумушчу орун болуп, мамлекеттик бюджетке 3,5 миллион сомдон киреше кошо баштаган.

Ал кишинин көп жылдык ар тармакта белсемдүү эмгектери эске алынып, "1941-1945-жылдардагы Ата Мекендик согуштагы күжүрмөн эмгеги үчүн", 1970-жылы В.И.Лениндин 100 жылдыгына карата "Эмгектеги каармандыгы үчүн", 1984-жылы "Эмгектин ветераны" деген медалдар менен сыйланган. Бирок Туратали Үсөнөвдүн Кара-Суу базарын куруудагы ак ниет эмгеги өз баасын ала элек.



## Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкери, Эмгек Кызыл Туу ордени менен эки жолу сыйланган персоналдык пенсионер ЧЫКЫЕВ Эргеш Чыкыевич

Мыкчегер-Эргеш Чыкыев 1938-жылы 17-апрелде Алай районундагы Нура айылында төрөлгөн. Орто билим менен Оштогу айыл чарба техникумуна кирип окуп, аны 1957-жылы артыкчылык диплом менен бүтүргөн.

Кыргыз Мамлекеттик Университетинин экономист-юрист деген факультетин дагы 1962-жылы мыкты аяктагандыктан "Отуз-Адыр" совхозунда башкы экономист болуп иштөөдөн эмгек жолун баштаган. Ишинен өзгөчө көрүнгөн Эргеш Чыкыев бат эле комсомолдун райондук комитетинин 1-секретары, анан райондук элдик контролдоо комитетинин төрагасы кызматтарында иштеп калат.

Таланттуу, иш билги кадрды партия райондогу артта калган Фрунзе атындагы колхозго башкармалыкка дайындайт. Ал жерде бир беш жылдыктын ичинде эле өзүнүн адис уюштургучтугу менен чарбаны алдыга алып чыккан. Бүткүл союздук мелдеште КПСС БКнын, СССР Министирлер Советинин, ВЛКСМ Борбордук Комитети менен ВЦСПСтин өтмө Кызыл Туусун жеңип алууга жетишкен.

Мындай жалын жүрөк райондун мыкчегери болгон Эргеш Чыкыевич тайманбаган, жигердүү аракетчилдиги республикалык жетекчилерге чейин жагып, аны а дегенде Эл депутаттарынын Ленин райондук аткаруу комитетиниин төрагалыгына, андан кийин партиянын Базар-Коргон райондук комитетинин биринчи секретарлыгына дайындайт.

Ишке көзү жетик, өндүрүштүн кайсы участкасында болбосун, ал жерде ишти алга сүрөп кете алган мыкты уюштургучтугу Эргеш Чыкыевичтин кадыр-баркын, жетекчилик зоболосун республиканын деңгээлинен ашырганы бекеринен эмес. Ошондуктан бир катар өкмөттүк сыйлыктарга татыктуу болгон. Учурунда КПСС Борбордук Комитетинин, СССР Министирлер Советинин, ВЛКСМ Борбордук Комитети менен ВЦСПСтин Ардак грамотасына, эки жолу Эмгек Кызыл Туу ордени менен, эки жолу "Эмгектеги кужурмөндүүлүгү үчүн" жана бир канча эстелик медалдар менен да сыйланган.

Ушул кезде Кыргызстан пахтачылык тажрыйба станциясынын директору, "Кыргыз-5" пахта сортуна авторлош болуп иштеп жаткан Э. Чыкыев - бир жердеги он эки жылдык эмгек жолунда да бир топ өндүрүштүк ийгиликтерди жаратып койду.

Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин тогузунчу чакырылышынын депутаты. Райондук, облустук Кеңештерге огеле көп жолу шайланган. 2000-жылы "Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкери" деген сыймыктуу наамдын ээси болгон. Үрөөнчүлүк боюнча облустук ассоциациянын председатели. Эргеш Чыкыевдин ишмердиги, анын ата-теги, үй-бүлөөсү жөнүндө "Мухит тамчыдан жаралат" деген (даректүү баян) китепте кеңири сөз болгон.



Кара-Суунун жүз атуулу



## "Социалисттик чөйрөгө эмгек сиңирген кызматкер", райондук социалдык коргоо башкармасынын башчысы ШАБИЕВА Санабар Шабиевна

Санабар Шабиевна 1948-жылы 21-мартта Мады айылында төрөлгөн. Айылындагы орто мектепти бүтүргөндөн кийин, ошол эле жылы Ош Мамлекеттик педагогикалык институтуна кирип окуп,1968-жылы жогорку билимдүү физика мугалими адистигин алып чыгат. Кара-Суу шаарындагы К.Жакыпов атындагы жатак мектеп-интернатында эмгек жолун баштайт.

1970-1972-жылдары "Коммунизм" сегиз жылдык мектебинде директор, 1972-1973-жылдары райкомдун идеология бөлүмүндө инструктор, 1972-1973-жылдары райкомдун идеология бөлүмүндө инструктор, 1973-1980-жылдары Кең-Сай орто мектебинде директор болуп иштеген.

Ал эми 1980-жылы райондук элге билим берүү бөлүмүндө методист болуп иштеп туруп, ошол эле жылы райондук аткаруу комитетинин жалпы бөлүмүнүн башчылыгына дайындалган. 1982-жылдан Кара-Суу шаардык аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары болуп иштейт.

1986-1991-жылдары райондук аткару комитетинин жооптуу катчысы, 1991-1992-жылдары уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, 1992-1994-жылдары Эл депутаттарынын райондук Кеңешинин жооптуу катчысы болуп жогорку деңгээлде иштей алган.

Өз ишинин майын чыгара иштей алган Санабар Шабиева 1994-жылдын февраль айынан ушул убакка дейре райондук социалдык коргоо башкармасынын башчысы болуп иштеп келүүдө.

Өзүнө жүктөлгөн жооптуу кызматынан башка да коомдук иштерге да активдүү катышат. Райондогу аялдар Кеңешинин төрайымы, КРнын социалдык кызматкерлеринин ассоциасынын вице-президенти. Ошондой эле Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарынын социалдык кызматкерлеринин түштүк региону боюнча ассоциасынын иштерин жүргүзөт.

Санабар Шабиева 2000-жылдын декабрь айында КРнын "Социалдык чөйрөгө эмгек сиңирген кызматкери" деген ардактуу наамга татыктуу болгон. Анын алдыдагы максаты, аракети ошол жогорку өкмөттүк сыйлыкка жооп кылып өз ишин мындан да жакшы жолго коюу болуп эсептелет.







## Филология илимдеринин кандидаты, белдүү адабиятчы, сынчы, окумуштуу ШЕРИЕВ Жээналы

Дайыма жаштарга жакшылык ыроологон, окумуштуу-адабиятчы, сынчы Жээналы Шериев 1934-жылы 21-апрелде Папан айылында төрөлгөн. Айылындагы орто мектепти аяктап, 1949-жылы Ош педагогикалык окуу жайына кирип окуп, аны 1952-жылы бүтүргөн.

Биринчи мугалимдик эмгек чыйырын Ноокат районундагы Тельман атындагы жети жылдык мектебинде катардагы мугалим болуп иштөөдөн баштаган. 1954-1959-жылдары Ош мамлекеттик институтунан жогорку билим алган Жээналы Шериев институттун өзүндө мугалим болуп калат. Ишинен улам жамаатка жага берген жигит бат эле эл оозуна алына баштайт. Ошондон улам жогорку окуу жайынын профкомунун төрагалыгына шайланат.

1978-жылы доцент жана кафедра башчысы болот.

1988-1992-жылдары илимий иштер боюнча проректор, ал эми 1991-жылдан кафедранын профессору болуп эмгектенген.

2002-жылдан Кыргызстан калктары ассамблеясынын Ош облустук бөлүмүнүн төрагасы болуп чыгармачылык менен демилгелүү иштерди жасаган. Калк кадырлоосуна алынган Жээналы Шериевди күтүлбөгөн оору арабыздан алып кетти.

Жээналы Шериев 1981-жылы "Эл агартуунун мыктысы" (отличниги), 1991-жылы "Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкери" деген наамдарды алган. 1998-жылы "Даңк", 1995-жылы Манас эпосунун 1000 жылдыгына карата "Эстелик" медалдары менен сыйланган.

Ж.Шериевдин алгачкы чыгармачылыгы көркөм адабиятка ой айтуудан башталып, 1960-жылы анын биринчи "Жашагым келет" жөнүндө рецензиясы облустук "Ленин жолу" газетасына басылган. Андан кийин "Поэзия күүнү турмуштан алат", "Турмушка элдин көзү менен караган акын", "Чыңгыз Айтматов чыгармаларында фольклордук салт жөнүндө" жана башка көптөгөн ой-пикирлери, рецензиялары "Ала-Тоо" журналына басылган. Жээналы Шериев 1996-жылдан Кыргызстан жазуучулар союзунун мүчөсү. Онго жакын монографиялык (илимий изилдеген) китептердин автору.



## Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти ЭШПАЕВ ТОКОН

Мектеп жашынан безеленип ырдап чыккан Токон Эшпаев 1950-жылы 21-июлда Керме-Тоо айылында төрөлгөн.

Чернышевский орто мектебинде окуп жүргөндө эле музыкалык шыгы өзгөчө көрүнө баштаган Токон 1967-жылы Ош пединститутунун музыкалык факультетине кирип окуп калат. Студенттик романтикалык күндөрү бат эле өтүп кетип, 1971-жылы жогорку окуу жайын ийгиликтүү аяктап, өзү окуган айылындагы Ушинский атындагы орто мектептен эмгек жолун баштайт.

Арадан бир жыл өтпөй Армияга чакырылып, Казакстанда Аскер ыр-бий ансамбилинде кызмат өтөйт.

1973-жылы Армиядан келип бир жылдай Ушинский орто мектебинде иштеп туруп, 1974-жылы Кара-Суу райондук маданият бөлүмүнө башчылыкка дайындалат. Маданият башчысы болуп 6 жыл иштеген соң 1980-1982-жылдары облустук ички иштер башкармасынын саясий бөлүмүнүн начальниктигине которулган.

1987-жылы жаңыдан уюштурулуп жаткан Ош (азыркы Рыспай Абдыкадыров атындагы) филорманияга директор болуп келген.

1992-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланган. 1993-жылы "Республиканын эмгек сиңирген артисти" деген наамга татыктуу болот.

Чыныгы чыгармачылык сапар менен Токон Эшпаев Португалияда, Швецияда, Польшада, ГДРда, Иранда, Кытайда, Россиянын бир катар шаарларында болгондо анын жанга жагымдуу ар бир чыгармасын дүркүрөгөн кол чабуулар менен тосуп алып турушкан. Токон Эшпаев али алтымыш куракка да жете элек, чыгармачылык, аткаруучулук дарамети бараалына жеткен убак. Али тоо жаңыртып далай шаңшыйт го Токон.







## Социалисттик эмгектин Баатыры ЮНУСОВ Топчубай

1905-жылы 28-августунда Мөнөк (азыркы XVIII партсьезд) айылында төрөлгөн Топчубай Юнусов жаштайынан турмушка чыйраак болуп өскөн.

Орто билим менен эмгек жолун 1924-жылы Алай районундагы Мурдаш айылында мугалимдиктен баштаган. 1930-жылдан колхоздун чарбалык иштерине аралашып, тагылган иштерди так аткарып эл көзүнө көрүнө баштаган. Улуу Ата Мекендик согушка активдүү катышып, 1945-жылы киндик кан тамган жерине эсен аман кайткан. Жоокерди Карл Маркс атындагы колхозго раистикке (председателдигине) көрсөтүшөт. Буга чейин турмуштун ысык-суугуна бышкан жоокер-патриот жигит башкармалыкты камчы салдырбай алып кете алган. Агротехникалык өсүмдүк болгон пахтанын түшүмдүлүгү 1950-1956-жылдары орто эсеп менен гектарынан 34 центнерден да аша баштайт. Ошо 1956-жылы чарбанын 700 гектар аянтынын ар гектарынан 34.5 центнерден пахта жыйналган. Мал чарба продукцияларынын план-тапшырмалары да ашыгы менен аткарылат.

Колхозчулардын эмгектик жогоркудай ийгиликтери үчүн колхоз башкармасы Топчубай Юнусов 1957-жылы Ленин ордени, "Орок жана Балка" алтын медалы менен сыйланып, "Социалистик эмгектин Баатыры" деген жогорку сыймыктуу наам ыйгарылат.

Бул жылдардын аралыгында Топчубай Юнусов Кыргыз ССР Жогорку Советинин 4-5 шайланыштарынын, СССР Жогорку Советинин 6-шайланышынын депутаты болгон. Ошондой эле чарбанын мыкты жетекчиси эки жолу Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордендери менен бир катар медалдар менен сыйланат.



**Мамыр ИМИНЖАНОВ**
Кыргыз Республикасынын
Улуттук жазуучулар, журналисттер
союзунун мүчөсү

Эмгек жолун жалаң газета менен радиотеледе өтөгөн чыгармачыл инсан. "Сага айтам", «Чырпык», "Өлгөн" адамды күлдүргөн…", "Куйручуктун курдашы", "Менин эртеңим", "Кара-Суу карлыгачтары" аттуу жыйнактардын автору.

1962-жылы "Репертуардык жыйнак"та жарык көргөн "Өзүң түшүнбөйсүң! деген интермедиясы менен 1965-жылы "Чалкан" журналына басылган "Маңдайыма жазылганы" сатиралык аңгемеси Мамыр Иминжановдун чыгармачылык тушоосун кескендей болгон бейм, кийин калемпир-мурчу аралашкан ар кыл жанрдагы чыгармалары "Ала-Тоо", "Чалкан", "Кыргызстан аялдары", "Ден соолук", "Кыргызстан маданияты", "Ленинчил жаш", "Мугалимдер газетасы", "Марказий осие маданияты" өңдүү бир катар газета-журналдарда байма-бай басылып, чыгаан сатирик жүзүн көрсөтүп келатат.





# ТАРЫХТЫН ЖАЗЫЛА ЭЛЕК БАРАКТАРЫНА

**Абдугаппаров Абибилла Абдугаппарович**-Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын коргонуу жана кооптуздук иштери боюнча бөлүмдүн башчысы. (Октябрь айылынан).

**Абдуллаев Адылжан Абдуллаевич**- Бишкек шаарындагы Шубин атындагы музыкалык мектептин директору, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери. (Кызыл-Суу айылынан.)

**Абдуллаева Өктөмкан Авазовна** - Эмгек жана социалдык жактан коргоо Министри. (Эркин айылынан)

**Абжалиев Алия** -Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты. (Жапалак айылынан)

**Абдрасулов Инамжан** - Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты. (Кашкар-Кыштак айылынан).

**Абдукеримова Калча**-Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими. (XVIII партсьезд айылынан)

**Алаудин Мансур**-Орто Азияда биринчи болуп 1991-1992-жылдары Куранды өзбек тилине, андан кийин кыргызчага которгон, Кара-Суу шаарында куранды үйрөтүүчү илимий борборду ачкан шайык. (Кара-Суу шаарынан).

**Арапов Төлөн** - Кыргыз Республикасынын Эл агартусунун отличниги, Журналистер союзунун мүчөсү. (Жапалак айылынан)

**Аленов Бакпурбек**-Президенттик администрациянын пресс катчысы.

**Бакиров Мамасадык** -КРнын жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу департаментинин начальнигинин орун басары.

**Базибаев Асанбек** -Отуз-Адыр айыл өкмөтүнүн башчысы.

**Бостонкулов Турсунали** - Республиканын жаштар сыйлыгынын лауреаты, таланттуу акын. (Октябрь айылынан)

**Ботояров Нуркамил Ботоярович** - Отставкадагы полковник. (Жаңы арык айылынан)

**Бабеков Анарбай Ураимович**- Химия илимдеринин кандиданты. (Топ терек айылынан)

**Жолдошева Жылдыз Айтбаевна**- Республикалык "Курманжан Датка" атындагы кайрымдуулук фондунун төрайымы (Кыргыз чек айылынан.)

**Жолдошов Кармышак Жолдошевич**-Милициянын отставкадагы полковниги, ИИМде бөлүмдүн начальниги. (Кызыл-Суу айылынан)

**Жороев Тургунбай** -Геологиялык илимдин кандидаты. (Кызыл-

Суу айылынан)

**Жумабаев Буркан Жумабаевич** - Кыргыз телекомдун начальниги. Жогорку Кеңештин Экс-депутаты. (Жоош айылынан)

**Жээнбеков Абдижапар** - Кыргызстан Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү, прозаик (Мөнөк айылынан)

**Зулпуев Бектур** - Президенттик администрациянын юридикалык бөлүмүнүн башчысы. (Калинин айылынан)

**Калыков Сүйүн** - Облустук дин башкармасынын башчысы. Ажы. (Кызыл-Суу айылынан)

**Касымбаев Нурбай Адиевич**-КРнын ички иштер Министрлигинин кадрлар башкармасынын начальниги.

**Каримов Учкун**-Бишкек шаардык прокурору.(Жоош айылынан)

**Кадырбеков Кушбак Кадырбекович** -Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы, Медицина илимдеринин доктору. (Кыргыз Чек айылынан)

**Карыев Абдумалик Карыевич** -СНБнын полковниги. (Зарбалик айылынан)

**Кадыров Алтымыш**-Талантуу обончу.(Кызыл-Ордо айылынан)

**Карыбаев Маркаш** - Кыргыз Республикасынын Эл агартуусунун отличниги Кызыл Кыргызстан мектебинин директору. (Савай айылынан)

**Касымов Мыйманбек** - Ош телерадиосунда 40 жылдай теле, радио режиссер, башкы режиссер, музыкалык редактор болуп иштеп келет. КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер. (Жоош айылынан).

**Кудаяров Дүйшөн Кудаярович** - Академик. Медицина илимдеринин доктору. (Алгабас айылынан)

**Курбанов Райымжан Курбанович** - Мамлекеттик тил боюнча Улуттук комиссиянын катчысы. (XVIII Партсьезд айылынан)

**Кушбаков Шамши** - партиялык, советтик кызматтарда алдыңкы катарда иштеп өкмөттүк орден-медалдар менен сыйланган. Көп жылдар боюу Таширов атындагы колхозун өрнөктүү башкарган. (Октябрь айылынан).

**Маматазимов Эркин**-КРнын түштүк регион боюнча эсептөө палатасынын аудитору. (Кызыл-Сарай айылынан).

**Мамаев К.** - Транспорт жана коммуникация министринин орун басары.(Кеңеш айылынан)

**Манасова Айзада** - (Темиркатын) Аялдардан чыккан мыкты-чыгаан ишкер (Жоош айылынан)

**Матисаков Бердибек** - Кыргыз Телерадио компаниясында Программалар дирекциясынын башкы директору. "Ош-3000" телерадиосунун төрагасы болгон. (Кара-Сөгөт айылынан)





**Макамбаев Асилбек Маканбаевич**-Токмок шаарындагы ДЭУнун начальниги. (Папан айылынан)

**Мойдунов Эрмек** -Кыргыз Республикасынын Эл артисти. (Төлөйкөн айылынан)

**Мурзаев Гуламжан Аттокурович** - Кыргыз Мединститутун бүтүрүп иштеп, Кыргыз Улуттук Университетинин Юридикалык факультетин бүтүрүп, ИИМнинде иштеген, подполковник. (Карбан-Кол айылынан)

**Мырзаева Махира Рысбаевна** -Биоорганикалык химия илиминин кандидаты, 2001-жылдан ОшМУда декандын илимий иштер боюнча орун басары. (Маданият айылынан)

**Пахалбаев Мамасалы** - Кыргыз Республикасына эмгек сиңирген мугалим. (Кыргыз-Чек айылынан)

**Полотова Паизкан** - Кыргыз Республикасына эмгек сиңирген мугалим.

**Рахманов Курманбек Рахманович** - Кыргыз совпровдун курорттор боюнча начальниги. (Отуз Адыр айылынан)

**Разыков Рахман** - "Бешилик" куудулдар театрынын негиздөөчүсү, республикалык куудулдар сынагынын лауреаты. Кыргыздын Евгений Петросяны. (Савай айылынан)

**Сыдыков Абдилат**- Спец, прокурор. Биринчи класстагы юрист, полковник. (Папан айылынан)

**Сыдыков Батырали** -Райондун акими, облустун губернатору, Кыргыз Республикасынын Өзбекистандагы Атайын жана ыйгарымдуу элчиси, азыр Кыргызстан айыл чарба Академиясынын ректору, Философия илимдеринин доктору. (Кыргыз Чек айылынан)

**Султанбеков Адилбек** -Президенттик Академиянын ректору. (Каратай айылынан)

**Султанов Дадан** - көп жылдар бою райкомдун Биринчи секретары, райкеңештин төрагасы, ж.б. партиялык-советтик кызматтарда өрнөктүү иштеген инсан (Мөнөк айылынан).

**Теңизбаев Калысбек Аскарбекович** - КРнын чек ара кызматтары боюнча полковниги. (Папан айылынан)

**Төрөбеков Чырмаш**-Эл аралык конкурсттардын лауреаты, Президенттик стипендиант, "Алтын шаты" сыйлыгынын ээси. Т.Сатылганов атындагы филармониянын артисти. (Калинин айылынан)

**Тиллебаев Садык**-филология илимдеринин кандиданты, Арабаев атындагы университетинин проректору. (Эшме айылынан)

**Шаймиев Мамазунду**- Республикалык Бажы комитетинин председаталинин орун басары. (Төлөйкөн айылынан).

**Шавкат Рахман** - "Өзбек республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер", көрүнүктүү акын, котормочу, 5 жыйнактын автору. (Шарк айылынан).

**Эргешова Саткын** -Партиянын райондук комитеттеринде көп жылдар боюу секретарь болуп иштеген, акыркы он жылдан бери Гүлчөдөгү Курманжан Датка музейинин директору. (Талдык айылынан)

***«Өзүм деп соксо жүрөгү,***
***өзгөнүн баркын билеби»***
**(А. Кунанбаев)**



## ФОТОРЕПОРТАЖ











***«Азамат бир сырдуу,***
***миң кырдуу болот»***
**(Эл макалы)**


















*«Искусствонун тилинин көп сөздүүдөн аз сөздүү болуусу кыйын»*
**(И. Винкельман)**











*«Бүгүнкү мээнетиң - эртеңки дөөлөтүң»*
**(«Кабус-Наме»)**

## Мазмуну

Түзүүчү- редактордон....3
Кылымга тете өсүштөн учкай кеп.... 4
Кара-Суунун сыймыгын ашыргандар: ....7
Абдураимов Абсамат....11
Абдураимова Лайли....12
Абдукаримов Мамасали....13
Абдуллаева Майрам Дукуевна....14
Абдукаримова Махира Умаровна....15
Атабаев Жолдош....17
Аматов Сейитбек Юсупович....19
Алайчиев Сыдык....21
Алахунов Абдыкадыр....22
Алтыбаева Дилбар Тойчиевна....23
Арстанбеков Маматжан Арстанбекович....24
Ажыкулов Рыскул ....25
Асанов Авазбек Раимжанович....26
Айтиев Гапар....27
Бакир уулу Турсунбай....28
Баатыр Аким....30
Бахапова Санавар....32
Бекмуратов Саид....33
Бекмуратова Салима....34
Гавсидинов Гиясидин....35
Жаныбеков Жээнбек....36
Жалиев Баатыр....37
Жапиев Хамид....38
Жумабаев Алахун....39
Жумабаев Ташмамат....40
Жумаев Шабы....41
Жунусов Ибрагим Кожоназарович....42





Жунусов Аманбай....43
Жолдубаев Ырысбай Жолдубаевич....45
Жолдошов Сооронбай Тургунбаевич....47
Жолдошов Расул Жолдошович....48
Закиров Адам....49
Заиров Маматоктор Садырбаевич....50
Зурдинов Аширали....52
Исмаилов Азиз....54
Исмаилов Татен....55
Исмаилов Эркинбек Мурзатович....56
Исмаилова Инахан....58
Исмаилова Салима....59
Исаков Сра....60
Култаев Топчубай Чөкөевич....61
Камилов Таалайбек Жакшыбаевич....62
Калбеков Абдумиталип Муратович....63
Каримов Бакытбек Токтомуратович....65
Каримова Тургунай....66
Каримов Иманжан....68
Калбек уулу Мурат....69
Кудайбердиев Ташбек....70
Кулуев Сабырали....71
Куттубаев Темирбек....72
Кожошев Муктар Тажибаевич....73
Кочкорова Сарахан....75
Мадазимов Болуш....76
Мамазаирова Меңди....77
Мамытов Жолон....79
Маматов Садык....80
Маматурдиев Ашырали....82
Малабаев Муратбек ....83

Машрапова Тургун ........................................85
Масаитов Атажан ........................................86
Машрапова Гулайым Эгемназаровна........................................87
Мияшев Таш........................................88
Мырзакаримова Айкөкүл........................................89
Мырзакаримов Капар........................................91
Мусаев Тешебай ........................................92
Назарова Шырман ........................................93
Нурахунов Назиржан ........................................94
Нышанов Сабыржан........................................95
Орозбеков Муктар ........................................96
Осўмбеков Байышбек Зияйдинович........................................97
Парпиев Абдирашит........................................98
Полотов Тойчу........................................99
Раев Иса........................................100
Раев Султан Акимович........................................101
Садыков Убайдилла........................................103
Саипова Санаваркан........................................104
Саттаров Хамид........................................105
Сакиев Түгөлбай........................................106
Сыдыков Акбар........................................107
Сулайманов Турсунали........................................109
Сулайманов Шайырбек Алибаевич........................................110
Сулайманов Исраил........................................111
Сулайманов Мырза........................................112
Таширов Хайтахун ........................................113
Тажибаев Абиджан........................................114
Тезекбаев Кушбак Тезекбаевич........................................116
Тешебаев Мамасали ........................................118
Турапов Сатыбалды........................................119
Турганов Жолдошбай........................................120





Турапов Керим........................................121
Токторов Камал........................................123
Тойчиев Баатыр Тажибаевич........................................124
Төлөнов Арап........................................126
Үсөнбаев Айтбай........................................128
Үсөнов Туратали ........................................129
Чыкыев Эргеш Чыкыевич........................................130
Шабиева Санабар Шабиевна........................................132
Шериев Жээнали........................................133
Эшпаев Токон........................................134
Юнусов Топчубай........................................135
Түзүүчү редактор........................................136
Тарыхтын жазыла элек барактарына........................................137
«Өзүм деп соксо жүрөгү…»........................................140

**Түзүүчү редактор:**
**М. ИМИНЖАНОВ**

# КАРА-СУУНУН ЖҮЗ АТУУЛУ

## Экинчи китеп

Редактору - Темирбек Куттубаев
Тех.редактору - Муктар Маматалиев
Фотолору - Тилебалды Шеркулов
Компьют.калыпка салган - Айгүл Орозбекова
Корректору - Тазагүл Иминжанова

Терүүгө 25.12.2006-ж. берилди. Басууга 15.02.2007-ж. кол коюлду. Формат 60х84 $^{1}/_{16}$. Көлөмү 9,5 басма табак. Буюртма№____. Нускасы 500

Ош облустук басмаканасы. Ош шаары, Курманжан Датка көчөсү-209

Окурман!

Райондун сыймыгын ашырган инсандар огоеле көп болгондуктан, "Тарыхтын жазыла элек барактары" китебине кирген жердештерибиз менен кийин такталгандарды кошуп, "Кара-Суунун жүз атуулу" аттуу китепти Сиздин назарыңызга салып жатабыз.